**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

*Кол жазма укугунда*

УДК 82:894.341(043.3)

**ЗИКИРАЕВА ШААРКАН ИКРАМОВНА**

# Ч.АЙТМАТОВДУН «КАССАНДРА ТАМГАСЫ» РОМАНЫНДАГЫ НРАВАЛЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДИН КӨРКӨМ ЧАГЫЛЫШЫ

Адистиги 10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, академик А.А.Акматалиев

Бишкек – 2011

# М А З М У Н У

Киришүү......................................................................................................3

I БӨЛҮМ

Романдагы учурдун нравалык-философиялык маселелеринин көркөм чагылышы

1. Учурдагы социалдык проблемалардын романда көркөм изилдениши........................................................................................................1
4

2. Нравалык-философиялык маселелердин көтөрүлүшү..............................
..55

**II БӨЛҮМ**

Реалдуулуктун мифологемада чагылышы – көркөм сөз каражат катары

1. Чыгарманын өзөгүндөгү реалдуулук жана мифологема..............................68

2. Жазуучунун көркөм образ түзүү чеберчилиги
............................................81

**III БӨЛҮМ**

Адамзат, аалам, биосфера чөйрөсү жана космополитизм жөнүндө.............106

Корутунду.................................................................................................12
6

Адабияттардын тизмеси...........................................................................136

## КИРИШҮҮ

Адабият таануу илиминде «реализм дүйнөсү» деген түшүнүк бар. Бул терминдин мааниси терең. «Дүйнөнү» биз «ааламга» маанилеш деп билебиз. Ал эми «аалам» деген өзүнчө бир түбү жок чексиздик. Биз «реализм дүйнөсү» дегенде чексиздикти эмес, кеңдикти түшүнөбүз, анткени, ал турмуштун терең катмарына кирип, типтүү мүнөздөрдү, типтүү кырдаалдарды ачып берет. Реализм XIX кылымда батыш адабиятында да, Россияда да гүлдөп өнүккөн деңгээлге жетип, көркөм метод катары таанылган. Сөздүн тар маанисинде реализм чындык дегенди туюнтат, ал эми романтизм, тескерисинче чындыктан алыстоо – же өткөнгө кайрылуу, же келечекке көз чаптырып, кыялга батуу деген маанини билдирет. Биздин максат жалпы реализм теориясына ой жүгүртүү эмес, темага ылайык Ч. Айтматовдун ал жөнүндөгү көз карашына өзүбүздүн мамилебизди билдирип, анын реализминин өзгөчөлүгүн аныктоо. Америкалык окумуштуулардын пикирине караганда реализм дегенибиз адамдын жан дүйнөсүн изилдөө. Ч. Айтматов философиялык-нравалык проблемаларды чечүүдө, каармандардын жан дүйнөсүн ачууда, дүйнө адабиятындагы реализмдин омоктуу традицияларына көп таянган. Ал совет доорунда да, андан кийин да өзүнүн көркөм дөөлөттөрүн жаратып келген «катаал реалист». Ошондой эле адамды жана анын жан дүйнөсүн терең иликтөө жагынан чыгаан реалист-сүрөткер. Айтматовдун өзгөчөлүгү анын тынымсыз изденип, адам табиятынын улам бир жаңы жактарын ачып, кызыктуу образдарды жарата билгендигинде.

Ошол өңүттөн алып караганда, ар бир улуу жазуучу, акын жана драматург анын чыгармачылыгын иликтей турган илимди пайда кыла тургандыгы окумуштуулар тарабынан белгиленип жүрөт[1]. Ушул өңдүү эле Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын ар кандай идеялык-эстетикалык өңүттө (көркөмдүк, мазмундук, философиялык, жанрдык, педагогикалык,

---

[1] Садыков А. Кыргызстанда Айтматов таануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү. Кичи Кантполиграфиялык мекеме. – Б., 1992. –3-б.

чеберчилик, таасир берүүчүлүк жана алуучулук, тарыхый-адабий ж. б. ) жана ар башка планда иликтөөгө алган рецензиялардан тарта миңдеген сын макалалар (обзордук, портреттик, полемикалык, проблемалык), жүздөгөн монографиялар, биографиялык очерктер, диссертациялык эмгектер, эскерүүлөр, дил маектер акырындап олтуруп, «Айтматовтаануу» илиминин жаралып, калыптанып, өнүгүшүнө алып келди. Жазуучу жөнүндө бийик пафоско сугарылган патетикалуу мындай ой-пикирлер арбын. Бирок кеп төркүнү аларда деле эмес.

Маселе жазуучуну залкар деңгээлине жеткирген жагдайларды Айтматовтаануучулар жана башка сынчы-адабиятчылар кандай ачып беришкендигин талдоодо турат.

Негизинен, Айтматовдун чыгармачылыгы татаал кубулуш. Анын калеминен жаралган көркөм дөөлөттөр өзүнүн проблематикалуулугу, актуалдуулугу жана новаторлугу менен айырмаланат. Мунун бири – жазуучунун «Кассандра тамгасы» романы. Бул изилдөөдө жазуучунун аталган романындагы жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөргө кыскача токтолуп, жаңычылдыгы, мазмундун семантикасы, философиялык туюнтмалардын маңызы иликтөөгө алынат. Роман жазуучунун мурдагы чыгармаларынан кандай өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат? Жазуучу алдына кандай максат койгон жана ал максатты биз кандай деңгээлде ишке ашыра алдык? – деген суроолорго жооп берүү изилдөөнүн негизги милдетине кирди.

Улуу жазуучу бул романында турмуш чындыгынын кыргыз адабиятында козголо элек жаңы чыйырын ачты, ошого жараша коом менен жеке адамдын ажырай алгыс биримдиги жөнүндөгү философиялык проблеманы, турмуштук кырдаалды терең сүрөттөө менен биринчи жолу адабий аренага курч алып чыкты.

Адамзаттык проблемаларды көтөрүү «Кассандра тамгасы» романынын негизги мүдөөсү. Бул иш адабият, философия, эстетика илимдеринде сөзсүз түрдө талдоону жана баа берүүнү талап кылат.

Анткени, азыркы адамзаттын алдындагы социалдык катаклизмдер, акыл-эстин аша чабуусунан пайда болуучу катастрофалар, дүйнөлүк цивилизация жок болуп кетүү коркунучу турган мына ушундай кырдаалда, бул туңгуюктан чыгуунун кандай жол-жобосу бар дегенсийт[1].

Адилет белгиленгендей, Ч. Айтматов адам баласынын өзүн-өзү таанып билүү процесстеринин эң татаал баскычтарына, коомдун жана ойлоонун өнүгүшүнүн ички сырына, маңызына, закондоруна, генетикадагы теориялардын адамзаттын жашоосу үчүн ролуна жана биохимиялык мутагендик методдордун жеке адамдын психологиялык өнүгүш процессинин зор таасирине, менделизм менен дарвинизмдин концепцияларына, адам баласынын эмбриондук өнүгүшүнө бекер кызыкпагандыгын көрөбүз»[2], – дейт айтматовтаануучу А. Акматалиев.

Бирок, Ч. Айтматов кандай гана көркөм дөөлөт жаратпасын андан дайыма күтүүсүздүктү, эч ким айта элек жаңычылдыкты жолуктурабыз. Бул феномен «Кассандра тамгасы» романында дагы бир жолу көрүндү. Романды жалпы дүйнөлүк адабияттын деңгээлинде кароо зарыл. Анткени, анын адабий туундулары – бул көркөм өнүгүштөгү реформация, бүтүндөй өзгөрүш»[3], – деп белгилеп кеткен кыргыздын белдүү айтматовчуларынын бири К. Асаналиев.

Ч. Айтматов өзүнүн чыгармачылыгы жөнүндө берген интервьюларында изденүүнү башкы критерий катары карап келгендигин байма-бай кезиктирип жүрөбүз. Маселен ал өткөн кылымдын 80-жылдарында эле роман жанрынын келечеги тууралуу ой чабыттатып келип:

«Роман бүгүнкү күнгө чейин бир кыйла жетилген, сыйымдуу адабий жанр бойдон калып келе жатат, бирок, анын алкагында, адам рухунда, коомдун, планетанын турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн

---

[1] Жоокаева.А. «Кассандра тамгасы» чакырган каршы-терши ойлор//Аалам. – Б., 1998. –16–22-декабрь, №48. –5-б.

[2] Айтматов Ч. «Кассандра тамгасы». – Б., 1996. –232-бет.

[3] Асаналиев К. Ч.Айтматов: «Шекер айылы жана аалам». Чыгармалар жыйнагы. – Ф., 1989. –6-бет.

глобалдуулугун сыйдырууга болбой калды, балким, буга чейин болуп көрө элек, бардыгын өз кучагына камтый алчу адабий форма пайда болоор»[1] – деген пикирин айткан эле.

Көрүнүп тургандай, мындан биз жаңы көркөм дөөлөт жаратууда мурдагысын тануу, жаңыча изденүү, жаңыча форма, жанр издөө зарылдыгы тургандыгын көрөбүз. Бул изденүү, албетте, жазуучунун өздүк кредосуна, талантына жана адабий бай тажрыйбасына байланыштуу. Мурдагы чыгармаларынан кескин айырмаланган «Кассандра тамгасы» романында көрүндү десек да болот.

Мындай кадамга орус адабиятчысы Б. Евсеев да таң калганын жашырбайт: «Никогда еще действие произведений Айтматова не происходило целиком почти на Западе. Никогда еще не отрывался так резко от своей почвы каменный, степной и долинный человек Айтматов»[2].

Ч. Айтматов өзү да бул тезисти кандайдыр бир деңгээлде тактап, «Менин жазуучу катары калыптанышым кыргыз, казак жана орус адабиятынын таасири астында болуп өттү», – деп айтканы бар[3].

Ырасында да, мындай кескин бурулуш көптөрдү таң калтырды. Бирок, биздин элде: «Казанчынын өз эрки, кайдан кулак чыгарса» деген макалы бар. Ал эми Аалам бүт адамзатка тиешелүү болгондуктан, дүйнөнүн кайсы булуң-бурчу болбосун, болуп жаткан жаман окуядан адамзат жабыркайт. Ошондуктан чыгарманы батыш элдерине гана арналган дегендей көз карашка кошулууга болбойт. Бул сапар Айтматов адам баласынын жан дүйнөсүн, космостой бийиктиктен изилдөөгө батынганы – анын жазуучулук батылдыгынын, жаңычылдыгынын гана далили.

Ч. Айтматовду изилдөөчүлөрдүн көрүнүктүүлөрүнүн бири Г. Д. Гачев: «Айтматовдун калеминен жаралган көркөм дөөлөттөр өзүнүн проблематикалуулугу, актуалдуулугу жана новаторлуулугу менен

---

[1] Айтматов.Ч. «Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт». – Ф., 1986. –120-бет
[2] Евсеев Б.Мёртвая сова на мавзолее.//Знамя. 1994. – декабрь.
[3]Айтматов Ч. Ответственность перед будущим// Советская Киргизия. 1967, –13-октябрь

жыйырманчы кылымда эле айырмалана баштады»[1]– деп, жазуучу жаңы чыгарма жаратарына ишеним билдирген . Ошентип, мезгил жеттиби, айтор, азыркы адамзаттын алдындагы социалдык катаклизмдер, акыл-эстин аша чабуусунан пайда болчу катастрофалар, дүйнөлүк цивилизацияны өз колубуз менен жок кылуу коркунучу турган мына ушундай учурда эксизтенциялык кырдаалдан чыгуунун жол жобосун калк калчоосуна таштаган чыгарма пайда болду.

Роман окурмандык кызыкчылык үчүн гана окулуп коюлчу чыгарма эмес. Бул чыгарма Айтматовдун мурдагы көркөм дөөлөттөрүнөн айырмаланып, жазуу манерасы башка ойлордун көркөм синтези романда публицистикалык-философиялык ыргакта жазылып, каармандардын ар бирине кеңири психологиялык анализ берилип олтурат[2]. Гуманисттик философиясын көркөм туюнтууда жазуучу миф-легендаларды чыгармаларында зергерлик менен ширетип, ага жаңыча мазмун, жаңыча түс берсе, «кассандрасында» болсо, фантастиканы колдонуп, өзүнүн эксперименталдык идеясын ишке ашырат. Албетте, бул жерде, Айтматовдун көркөм ааламында фантастикага орун берилгени менен ал мифтик негизде жаралгандыгын таанууга болбойт[3]. Муну романдын эпиграфы катары кабыл алынган байыркы грек мифологиясынан кассандра жөнүндөгү кыскача саптар далилдеп турат.

Айтматовдун чыгармаларына дайыма байкоо жүргүзүп келген мейли жөнөкөй окурман, мейли сынчы-окумуштуу болсун, анын мурда басма сөз беттеринде берип жүргөн маектериндеги: «Бергенден бере элегим, айткандан айта элегим көп» деген убада сөзү төгүн жерден айтылбагандыгына ушул романды окуп чыккандан кийин ишенет. Роман окууга оор, стили интеллектуалдуу, илимий терминдердин жыш колдонушу менен айырмаланат.

---

[1] Гачев Г. Д. Ч.Айтматов и мировая литература. – Ф., 1982, –284-бет.

[2] Кацев А.С.Возвращение Ч.Айтматова: Беглые заметки о новом романе писателя//Слова Кыргызстана. – 1994, – 1-ноябрь.

[3] Мукасова А. Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романындагы реалисттик идеялардын фантастика аркылуу чагылдырылышы //Ч Айтматов жана кыргыз руху. – Б., 2004, – 68–75-беттер.

Симметрия жана гармония романдын семантикасын ачууда кызмат кылат. Ч. Айтматов стеоротиптүүлүктү чануу жөнүндө өзү да, сынчылар лирикалык же лирикалык-философиялык же болбосо поэтикалык деп эсептеген прозаны жазып жүргөн «мен акырындап прозадан накта кызыгым тарап баратканы таң калыштуу. Көркөм китептерден мен азыр философиялык адабиятка же илимий документ катары накта иштиктүү прозага ыклас коём»[1] – деп айтканы бар.

Иштиктүү проза анын «Кылым карытаар бир күн» романындагы паритет – космонавттар жөнүндөгү фантастикалуу бөлүмүндө биринчи жолу колдонулат. Мында жазуучу газеталык – публицистикалык ыкманы экспериментинен өткөргөн эле.

Ал эми «Кассандра тамгасынын» публицистикалык –аналитикалык жанрда жазылышын коомдук-саясий жана философиянын, эстетиканын социологиянын, психологиянын учурдагы жетишкендиктерине байланыштуу кароо кажет**.**

**Изилдөөнүн предмети** болуп, Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романы эсептелет. Анткени, бул чыгармада адамдын адамдыгын ачуу, татаал дүйнөнүн образын түзүү проблемасы көтөрүлөт. Ошентип, публицистика менен философиянын синтезинде Айтматовдук курч дүйнө таануу калыптанат. Романдын социалдык маселелерди чагылдыруудагы аналитикалуулугу психологиялык, философиялык көркөм талдоонун терең, чебер өнүктүрүлгөнүнө байланыштуу. «Психологиялык анализ жазуучунун чыгармачылыгынын эң күчтүү жагы, – деп адилет белгилейт академик Акматалиев – Айтматов адабиятта көркөм психологиялык анализдин көп тармактактуу жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачты. Инсандын психологиясы – бул деген Айматовдун накта көркөм ачылышы[2].

---

[1] Айтматов Ч. Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт. – Ф., 1986, –49-бет
[2] Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагынын 8-тому. – Б., Бийиктик, 2008, –548-бет.

Ойчул жазуучунун адамзаттын эртеңки келечеги үчүн жүрөк өйүгөн гуманисттик жаркын идеялары, «Кассандра тамгасы» деп табышмактуу да, татаал да, мурдагы чыгармаларынан түп тамырынан айырмаланган, жаңыча сюжеттик курулушта жазылган романындагы нравалык маселелер менен глобалдуу проблемалардын изилденишинин өзү да иликтөөнүн актуалдуулугун далилдеп турат. Жазуучунун фантастикалык сюжетке кайрылышы, миф, реалдуу турмуш үчөөнүн чебер синтезделиши сыяктуу түйүндүү маселелердин чечилиши, мифтин аткарган кызматы, кыргыз турмушунан таптакыр алыс окуянын, турмуштук сюжеттин көңүлдүн борборуна алынышы, бирок идеялык негиз улуттук кыртыштан алыстабагандыгы жана башка проблемалардын илимий аңдоого алуу аракетинин өзү жетишерлик **актуалдуу п**роблемалардан. Жана ошондой эле роман окурмандарды кайдыгер калтырбай, жандуу реакция туудуруп, оң-тетири пикирлерди пайда кылышынын өзү дагы көтөрүлгөн теманын бүгүнкү күн үчүн өтө **актуалдуу** экендигинен кабар берет[1].

**Изилдөөнүн принциби** катары чыгарманын идеялык түзүлүшүнө жараша салыштырма-аналитикалык ыкма колдонулду. Анализдөө учурунда чыгарманын сюжеттик мазмунун адабий иликтөө алкагынан чыгып, адамзат жашоосунда бири-бирине чырмалышкан психологиялык, философиялык жана алардан пайда болгон социалдык сферадагы проблемалардын ажырагыс биримдигинде кароого аргасыз болдук.

**Иштин негизги объектиси** катары Ч. Айтматовдун 1996-жылы «Кыргызстан» басмасынан жарыкка чыккан «Кассандра тамгасы» романынын кыргызча котормосу алынды. Ошондой эле диссертацияда изилдөөнүн методу катары чыгарма жөнүндө биз карап жаткан маселелер боюнча теориялык-сындык эмгектер жана жазуучунун башка чыгармалары менен аргументтүү салыштыруу, нравалык философия, философиялык энциклопедия, дүйнөнүн энциклопедиясы, географиялык энциклопедиялар колдонулду. Эмгекти жазууда орус, чет тилдеринде жарыкка чыккан

---

[1] Мирошенко Е.А. Мифотворчество позднего Ч.Айтматова // Вестник Евразийского университета. – 1997, №7, С. 57

адабият таануу, философия жана психология илиминдеги илимий-теориялык китептерге, кыргыз адабият таануу жана социология, психология илимдериндеги илимий-теориялык эмгектерге, социология боюнча жарыяланган маалыматтарга, адабият илиминдеги айтматовдун чыгармачылыгына карата айтылган илимий-теориялык пикирлерге, анын ичинен кыргыздын белгилүү айтматовтаануучуларынын олуттуу эмгектерине таяндык. Ушулар менен бирге эле, сөзсүз түрдө, улуу сүрөткер жана ойчул Ч. Айтматовдун берген интервьюларындагы даанышман пикирлер бизге негизги багыттоочу кызмат өтөдү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин,** биринчиден, иштиктүү прозанын жанрдык составын аныктоодо анын практикалык жана теориялык принциптерин иштеп чыккан эл аралык, орус, түрк тилдүү элдердин тажрыйбалары жана кыргыз адабиятчыларынын эмгектери түздү. Атап айтканда,Ф.Достоевский, Г.Гачев, Ч.Жолдошова, А.Акматалиев, Л.Үкүбаева,К.Асаналиев,А.Садыков,А.Кацев,Ж.Бакашова,Р.Рахманалиев-дин эмгектери илимий таяныч катары кызмат аткарып, диссертант тарабынан пайдаланылды. Экинчиден, мифтин табиятын таанууда дүйнөлүк философ, психолог, этимолог, этнограф, лингвист жана фольклористтердин негизги жоболору баалуу кызмат өтөдү.

**Изилдөөнүн максаты – «**Кассандра тамгасы» романынын жанрдык табияты, стилдик кубулушу, сюжет куруу проблемасы, миф менен мифологеманын биримдиги жана айырмасы сыяктуу маселелерди талдап чыгуу. Бул **максатты** жүзөгө ашыруу үчүн алдыга төмөнкүдөй **милдеттерди** койдук.

- Бизге чейин адабиятчылар чыгарган илимий жыйынтыктарга таянып, романдын идеясын, автордун ой –максатын тереңдетип аныктоо менен илимий-теориялык кортундулар чыгаруу;
- Романда көтөрүлгөн глобалдуу проблемалар менен нравалуулук маселелеринин чечилишине негиз болгон шарттарды көрсөтүү;

- Жазуучу көтөргөн проблемаларды илимий фактылар, маалыматтар аркылуу тактоо, аныктоо;
- Адамзат жана аалам маселеси түбөлүктүү тема экендигин, бүгүнкү жашоонун, адам тагдырынын оош-кыйыш көрүнүштөрүн миф, реалдуулук, фантазиянын негизинде анализ жүргүзүү менен ачып берүү.

**Иштин илимий практикалык мааниси**. Эмгекте азыркы адабият, философия, экология, эсхатология проблемаларына жаңыча теориялык-аналитикалык ой жүгүртүүгө аракеттендик. Ошондой эле эмгегибиз адабияттагы жана философиядагы проблемаларды тереңдетип изилдөөгө алышы жагынан баалуу болуу менен анын илимий корутундуларын, конкреттүү жыйынтыктарын, адабият таануу, философия, психология, социология, антропология илимдеринде, жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринде, мектептер үчүн окуу китептерин түзүүдө колдонууга боло тургандыгын белгилөөгө болот. «Айтматовтаануу» илими үчүн бул изилдөөнүн кортундулары жазуучунун чыгармачылыгына кызыккан адистердин көңүлүн буруп, белгилүү кызыкчылыкты пайда кылат деген ойдобуз.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:**

Изилдөөнүн татаалдыгы мына ушул иштин кыргыз улуттук адабият таануусунда алгач ирет аткарылып жатышына байланышат. Анткени, адабият илиминде Айтматов тууралуу өтө көп кеп козголуп келсе да, анын «Кассандра тамгасы» романы боюнча жалпылаштыруу иштери жүргүзүлүп, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жөнүндө олуттуу ойлор айтыла элек. Эмгекте «Кассандра тамгасы» романынын жанрдык өзгөчөлүгү, автордун жекече стили, композициялык-сюжеттик курулушу тууралуу кыскача гана токтолуп, өзүбүз тандаган философиялык- нравалык, глобалдуу проблемалардын көтөрүлүшү, алардын функциялары, образдардын эволюциясы, алардын пайда болушуна негиз болгон турмуштук көйгөйлөр жөнүндө жаңы теориялык нукта, жаңы көз

карашта талдоо аракеттери болду. Окуялардын көркөм чечилишине өбөлгө түзгөн мифтин, тагыраак айтканда эсхатологиялык мифтин колдонулушун жана анын жазуучунун автордук концепциясын ачууда ыктуу колдонулгандыгын иликтеп чыгуу алгачкы жолу каралды. Ошондой эле биосфера, космополитизм жана фантастикалык сюжеттердин функциялары да илимий – теориялык жактан жаңыча изилденди деген ишенимдебиз.

**Коргоого коюлган негизги жоболор:**

- Адеп-ахлак маселесин көркөм чагылдыруудагы алгачкы аракеттердин объективдүү жана субъективдүү шарттарын тактоо;

- Образдар системасын баяндоодогу көркөм сөз каражаттары;

- Адамзат, аалам, коом маселелерин реалисттик сүрөттөөнүн этаптары жана алардын салыштырылышы.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иште каралган маселелерди, коюлган максат-милдеттерди чечмелөөдөгү эмгектерди системалаштыруу иштери жана иликтөө иштерин бүгүнкү күндүн көз карашы менен кароо изилдөөчүнүн жеке салымы болду.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы**: Диссертация автордун 2000-жылдан бери жүргүзүп келген изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы. Бишкек жана башка шаарларда өткөрүлгөн илимий конференцияларда темага байланыштуу бир канча илимий баяндамалар жасалды. Диссертация К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасында жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Проблемалык Кеңешинде жана Окумуштуулар Кеңешинде талкуудан өткөрүлүп, оң баасын алган.

Иштин мазмунун чагылдырган 11 макала жарык көргөн.

Иликтөөнү жүргүзүүдө романдарды талдоого комплекстүү мамиле кылуу, көркөм табылгаларды салыштыруу, типтештирүү, ыкмалары колдонулду.

**Иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүм (биринчи бөлүм 2 параграфтан, экинчи бөлүм 2 параграфтан, үчүнчү бөлүм 1 параграфтан) корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Коюлган маселелер бул изилдөөдө чыпчыргасы коробой толук иликтенип, биротоло чекит коюлду деген ойдон алыспыз. Анткени азыркы күндө «Кассандра тамгасы» романынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү ар тараптуу ачылып, окурмандарга түшүндүрүлө жана терең изилдене элек. Ошондуктан жазуучунун аталган романы жөнүндө сөз дагы да болсо бүтпөйт жана алдыда көптөгөн кызыктуу илимий иштер жаралары бышык.

# I БӨЛҮМ

## Романдагы учурдун нравалык-философиялык маселелеринин көркөм чагылышы

### 1.1. Учурдагы социалдык проблемалардын романда көркөм изилдениши

Романист – алгачкы жолу (З. Ш. ), жер менен космостун байланышын кеңири жана ишенимдүү түрдө чагылдырып, көркөм ойлоонун бийик деңгээлине жетише алды. Ырас, космосту сүрөттөө жазуучунун «Кылым карытар бир күн» романында деле ишке ашырылган. Бирок, бул кийинки чыгармасына салыштырмалуу эпкин гана болчу. Бул жолу Айтматов окумуштуу Филофейдин көзү менен бүтүндөй жер жүзүнүн бардык булуң-бурчтарына назар таштап, өз ааламын, өз космосун түзө алды. Демек, бул-мындай алып караганда жердеги жашоого, анын ээсибиз деп жүрүшкөн адамдарга да аалам алкагында көз жүгүртүп, бүткүл адамзаттын  чечиле элек маселелерине, глобалдык проблемаларына көңүл буруунун өзү дегендик эле; дүйнөнү жаңыртууга, жаңылануга да саресеп салып, келечек ээлерине дүйнө жаңырыгын, дүйнө коркунучун кабарлоо максатында алдыдагы проблемаларды чечүүгө, планетаны көздүн карегиндей сактоого чакырык эле.

Окуя романда мындайча баяндалат. Бул сапар да иш,айтылган сөздөн, сөздүн өзүнөн башталды деп инжилдик мотивди колдонуудан баштайт. Сөз эмне жөнүндө болмок, Филофейдин Рим папасына космостон кайрылган каты Трибюн газетасынын кызматкерлерин дүрбөлөңгө түшүрөт. Ал кайрылуунун кыскача мааниси төмөнкүдөй эле. Тагдыр экен мага окшогон бир жупуну пендени жаралып келаткан жандын-адам эмбрионунун рефлекциясынын мурда белгисиз сапатын таанып-билсин деп буюруп коюптур. Анын ачылышы жана бар экендигин туюнуу бизди Кудайдын кудуретинин жабык сырларына

мүмкүн катары жакындатат. Менин жолум болуп буга чейин билинбей келген бул рефлекцияны эксперимент жолу менен таап чыктым жана муну мен адам баласынын эволюциясын өркүндөтүүдөгү жаңы мүмкүнчүлүк катары карайм. Адам түйүлдүгү курсакта өнүгө баштаган алгачкы жумаларда келечектеги жашоодо аны эмне күтүп турганын сокур сезим менен билүүгө жана келечектеги тагдырына өзүнүн мамилесин билдирүүгө жөндөмдүү деп мен ишенимдүү айта алам. Эгерде бул мамиле жаман болсо анда келечекте жарык дүйнөгө келүүгө эмбриондордун каршылыгы пайда болот. Бул белги боюна бүткөн эненин маңдайындагы кичинекей сепкил тактан билинет[1].

Мына ушул үрөй учурган Филофейдин теориясын жарыялаган Трибюн газетасы дүйнөнүн төрт бурчуна сенсация катары тарап окулуп талаш-тартыштарды жаратып жаткан мезгилде мындай шумдуктуу ачылыш жөнүндө илимпоз-футуролог Роберт Борк самолётто учуп баратып телефон аркылуу кабардар болот.

Романды талдоодо сюжеттик жана композициялык төмөнкүдөй линияларды белгилөөгө болот. Чыгармада композициялык жактан адабияттагы салттуу жана шарттуу ыкмалар колдонулган. Роман башталыштан, өнүгүүдөн, Филофейдин каты жарыялангандан кийинки окуялар, Роберт Борк менен Оливер Ордоктун диалогу, кульминациядагы окуялардын чечилиши, Филофей менен болгон түз эфир, Филофейдин өлүмү, ошондой эле эпилог катары Филофейдин Энтони Юнгерге таштаган жан сыры берилет. Бул бөлүк романдын тулку боюна анын сюжеттик маңызына, өзөгүнө куп келишкен бир бүтүн чыгармадай же новелладай туюлат. Бул бөлүмдө романдын негизги бөлүгүндөгүдөй терминдер жыш колдонулбай, каармандын турмушу, инсандын трагедиясы, кайгысы, сүйүүсү айтматовдук көркөмдүктө жазылган. Ошондуктан бул бөлүмдү романдан өзүнчө бөлүп карай албайбыз, себеби ал романдагы сюжеттик линияны ар тараптан толуктап,

---

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан, 1996. – 16-б.

өнүктүрүп турат.

Романда автордук баяндоо негизги композициялык каражат катары колдонулат. Ошондой эле кат формасы, диалог-монологдор берилет. Жазуучу диалогдун жардамы менен кадимкидей элес, картина түзүүсү, чыгармадагы башкы ой-идеяны так жана кыйытма сөздөр менен ачып берүүсү, образдуу сөздөрдүн молдугу,сюжеттүүлүгү, козголгон идеядан жыйынтык чыгарылышы, мифти ыктуу пайдалашышы таасирдүү берилген. Салыштыруу, агартуулук символика да кездешет. Чыгармадагы ачарчылык, жакырчылык, аракечтик, таш боордук, теңсиздик, аба ырайынын катаал шарттары, сел, жер көчкү, жер титирөө, кургакчылык, суу каптоо жана ушул өңдүү проблемалардын келип чыгышы «Адам» деген улуу заттын кетирген кемчиликтеринен, жүргүзгөн иштеринин кесепетинен пайда болуп олтурат. Ошондуктан бул чыгарманы проблемалардын уюгу десек да жаңылышпайбыз. Диссертация жалпысынан адам, адамзат, коом жана анын жасаган иштери, ойлору жөнүндө маалымат берет. Романдын жанры, жазылышындагы али бизге толук тааныш эмес стил окурмандар арасында да, өзгөчө Айтматовду изилдеген сынчы-окумуштуулар арасында ар түркүн пикирлердин жаралышына алып келди. Ошондой эле чыгармадагы көтөрүлгөн проблемалардын глобалдуулугун эске албай туруп, ар бир элдин жеке тагдырына тийиштик кылган жазуучу катары санагандар да болду. Мунун бири орус сынчысы Владимир Бондаренконун «Чингиз, не помняющий родства» деген макаласы[1]. Ал: «чыгармада эч кандай «психологизм жок, орустарга каршы идеяга сугарылган, Нобелдик сыйлыкты алуу үчүн жан талаша өзү жашаган коомду жамандаган, ичкен кудугуна түкүргөн, а түгүл «сүйлөө кереметинен ажыраган маңкурт» деген дооматтар эле. Анын Айтматовго асылуусуна «Кассандра тамгасы» жөн гана шылтоо болгон сыяктуу. Болбосо, «Кылым карытар бир күн» романындагы маңкурт тууралуу

[1] Бондаренко В. Чингиз непомнящий родства // Наш современник. – М., 1995. – №4. – С. 138–146.

эпизодду казак жазуучусу Абиш Кекилбаевдин «Унутулган жылдардын балладалары» повестинен көчүргөн, түлкүнүн образын «Анатолий Кимдин аңгемесиндеги образдын көчүрмөсү, «Бороондуу бекеттин» ритмикалык түзүлүшүн дагы бир казак жазуучусу Оралхан Бокеевдин «Поезддер жандап өтүшөт» повестинен көчүргөн деген бир беткей сындарын айтпайт эле. Учурдан пайдаланып, шири тууралуу түшүнүктөрдү Абиш Кекилбаевдин повестинен гана билбегенибизди ага чейин эле мазмуну жагынан да, көлөмү жагынан да бүтүндөй дүйнөлүк мааниге ээ болгон, атактуу Гомердин «Иллиада» жана «Одиссеясынан» кем калышпаган сыймыктуу «Манас» эпосубузда, башына шири кийгизип деген саптар менен адам баласынын акылын жок кылуучу жексурлардын мындай «өнөрлөрү» биздин ата-бабаларыбыздан бери эле жек көрүүчүлүктү туудуруп келе жаткан түшүнүк экенин белгилеп кетүү. Ал эми Абиш Кекилбаевдин повестинде маңкурт деген сөз берилбегендигин биздин адабиятчыларыбыз далай жолу айтып чыгышкан, түлкү, поезддер тууралуу жалгыз эле А. Ким же О. Бокеев гана жазышы керек деген эреже барбы? Булар да мейли, Казактардан көчүргөнү аз келгенсип, Библияга, Михаил Булгаковго да кол сала баштады деген чоркок ойлору таң калтырды. Бондаренко сыяктуу сынчылардын тескери пикирлерине карабай Кыямат» окурмандар тарабынан да, сынчылар тарабынан да эң жогорку баага арзыган. Ошондо, Айтматов менен Булгаковдун инжилдик варианттарынын стилдик жана мазмундук айырмачылыктары тууралуу жазгандарын, Айтматов «Кыямат» романына инжилдик мотивди колдонуу менен динге таптакыр башкача көз караш менен кароого үндөгөн жакшы «көркөм табылганы» (З. Ш. ) киргизгендигин, Авдий окурмандардын сүйүктүү каарманына айланганын кантип танабыз. Албетте, чыгарманын салттуу жанрдан баш тарткан чыгарма экенине, жазылышы жагынан таптакыр башкачалыгына ошону менен эле бирге: «Айтматов-художник традиционный». Когда он работает в традиции киргизской, казахской,

русской – он создает вершинное. Когда же он отказывается от традиционности – его постигает крах» дегенине кошулабыз, бирок жазуучу катары таптакыр жокко чыгарууга кандай көралбастык сезим түрткү болду экен? Баарынан жаманы жазуучунун адамзаттын эртеңки келечеги үчүн жүрөк өйүгөн гуманисттик жаркын идеяларын расистик идеялар деп атагандык өтө эле аша чапкандык эмеспи? «Ак ийилет, бирок. . . » деген темада ага каяша жаздым. Эми чыгарманы кабыл алгысы келбеген кээ бир окурмандарга: «Истина ничуть не страдает от того, если кто-либо ее не признает» деген Шиллердин сөзү жүйөөлүү болоор. Анткени ар бир адамга жагуу, ар бир адамдын купулуна, көңүлүнө толуу оңой-олтоң иш эмес.

Негизинен чыгарма «антиорустук» эмес, «антиамерикалык» чыгарма. Анткени башкы оң каармандар Борк менен Филофейдин өлүмүнө да дал мына ошол америкалыктар себепкер болуп олтурбайбы? Анан да Бондаренконун Филофей почему-то направляет на имя «Ею святейшества Папы Римского» и эксклюзивно через американскую газету «Трибюн» – деп, чабал окуучудай түкшүмөлдөшү кызык. Америкалык цивилизация дүйнөдөгү цивилизациянын ичинен эң өнүккөнү жана коркунучтуусу экенин, Америка азыркы цивилизациянын жеткен бийик чокусу катары символикалуу түрдө алынгандыгын кантип танабыз? Ал эми Рим папасынын бүткүл дүйнө жүзүндөгү адамзат алдындагы азыркы жана кийинки аброю жөнүндө айтпаса да түшүнүктүү. Бул адамдын аброюн ал киши оо дүйнөгө ат салганда өз көзүбүз менен көрбөдүкпү? Чындыгында да, роман философиялык категорияларды камтыган чыгарма жана анын мазмунуна негизинен публицистикалык жана аналитикалуулук мүнөздүү. Ал бүгүнкү цивилизация менен акыл эстин чээнден чыгуусунун келечекке тийгизүүчү тескери кесепети, анын негизинде болуучу дүйнөлүк апокалипсис-эсхатология жөнүндө эскерткен роман – метафора.

«Турмуш чындыгы ушунчалык коркунучтуу болушу мүмкүн, аны бир гана мифтик жана фантастикалык образдардын жардамы

аркылуу чагылдырууга болот[1], деп Лосев белгилегендей, жазуучу да маселени чечүүдө дал ушул жолду тандап алган.

Адамзатты өзүн-өзү жок кылуудан сактоо проблемасы жөнүндөгү жазуучуну тынчсыздандырган ойлор дал ушул «Кассандра тамгасы» романынын өзөгүн түзгөн. Айтматов: «Миң сан жылдык тарых менен эволюцияны, биздин өткөндөрүбүздү, азыркыбызды жана алыскы болочогубузду өзүнө камтып, жакырчылык болмуштун бир укмуш уюткусундай болгон адамдын акыл-эси өз колу менен көргө түрткөн ушундай жан кечти максат үчүн кызмат кылууга жаралган беле?»[2] деп глобалдуу масштабдагы маселени жөн жеринен козгобойт.

Азыркы мезгилде дүйнө элдери татаал саясий-экономикалык, экологиялык кырдаалда жашап турарын, пайда табуу үчүн, адамдардын жаратылышка бир беткей мамиле жасап, аны жабыркатып жатканын айтат. Айтматовдун каарманы космостон жердеги баш аламандыкты толугу менен көрдү: Адамдардын негизги максаты акча табуу, пайда табуу болуп калганын айтуу менен бирге, пейилдин бузулгандыгын белгилейт[3]. Прогресстин болуп көрбөгөндөй тез өсүшү автордун жан дүйнөсүн кыйнап келет. Ошондуктан жазуучунун жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген сюжеттен сюжетти, китептен китепти жаратып жүргөн «Канткенде адам уулу адам болот?» – деген жүйөлүү суроонун өзү мурдагы чыгармаларынан көркөм-эстетикалык деңгээли, жанры боюнча бийик болгон мына ушул романында аны улантуу менен бирге дагы бир актуалдуу жана глобалдуу проблеманы: «Канткенде адам баласын алдыдагы кыяматтан, алааматтан сактап калуу керек?» деген маселени козгогондугу менен көңүлдү бурат.

Автордун айтайын деген ою чыгармадагы Филофейдин Рим папасына жиберген катында өтө таасын билинип турат. «Анан ушул азыркы биздин постиндустриялык (илимий-техникалык прогресстин өсүп өнүгүшү) коомдо ушундай абалды кантип жашырып коюуга болот? Жок, болбойт, мындай

---

[1] Лосев А. Ф. // Литературная газета – №45 – 1998 – 2-декабрь.
[2] Айтматов Ч. Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт. – Ф., 1986, –115-б.
[3] Изакеев С. «Космос Айтматов үчүн таза рухтун мекени»Адабий гезит//5(79) январь–февраль, 2003.

жашырып коюу адамзатка каршы, өзүбүзгө каршы жасалган кылмыш болмокчу»[1], – дейт жазуучунун инсандык сезими. Анткени ал планетардык ой-сезимди туу туткан гуманист жазуучу. Ал мындай проблемаларга кайдигер карап, тынч жата алмак эмес.

Ошондуктан, бүгүнкү күндөгү эң коркунучтуу жана залакалуу деп эсептелген проблемалар катары төмөнкүлөрдү белгилейт:

- ооруу-сыркоолор, алардын ичинде ЖИКС (СПИД);
- согуштар;
- экономикалык кризистер;
- социалдык тирешүүлөр;
- кылмыштуулук;
- сойкулук;
- баңги заттарын сатуу жана баңгилик;
- расизм, уруу-уруу болуп согушуу;
- экологиялык, энергетикалык катастрофалар;
- ядролук сыноолор.

1980-жылдын аягында «Новый мир» журналына жарыяланган жазуучунун «Кылым карытаар бир күн» деген романы боюнча пикир анын талантынын башка кырынын ачылганын айгинелеген эле. Жазуучу өзүнүн мурдагы чыгармаларында элдик уламыштарды өтө чебер пайдаланып келген болсо, бул романда уламыштар менен бирге биринчи жолу көркөм шарттуулуктун фантастикалык формасына кайрылган. СССРдин жана Америка Кошмо Штаттарынын өкүлү болгон эки космонавт жердеги Борбордон уруксатсыз башка планетага өтүп кетишет. Анткени аларды Лесная Грудь (Токой- Төш) деген планетанын жашоочулары чакырып жатышкан. Ал планетада жердеги адамдарга окшоп, андагы жашоочулар мамлекет дегенди, курал-жарак, согуш дегенди билишпейт, каалаcа аба ырайын да өзгөртө алышат экен. Буга окшогон түшүнүктөрдүн ордуна Токой-Төштүктөр өсүп келе жаткан

[1] Айтматов Ч. «Кассандра тамгасы». – Б., 1996, –22-бет.

кийинки муундардын келечегине кам көрүп, илим-билимди биринчи орунга коюшат. Анда эмне үчүн алар сыяктуу акыл, аң-сезимдин өнүккөн чегине жеткен Жердегилер келечекке кам көрүү, тынчтыкты сактоо өңдүү маселелерге анчалык маани бербей жатышат? Романда жазуучу дал ушул суроого жооп кылып фантастикалуу-метафоралуу планетаны киргизген. Алар бизчилеп акыр замандын алдын алышпайт. Чыгармадагы фантастикалык сюжеттен эки планетанын жашоочуларын жакындаштыруу, ал үчүн Жердеги адамдардын нравалык сапаттарын дагы бийигирээк деңгээлге көтөрүү керектигин баса көрсөтүп өткөн эле. Романда жеке адамга сыйынуунун кесепети жана согуштан кийинки оор абал сүрөттөлгөн.

Ошентип, жазуучунун «Кылым карытаар бир күн» романындагы философиялык көз караш «Кассандра тамгасында»[1] жаңыча мааниге ээ болот, толукталат. Паритет космонавттардын алыстагы керемет цивилизацияны көрүп, Жер бетиндеги адамзат, адамзаттын тарыхы – бул согуштардын тарыхы деп өздөрүн ишендирүү менен трагедиялык жаңылыштыкка туш болду. А эгер бул узак жол башынан эле жаңылыш туңгуюк жол болсочу? Анда биз кайда, эмнеге баратабыз? Ушундай болгон күндө адамзат адашкандыгын мойнуна алууга жана тоталдык катаклизмден баш тартууга кудурети жетеби?[2]– деген өкүнүчтүү суроолоруна, кассандро-эмбриондордун: «Эгерде эрк өзүмдө болгондо, мен туулбай коюуну артык көрөр элем. Силердин суроолорго жооп кылып мен белги берем, силер андан мени, менин жакындарымды келечекте тагдырдын оор жазмышы, бөөдө кырсыктар күтүп турарын чечмелей ала турган болсоңор, анда билип алгыла, мен кассандро-эмбрион эч кимге артык жүк болбой туулбай туруп туна чөгүүнү артык көрөм. «Менин жашагым келбейт»[3] – деп жооп берүүсү чындыгында эле адамзаттын азыркы жашоосу туңгуюкка барып такалабы? – деген олуттуу

[1] Ошондо, 33–34-бб.
[2] Айтматов Ч. И дольше века длится день. – Ф., 1981, – С. 90.
[3] Айтматов Ч. «Кассандра тамгасы». Соңку сөз ордуна. – Б., Кыргызстан, 1996.

суроонун келип чыгышына себеп болот. Көрсө, жер каймактагандан бери уруу-уруу болуп бөлүнүп, ич ара жер, бийлик талашып, бири-бирине үстөмдүгүн көргөзүп, тагдырдын ар кандай соккусун жеген жазуучунун дээрлик ар бир чыгармасындагы каармандардын эпизоддору, биз карап жаткан романдагы социалдык маселелердин өзөгү экендигин кантип танабыз? Жер бетиндеги тынчтык жана согуш, сүйүү жана жек көрүү, адам жана мамлекет, анын туура эмес жазылган закондору, адилеттик жана калыссыздык, гумандуулук жана кара өзгөйлүк, кыскасы, ак менен каранын күрөшү өңдүү дайыма карама-каршы нукта өнүгүп келе жаткан бул эки күчтүн бирин-бири жеңе албай, ушу бүгүнкү күнгө чейин өз үрөөнүн себип келе жатканын кантип четке кагабыз? Анан уялбай чыгарма батыштын окурмандарына арналган деп ары түртүп коюу оңой экен го? Ичибизден былыгыбыз былтыйып чыгып турса да, мойнубузга алгыбыз келбейт. Так ушул жан дүйнөбүздүн кыйрашын, руханий байлыгыбыздын булганганын Айтматов чыгармасында кыйытып өттү эле, бул окуялардын бизге эч кандай тиешеси жок экен деп сопусунуп калдык. Көрсө, чыгармадагы каармандардын аттары кыргызча аталганы гана болбосо, ааламдагы болуп жаткан жогорку маселелердин баары улуттук кыртыштан алынган маселелер экен. Ал эми, жазуучуну тынчсыздандырган ойлор боюнча 1975-жылы түрк жазуучулары Сезера Дуру жана Орхан Дуру «Биздин дүйнө дайынсыз болуп кетеби?» деген китеп жазышып, алар азыркы замандагы чечилбеген маселелерди: жарыша куралданууну, инфляцияны, демографиялык жарылууну, ресурстардын азайышын, чектелбеген индустриялаштырууну, тамак аштын жетишпегендигин, айлана-чөйрөнүн булгоону жана жаратылыштагы тең салмактуулукту бузууну изилдеп чыгышкан.

Андан бери далай жылдардын жүзү өтсө да, жогоруда аталган маселелер азайгандын ордуна көбөйгөнү өкүндүрөт. Дүйнө жүзүндөгү эл массасы кыйналып, социалдык көйгөйлүү маселелер чечилбей жаткан

учурда кызмат адамдары бири-бири менен байлык жана бийлик үчүн күрөшүп жатышат. Жашоо өнүккөнү менен, келечекке ишенбөө менен кароо көбөйдү деп белгилейт[1] социологиялык изилдөөлөр. Миллиондогон адамдар ачкалыктан, жакырчылыктан азап тартып жаткан убакта мамлекеттер көп суммадагы акчаларды куралданууга жумшап жатышкандыктан көпчүлүк мамлекеттердин экономикалык абалы күндөн күнгө начарлап, өз келечектери жөнүндө тынчсызданып жатышкан адамдар «адамзат тарыхындагы» оор абалда жашап жатканыбызды түшүнүшүүдө. Алдыбызга кубанычтуу келечек, тынчтык жана бакыт болот деп келишкен бийлик ээлеринин эч кимиси жакшылык келээрин тыңгылыктуу түшүндүрүп, чыныгы себептерин айтып бере алышпайт. Бүгүн бийлик төбөлдөрү бош олтурган жок. Бүгүн алар Бухарестте дүйнөдөгү эл-журттун суроолору боюнча конференцияга чогулушса, эртең тамак-аштын жетишпегени жөнүндө Римде маектешет. Бир карасаң айлана-чөйрөнүн булганышы Стокгольмдо талкууланат.

Курултайлардын жана конференциялардын баары Бириккен Улуттар Уюму аркылуу өткөрүлөт. Демек, бул маселелер, аларга чынында эле олуттуу экен да. Анда эмне себептен алар бүгүнкү оор маселелерди чече албай жатышат? Себеби, бул курултайлар жана конференциялар көбүнчө бири бирине карама каршы келген илимий, саясий, социалдык жана экономикалык көз караштарды жарыялоонун форумуна айланып кетет. Алардын ишке ашырсак деген жакшынакай асыл ой максаттарын кандайдыр бир көрүнбөгөн «күч», көрүнбөгөн «маңкурт», көрүнбөгөн «иксрод», же көзгө көрүнбөгөн «кол» ишке ашуусуна бут тосуп, жолтоо болуп келет, аңгыча дүйнө акырындык менен начарлагандан начарлап бара жатат. Тамак аш жетишпейт дегенде аргасыздан көзүңө чоң-чоң дүкөндөрдөгү, базарлардагы жайнаган тамак-аштар көз алдыңа келе калат, түшүнбөйсүң жоопту кайдан издөө керектигин

[1] Канадалык «Торонто стар» газетасы. – 2001, - май.

билбейсиң. Сен кийим тигүүчүгө кездемеңди алып келип, кийим тигип беришин сураганыңды элестет. Бирок, тигилген кийим сага туура келбей калат. Тикмечи өзүнүн күнөөлүү эмес экенин, сен берген кездеменин сапаты жаман экенин айтат. Ошентип, эми сен тигүүчү жактырган кездемени сатып алып, ага кайрадан барасың. Тигилген кийим, дагы сага туура келбей калат. Маселе кездемеде эмес, кийим тигүүчүдө экенин түшүнгөнгө чейин, сен канча жолу ага кайрылып келе берээр элең? Адамзат так мына ушуга окшош абалда. Кылымдар бою адам башкаруунун көп түрлүү формаларын: падышачылыкты, султандарды, олигархияны, диктатураны, революцияны, демократияны башынан өткөзүп келди. Тикмечиге түрлүү кездемелер менен бара берген кардарга окшоп, адам ушул түрлүү жетекчиликтерди башынан өткөрдү. Алардын ичинен бири да өзүнүн элинин көпчүлүгүнө бакыт алып келген жок. Алиге чейин кээ бир жерлерде адилетсиздик кеңири таралып келет. Коммунизм деген жаңы түзүлүш алдыдагы кыйынчылыктарды жеңип, тынчтык алып келет деп ойлошкон. Биздин кылымда көптөгөн мамлекеттерде коммунизм теориясына негизделген өкмөттөр түзүлгөн, жыйынтыгы кандай болду? Биз коммунизм менен капитализмди салыштыргыбыз келген жок же болбосо бир түзүлүш, экинчисинен өйдө экенин айталы деген жокпуз, биз коммунизмдин капитализмге окшоп, адамзаттын чечүүнү талап кылган маселелерин чечкенге алы жетпей жатканына көңүл бурушубуз керек. Бийликтин жогорудагы биз санап кеткен түрлөрүнүн баары ийгиликке жетишпегендигинин чыныгы себеби эмнеде? Биздин кийим тигүүчү жана кездеме жөнүндөгү мисалда маселе кийим тигүүчүдө экени билинди. Ушул сыяктуу эле адам да ушунча түрлүү башкаруучуларды башынан өткөрдү, алардын баары ийгиликсиз болуп чыккандыктан, чечилбеген маселе адамдын өзүндө деген тыянак чыгара алабыз. Адамдар өздөрүн ийгиликке жеткендей кылып башкара алышпайт. Ошондон улам илгери бир акылман: «өзүнүн таманына багыт берүүсү басып бараткандын бийлигинде эмес» деген экен [1].

[1] Дуру С., Дуру О. Биздин дүйнө дайынсыз болуп кетеби? Турция, 1975, – 73-б.

Демек, фантастика-жазуучунун шарттуулук ыкмасында адамзаттын келечеги тууралуу божомолу, сөздүн каймана маанисинде айтсак, «эксперименталдык лабораториясы» болуптур, мында келечектин тагдыры көркөм изилденет эмеспи? Чыгармада фантастика темасы кеңири берилгени менен, анын маңызы кызыктуу илимий чыгарманы элестетет. Р.Арбитман Ч. Айтматовдун илимий фантастикага кайрылышын жаңылыш жана кечигип келген катары көргөн. Бирок ошол жылдары фантастиканы элестеткен бул чыгарма, азыр келечекти алдын-ала көрө билген, сезе билген чыгарма болуп калды.

Айтматовдун чыгармачылыгы тууралуу адабиятчы, сынчыларды кызыктырган дагы бир тема – бул анын роман, повесттериндеги диний идеялардын берилиши. Алдыда айтып өткөндөй Айтматовдун айрым чыгармаларында, атап айтсак «Ак кеме», «Кыямат» «Акбаранын көз жашында», кээ бир деталдарда болсо да диний идеялар кездешет. «Кылым карытар бир күн» романында диний эпизоддор ачыгыраак берилген. «Кассандра тамгасында» болсо негизги маселе катары атайын каралган. Жазуучу бул романдарында азыркы күндөлүк жашообузда кездешип жаткан терс көрүнүштөрдүн ыймандын жоктугунан улам болуп жатканын, адамдардын адеп-ахлак жана рухий баалуулуктарды жеригени үчүн дүйнөнүн жашоосу абдан кыйын абалга келгенин чагылдырат. Ал эми адабий өңүттөн жалпы сөз менен айтсак, Айтматов романдарында дин аркылуу, Авдий аркылуу, адамдардын жүрөгүнө, акыл-эсине жол тапкысы келген. Арийне, биз санаган чыгармалардын баары трагедия менен бүтсө да, бул суроонун жообу оң жана муну Айтматов өзү берүүдө. Ал – дин. Авдийдин ою боюнча чыныгы Теңирди унутушкандыктан, анын ордуна, эч кандай рухий байланышы болбогон «дүйнөлүк теңирлер» жаралгандыктан адамзат бул жамандыктарды жасашууда деген оюн айтат. Бул жерден жазуучунун өз оюн илгертпей түшүнсөк болот.

Деги, адам өзүн-өзү башкара албаса, анда аны ким башкара алат? Бир гана

Кудай. Кудай деп, Кудайга ишенүү адам баласын жакшы жашоого алып барып жүрбөсүн? – деген оюн айтат. Негизинен дин – адамды адам кылуучу каражат. Дин – маданият. Кишини жөнгө салып үйрөткөн башка баалуулуктар деле жок эмес, ага тең философия, адабият, сындоо, санат да бар. Башкача айтканда, ушунун баары адамды адам кылуу максаты менен жасалат. Бекеринен Лосев: «Привел мир к такому состоянию не только прогресс, как таковой, но и секуляризация (освобождение от религиозного, церковного влияния) культуры, науки и техники, которая, в свою очередь навлекла за собой утрату трансцендентных сил человеческого разума, божественного начала, внутренних потенций мыслящего существа. И вот эта душа, окончательно сломленная и опустошенная всем ходом жуткой истории XX века, теперь содрогнулась в мистическом ужасе, в трагическом ожидании конца света. А перед лицом такой апокалиптики, человек, тем более писатель и поэт, просто объязан и должен мыслить эсхатологически, только не в смысле фатальной неизбежности конца мира, а в смысле возможности такого конца, если сейчас, сегодня и именно он не попытается разрешить последние вопросы»[1] – деп романдагы маселелер менен өзүнүн сөзүнүн төп келишин, мезгилге ылайык өз убагында жазылгандыгын белгилеп кеткен эместир? Ошондуктан жазуучунун сезгич жүрөгү башкача туйлап, бирдемени сезип, кассандра-эмбриондорун жазып чыккандыр? Ааламды тазалоо үчүн дал ошол «эмбриондорду» билүү керек деп чечкендир? Турмушта болуп өткөн ар бир окуя жазуучунун жүрөгү аркылуу сызылып өтөт эмеспи? Акын А. Жакшылыков менен болгон дил маегинде жазуучу дин, кудай жөнүндө төмөнкүдөй ой бөлүшкөнү бар. «Күндөлүк турмушубуз менен өтүп кеткен турмушубузду чогуу бир көз караш менен караганда, сөзсүз улуу күч бар экени түшүнүктүү». Адам баласы дайыма жаратканга, «Кудай деп ишенет. Кудай болсо айтканымды кылат, актайт деп адамга ишенет. Бирок, биз ошол ишенечти актап жүрөбүзбү? Деле Кудайдын

[1] Лосев А. Ф.Античный космос и современная наука . – М., 1997. – С.26.

чыдамы түбөлүктүү экен[2]. Кудайга ишенген адам жаратканга милдеттүү болуп, ак жүрүп, ак ойлоп, ак сүйлөп жүрөт эмеспи? Кудайга ишенген адамдардын дили жана адеп-ахлагы таза, жашоосу дайыма маңыздуу. Мени таң калтырганы илим менен диндин коошпогону болду. Ал эми жашоодо кайсы адамга суроо салбагын, «Кудайга ишенем» деп жооп берет. Муну кандайча түшүнсөк болот? Эгерде адам баласы Кудайдын идеяларына ишенсе, Куранда жазылган сөздөрдү жадыбал билгендей билсе же Курандагы сөздөрдү жашоодогу жалпы эреже катары колдонсо, анда балким азыркыдай маселелер чечилет беле? Азыркы жашоодо диндин пайдалуу жагын айтууда Медина шаарын мисалга тартсак эч жаңылбайбыз. Анткени ал жерде адамдар уурулук, ташбоордук, ачкачылык, адам укугун тепсөө жана башка ушул сыяктуу проблемалардан алыс турушат. Бул шаардын өсүп-өнүгүшүнө жыл сайын, ар кайсы мамлекеттерден зыярат кылганы келген туристтердин салымы чоң. Экинчи жагынан өкмөт ошол түшкөн акчаны өз кызыкчылыгына жумшагандан корккондуктан, жалаң гана шаардын пайдасына кетиришет. Себеби, төбөдө баарын «кудай» билип турат деген ишеним күчтүү. Биздин Кыргызстанда деле келген чет элдик инвестициялар, гранттар өз максатында жумшалса, биздин эл да кризистен бат эле чыгып кетет беле? XVIII кылымдын көрүнүктүү материалист ойчулу Дидро: эгер билим азыркыдай тездик менен өсүп, өнүгүп олтурса, дагы жарым жыл өтпөй дин өзү эле жок болбостон, анын атын да унутуп калабыз[1] деген ишенимде болгон. Ал эми эстон окумуштуусу Г. И. Наан таң калганын жашыра албайт. Андан бери көп жылдардын жүзү өтсө да дин жөнүндө унутмак тургай, тескерисинче дин жашообузда терендеп баратат да, бул эмнеси? Тилекке каршы дин жашообузда кеңири кулач жайганы менен ал экономикалык кызыкчылыкты көздөгөнүн тана албайбыз. Атын чыгарып, эл алдында макталуу үчүнбү, атак-даңк алуу үчүнбү, акча жыйноо үчүнбү, айтор жер-жерлерде «мечит куруу» модага айланып, мечиттер козу карындай жайнап кетти. Андан көрө андайлар жетимдер үйүнө, багар-көрөрү

---

[2] А. Жакшылыков менен болгон дилмаек // КТР. – Обо. – №19. – 09.5.97.

[2]Encyclopedia of Religion and Ethics. – 1990. – S. 66.

жокторго жардам беришсе жакшы болоор эле. Бул көрүнүш адамдардын социалдык абалын жакшыртууга эч кандай пайда алып келген жок. Адамдарды жакшы жолго салуунун, жол жобосу азырынча белгисиз. Италиялык коомдук ишмер жана футуролог А. Печчеи да минтип тынчсызданат: «В мире никогда еще не царил такой беспорядок, и никогда прежде в мире не было столь большого количества различных опасностей. И все это потому, что никогда прежде не было такого смятения в человеческой душе»[1]. Кылмыштуулук, айбандар жасабаган жоруктар: адам өлтүрүү, мыкаачылык, терроризм жана ушул сыяктуу сай-сөөктү сыздаткан кылмыштар, прогресс менен жарыша өсүп кетти. Ал эми динге ишенгендер жер бетиндеги баш аламандык кудайдан алыстагандан (секуляризация) болуп жатат дешүүдө. Андай болсо, динди аркалап жүргөн хизбут-тахир дегендердин жоруктарын кандай түшүндүрүүгө болот? Кыскасы, Айтматов Кудайды, динди адамдарга, адамдарды Кудайга жакындатууга аракет кылат. Бул жазуучунун азыркы күндөрдөгү илимдин жетишкендигине, акылына, акчасына, бийлигине, чиренген адамдарды ыйман жолуна чакырган дагы бир аракети деп билебиз.

Романда колдонулган аллегориялык ыкма чыгарманын негиги идеясын түзгөн. Ал идея – коомду, коомдогу жат көрүнүштөрдөн сактоо менен, канткенде коом оңолуп, жашоо өз нугунда айланат – мына ушул ар бир адамды ойлондуруп келген маселелерди; оорулар,согуштар, ядролук сыноолор, жакырчылыктын өзөгү болгон экономикалык жана саясий кризистер, расалык бөлүнүп – жарылуу жана башка көйгөйлөрдү жазуучу көркөм чагылдырып берген. Төмөндө биз ар бир проблеманы өз алдынча талкуулап көрөлү.

Илимий техникалык революциянын бирден бир өзгөчөлүгү-токтобой дүркүрөп алга карай өсүп өнүгүүсүндө болуп эсептелет. Индустриялаштыруу да эбегейсиз чоң масштабды ээледи. Дүркүрөп,

---

[1] Печчеи А. Человеческие качества. – М., Прогресс, 1980, – С. 54.

алга карай өсүү менен тең катар глобалдуу деп, жазуучу баса көрсөткөн проблемаларды пайда кылды.

**Оорулар:** Азыркы медицина оорулардын жайылуусу жана профилактикасы тууралуу бизди көп нерселерге үйрөттү. Он тогузунчу кылымда медицинанын жетишкендиктеринин натыйжасында медицинада микробдорду азайтуу же аларды кырып-жоюу максатында антисептиканы колдоно баштоо көптөгөн оорулардын алдын алууга эбегейсиз чоң жардамын тийгизди жана көптөгөн оорулардын алдын алууга шарт түздү. Бирок, медицинанын укмуштуудай жетишкендиктерине карабай, Гарвард Университетинин басмаканасынын 1996-жылдагы билдирүүсүндө өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө ар бир он адамдын бештен азыраагы жугуштуу эмес оорулардан өлүп жатат, ал эми 2020-жылга чейин бул сан 7%га көтөрүлүшү күтүлүүдө. Абанын кескин түрдө булганышынын кесепетинен жылына 3 миллион адам өмүр менен кош айтышууда[1]. Ал эми ден соолук боюнча глобалдуу маселелердин катарына семирүү, кант диабети (сахарный диабет), рак, кан тамыр оорулары кошулуп жатканы да көңүлдү бурбай койбойт[2]. Андан тышкары, азыркы мезгилдеги толуп жаткан социалдык, экономикалык проблемалардын кесепетинен адам жабыркап, анын психикалык абалы да өзгөрүүдө. Себеби, адамдын психикалык жана эмоциялык абалы көп учурда анын ден соолугуна таасир тийгизет. Мисалы, илимий изилдөөлөр ачуулануу кайгыруу зыяндуу таасир тийгизерин көрсөткөн. Дьюк университетинин карамагындагы медициналык борбордо жүрүш-туруш реакциялары боюнча изилдөөлөрдүн жетекчиси доктор Редфорд Уильямз жана анын аялы Виржиния Уильямз өздөрүнүн «Ачуулануу өлтүрөт» аттуу китебинде колундагы маалыматтарга таянышып, ооругандардын көпчүлүгү чыр адамдар, ар кандай себептердин негизинде, маселен, достук пикир алмашуунун жетишсиздигинен, ачууланганда биологиялык реактивдүүлүктүн жогорулашынан  жана ден соолукка зыяндуу адаттарга

[1] Вестник всемирной организации здоровоохранения. 1978,  дек. – С. 26 .
[2] Британский медицинский журнал «Ланцет». –  1983. – Июль. – С. 21-25.

өтө берилгендиктен жүрөк кан тамыр системасынын оорларына, кант диабетине, семирүүгө жана башка ооруларга деле кабылуу коркунучуна дуушар болушарын аныкташкан. Адамдын өмүрүн сактоо, адамдын ден соолугун чыңдоо, айыкпас дарттар менен күрөшүү жана күтүлбөгөн өлүмдөрдөн сактоо да, азыркы жашообуздун негизги проблемаларынан болуп жатат. Өз убагында дарылануу, өз убагында эмдөөлөрдү жүргүзүү жана эмдөөлөрдү алуу, өз ден соолугу үчүн кам көрүү ар бир адамдын ыйык милдети. Ошого карабай, адамдар өз ден соолугуна кайдыгер караган фактылар да жок эмес. Ошол эле учурда медициналык кызматтардын эбегейсиз кымбаттыгынан кээ бирөөлөр акчасы жетпей өз убагында дарылана алышпай, өмүр менен коштошуп жатканы да жашыруун эмес. Адамдардын өмүрүн тал кыйгандай, кыркып жаткан оорунун бири СПИДдин көбөйүүсүнө медицинадагы кан куюу системасы да тескери таасирин тийгизип жатат[1]. Европа комиссиясынын жана Дүйнөлүк банктын баяндамасында СПИД эпидемиясы күчөп турган 23 өлкөнүн калкы 2001-жылга чейин 66 миллионго азаят деп айтышкан. ХХ кылымдын чумасы болгон СПИДден жылына, айына, күнүгө, миңдеген адамдар өмүр менен кош айтышат. Бириккен улуттар уюму СПИДке каршы эч кандай дары азырынча табыла элек деп билдирди. Бирок энеден түйүлдүккө жугузбоо жолун ойлоп табышты. Оорулуу эне көз жумат, баласы таза бойдон төрөлөт. Ошентип, илимий-техникалык революция биздин ар бирибизге, ар бир инсанга ар тараптуу таасирин тийгизүүдө. Жада калса, тиричилигибиздин жеңилин жерден, оорун колдон алган, жашообузду коздоп турган, телевизор, радио, компьютер жана ушул сыяктуу электр буюмдары, аралыктан башкаруу дегендер жылына беш миң тонна көмүр кычкыл газын бөлүп чыгарып, биздин ден соолугубузга эбегейсиз зыянын тийгизип жатат. Бир карасаң, булар адамдын жыргалына, анын интеллектисинин өсүшүнө жана байышына кызмат кылып жаткандай көрүнгөнү менен ошол эле учурда, алар коомдук

---

[1] Журнал сосудистой хирургии. 1979, – февраль, – С. 17

турмушта жана маданиятта биз күн сайын кездешип жаткан жогорудагыдай татаалдыктарды да пайда кылууда.

**Согуштар:** Ч. Айтматовдун көп чыгармаларынын (айрыкча согуш темасындагы чыгармаларынын) нагыз реалисттик мүнөздө таасын жазылышынын көрөңгөсү, жазуучунун өзү өспүрүм кезинде аралашып жүргөн дал ошол турмуш чындыгыны анын эсинде мөөрдөй басылып, сакталып калышына түздөн-түз байланыштуу экендиги маалым. Бала кезинде эле турмуштун оор сыноолорунан өтүп, согуш учурундагы катаал шартка жараша эрте жетилип, турмуштук тажырыйбага ээ болушканын жазуучу өзү да көп жолу айтып, Улуу Ата Мекендик согуштун каармандыгын да, трагедиясын да «Жамийла», «Саманчынын жолу», Бетме-бет», «Эрте келген турналар» повестеринде өтө таасирлүү чагылдырып берген. Чыгарманын чыныгы мазмуну согуштун катаал учурундагы адамдардын жан-дүйнөсүндө болгон мүмкүнчүлүктөрдү сыноо, ал сыноодон ким кандай өттү деген коомдук-саясий маселеге түздөн-түз байланыштуу экендигин автор кийинчерээк 1975-жылы жарыялаган «Манас атанын ак кар, көк музу» очеркинде айтып кеткен. «. . . Өткөн согуш, деп жазган Ч. Айтматов – ар бир адамдын көргөн күнү, ичкен суусу болду, ар кимдин пешенесине жазылган тагдыры болду, адамдын адам экенин билгизер чен, иманын, касиетин салмактаган тараза болду. Согуш менен адам бетме-бет кез келишти, согушту тиешеси жоктой четтеп өткөн жанды мен билбейм. Антем дегендер буйдамсыз калктын өзү менен карама каршылыкка учурады, анткени согуш бүт калайыктын тагдыры болуп турганда эч кимге жеңилдик жок эле». [1] Чыңгыз Айтматов сыяктуу эле согуш учурунда айылдагы өспүрүмдөрдүн бири болуп жүргөн жазуучу Сагындык Өмүрбаев: «Анда биз, – деп жазат өзүнүн «Бороондуу күндөр» деген романында, боюбузга чак келбес кийим кийип, оюбузга чак келбес ой ойлоп жүрчү эмес белек. . . О-оо, биздин бала чак туш болгон согуштун катаал күндөрү! Ал бизди кырчылдаган суугуна кайыктырып

[1] Айтматов Ч. Манас-атанын ак  кар  көк  музу// Сов.Кыргызстан, 1980, – 27-январь.

көрдү го? Согушка кеткен аталарга болгон биздин кусалык али да жүрөгүбүздү ачыштырып турат. Кыскасы, согуш тозогун жаза берсең түгөнбөйт». Ошентип, Ч. Айтматов согуш мезгилинин улуу эпопеясынын алгачкы барагын «Бетме-бет» повести менен ачып, андан ары анын көп түрдүү кесепеттерин кийинки чыгармаларында да улам тереңдетип чагылдырып жүрүп олтурду. Согуштун кесепетинен А. Андреевич Крыльцов да балдар үйүндө тарбияланбадыбы? Бекеринен жазуучу согушту глобалдуу проблемаларга кошподу. Анткени азыркы мезгилдин түп тамыры менен айырмаланган согуштары да, өткөн Улуу Ата Мекендик согуш да адамзаттын жашоосун тыптыйпыл жок кыла алат. Азыркы атомдук согуштарды жетимиш-сексен жыл илгери эле В. И. Ленин минтип айтып кетиптир: «Современная техника сейчас более и более помогает разрушительному характеру войны. Но будет такое время, когда война станет настолько разрушительной, что она вообще станет невозможной»[1]. Атомдук бомбадан кем калбаган терроризм деген балээнин пайда болушу да көңүлдүн борборунда, демек, өнүккөн өлкөлөрдө согуш куралдарын чыгаруу тездик темп менен өсүүдө. Буга канчалаган каражаттар жана электр кубаты кетээрин айтпаса да түшүнүктүү. Бириккен Улуттук Уюмунун билдирүүсүнө караганда 1900-жылдан бери куралдануу отуз эсеге көбөйдү, тактап айтканда, алты жүз элүү миллиард доллар жылына сарпталат дегенди түшүндүрөт. Ал эми 2000-жылы согуш каражаттары азыркы эсеп менен бир триллион долларга жетти. Гамбург университетинин изилдөөчү топторунун билдирүүсүнө таянсак, согуштун түбү көрүнбөйт, жылдан жылга өсүп жатат. Анысы аз келгенсип, согуш тизмесинде дагы сегиз жаңы согуш пайда болду. Алардын эң эле катаалы «Чеченстандагы, Непалдагы, Кыргызстандагы[2] жана Нигериядагы» деп билдиришет алар. Таң кылыштуусу булар эмне талашып, эмне үчүн согушуп жатканы белгисиз

[1] Крупская Н. О Ленине. – М., 1960. – С. 40–41.
[2] Бул жерде сөз өлкөбүздүн түштүгүндө 1989-жылы болуп өткөн өзбек кыргыз тирешүүлөрү жөнүндө

деп жыйынтыкташат. Ал эми американын Иракка ачкан согушучу? Бул пайдасыз согушта 29000 жоокер жана карапайым калк өмүр менен кош айтышты. Албетте, согушуу үчүн курал –жарак керек. Аны чыгаруучулар ар бир өлкөнүн экономикасына тескери таасирин тийгизип жатканын билээр бекен деп, биз өкүнүү менен белгилейбиз. Бул бут тосуу жаңы гана колониядан бошогон же болбосо биздин жаш мамлекетибиздей жаңы гана өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө өтө зор залакасын тийгизери бышык.

**Ядролук сыноолор.** Жер жүзүндөгү ядролук сыноолор жана анын кесепеттери, дүйнө жүзү курут болобу же бар болобу? деген болжолдоолор футурологиялык теорияларды, моделдерди, түзүлүштөрдү жаратууда. Себеби, ядролук сыноолор эң коркунучтуу да, зыяндуу да болуп саналат. Муну Черноблдагы атомдук жарылуу да ачык көрсөттү. Көрсө, Улуу Ата Мекендик согуштун кесепеттери бүгүнкү согуштарга салыштырганда шоона эшпес абалда экен. Мунун баарына кепил болчу Хиросима менен Нагасакинин улуу жана каардуу сабактары бар. Адамдар атомдук куралды биринчи мертебе колдонгон күндөн бери көп жыл өттү. Жыйырманчы кылымдын ары каралуу, ары азалуу шаарлары болуу жазмышына туш болгон бул эки шаардын айтып бүткүс армандуу дастаны Жер планетасынын материктери менен аралдарында азыр өмүр кечирип жаткан бардык адамдар үчүн эскертүү, азалуу сабак, дүйнөлүк керээз болуп калууга тийиш. Дүйнөдө түзүлгөн абалдын татаалдыгынан, анын проблемалары менен карама-каршылыктарынан, өткөндүн өктөлүү тажрыйбасы менен келечектин үмүт-мүдөөлөрүнөн улам биз азыркы кездеги адамзаттын тандап алар бир гана жолу бар, анын мааниси цивилизацияга ор казып, биздин башыбызга түшкөн балекет болуп турган мына ушул жан алгыч тири шумдуктуу куралдын жер бетине, эч бир чөйрөгө, эч бир өлкөгө, жарык ааламдын эч бир бөлүгүнө өзү тургай көлөкөсү да түшпөсүн

үчүн ядролук куралды турмуштун тулкусунан, болумуштун өзүнөн биротоло жана кайра кайткыс кылып жок кылуу керек деген жападан-жалгыз адилеттүү бүтүмгө улам көбүрөөк байыр алып баратабыз. Биздин жер бетиндеги жалпы амандыгыбыз, жалпы тагдырыбыз, жалпы таалайыбыз да ушунда деп айтат жазуучу «Тизе бүгүп ыйлап, жаал кайнап айбарлануу» деген макаласында**.** Анткени, ядролук сыноолор болуп жаткан жерлерде жашаган балдар мунжу, кем акыл, бою кыска, башы чоң жана башка кемчилиги менен төрөлөт, ал бала өз кебете-кешпиринен уялып, өзүн өзү өлтүрүүдөн да кайра тартпайт. Жана эси кем бала ата-энеге гана оордук алып келбестен, коомго да пайда келтире албасы баарыбызга маалым. Ошондуктан А. Сахаров өз идеясынан өзү баш тартып отурат. Ал жасаган водород бомбасы, өзүн басарын түшүндү шекилдүү. Бирок, бардык бомба, курал жасагандар өз идеяларынан качан баш тартышат? Алар сөзсүз баш тартышат деп ким көзү ачыктык менен так айта алат? Жок, турмуштук тажрыйба ырастап келаткандай, адамдын пенделик терс касиети көпчүлүк учурда жеңип кетет. Атак-даңк, акча азгырып туруп алат. Бул жөнүндө Айтматовдун минтип айтканы бар. XX кылымдагы эң олуттуу окуя, ар бир адамга, ар бир жанга тийиштүү окуя, чоң маселе, жаңы атом энергиясынын пайда болушу. Жүрүп отуруп, издеп отуруп, илимий ачылыштан, атомдон энергиянын чыгышына келип такалдык. Мына ошол, бүт адам баласына эң коркунучтуу чоң окуя! Бир жагынан бул дүйнөдөгү залкар, катуу күч. Аны адам баласы пайдаланса болот. Бир жагынан ошол күч менен бөтөгөсү бөлүнүп турган эл-журт, мамлекет бирин-бири жок кылып жибериши мүмкүн деген менин оюм бар. Ошол атом бомбасын ойлоп тапкан илимпозго, бир киши келип, же кудайданбы, айтор ал киши ушул ишиңди токтотуп эле койбойсуңбу, ансыз деле адамдар согушуп, чабышып, тытышып эле жатасыңар, ансыз деле коркунучтуу кырдаалдар башыңардан өттү, эми мындан да коркунучтуу болуп кетпесин, эч кимге билгизбей эле кой деп суранды. Бирок, илимпоздун башы атак-даңкка жетүүнү, акчага марып, дүйнө жүзүнө белгилүү болсом

болду деген ой жүрөгүнө кыттай түнөп алгандыктан тигил кишинин сөзүн кулагына илбеди. Адам баласынын жан дүйнөсү өтө татаал. Бир жагынан түшүнүп турат, артында кудай бар, анан ыймандуулук деген улуу касиеттерге умтулушка милдеттүү. Бир жагынан азыркы оор турмушка алып келген кризистик учурдагы түрдүү терс сапаттар. Адам баласынын турмушу терс жана оң сапаттардын салгылашуусунан турат эмеспи? Турмуш бул өзү оюн сыяктуу экен, бирөө максат менен, бирөө байлык менен, бирөө бийлик менен ойнойт экен. Бул үчөөсүнүн тең кумары жеңип турганда адам акырындык менен жүрүп отуруп күндөлүк турмуш менен гана алектенип калат экен. Ал эми сулуулукту күндөлүк турмушубузда такыр унутуп калат окшойбуз. Ошондон келип, түбөлүктүү мыйзамдарды өзүбүз бузуп алгандыктан, чоң жазуучулар жазгандай трагедия болот экен да[1]. Чындыгында эле ядролук курал террористтин же кассандра-эмбриондун колуна түшүп калсачы? Террорист үчүн адамдарды өлтүрүү чымын чаккандай эле экенин 2001-жылдын 11-сентябрындагы Нью-Йорктогу окуя, Бестландагы террордук иштер далилдеп отурбайбы? Ушулардын баары ар бир адам баласын ойлонтуп, түйшөлтсө. Ар бир илимпоз, бирдемени ойлоп табууда гуманисттик көз караш менен иштесе, ал ойлоп тапкан илим жакшылыкты гана алып келээрин көздөсө. Акчанын, атак-даңктын кулу болбосо жакшы болмок. Андан көрө курал жасоого жумшалган каражаттар жакырчылыкты жоюуга, агартуу, ден соолук, өзүн-өзү тейлөө сервистерине, дүйнө кыдырууга, сырлары ачыла элек илимий иштерге жумшалса жогорудагы глобалдуу деп эсептелген проблемалардын саны азаят беле? АКШынын улуттук коопсуздук боюнча комиссиясы ар кайсы өлкөлөрдөгү зордук зомбулуктар болуп көрбөгөндөй бийик деңгээлге жеткенин, улуттук, уруу-уруулук жана диний бөлүнүп жарылуунун кесепетинен ар кандай кагылышуулар келип чыгып, «миңдеген бейкүнөө адамдардын өмүрү кыйылганын жана кыйыла бермектигин өкүнүү менен билдирди. Бул жерде Джон Кеннединин «Если

[1] Ч. Айтматовдун А. Жакшылыков менен болгон дил маеги .//КТР. ОБО, №19, 09.5.97.

человечество не покончит с воинами, то воины покончат с человечеством»- деген сөзүн укмак тургай, ойлоп койгон киши жок. Ошондуктан кассандра-эмбрионго бул жашоодо төрөлүүгө мүмкүндүк бербөө согуштардан, кан төгүлүүлөрдөн, жакырчылыктардан, кайгы-кападан, кыямат-кайымдан сактамак. Арийне, азыркы жашоодо кездешип жаткан түркүн окуяларды, кылмыштарды көрүп, билип олтуруп, аргасыздан Кассандра тамгасынын сигнал-белгиси түйүлдүктөн же жаман бала төрөлөрүнөн, же жакшы бала төрөлөрүнөн кабар берип турганы оң го деп ойлоп кетесиң. . . Балким, сай-сөөктү сыздаткан мыкаачылык менен кылмыш иштерин жасаган канкорлор төрөлбөй калат беле? 2008-жылы Айтматов Москвада өткөрүлгөн «Массалык маалымат каражаттары терроризмге жана баңгиликке каршы» деген эл аралык антитеррористтик медиафорумда чыгып сүйлөп, ушул темадагы тегерек столду алып барган. Ал жерде төмөнкүлөргө көңүл бурулган. Терракт жөнүндөгү жаңылыктар алардын кайгылуу таасир көрсөтүүсүн көп эсе көбөйтүү менен массалык маалымат каражаттары аркылуу чагылгандай тездикте бүткүл дүйнөгө тароодо. Газеталар, радио, теле көрсөтүү, ал эми интернет дагы, канчалык парадоксалдуу болбосун, өзүнөн-өзү террористтердин көмөкчүлөрүнө айланышып, террористтердин жырткычтык аракеттери жөнүндө билдирүү менен аларды жар салып «рекламалашууда». А террористтер болсо ушуну гана күтүп турушат. Аң-сезимге булгүн салуу жана коркунучту күчөтүү – алардын негизги максаты. Бул азыркы кездеги дүйнө жашоосун акырындык менен бузууда. Бул тууралуу бардыгыбыз бирге ойлонуубуз жана идеологиядан тартып практикалык аракеттер менен бүткөн кандайдыр бир чараларды көрүүбүз керек. Өзүбүздү аракетсиз жаткан маалыматтык барымта абалынан алып чыгуубуз абзел, деген. Эмне үчүн ар тараптуу билимге, бийик жөндөмдүлүккө ээ адамзат зордук-зомбулук менен мерездикке белчесинен батып олтурат? Жагдайдын оңолоруна үмүт барбы? –деген сандырактык болсо дагы, ойлор туулат. Анткени, азыркы күндөрдө деле адамдар баштан кечирген тарыхтан, окуялардан, сабак алып, өткөндүн

каталарын кайталабайлы дебей жатышат. Ошондуктан адамзат коому жок болуп кетүү коркунучу алдында турат. Жазуучу Иосиф Нидхэмдин ою боюнча, ал коркунуч ушунчалык олуттуу деңгээлге жеткендиктен, «жакшылыктан үмүтүбүздү үзбөй, жер үстүндөгү жандуу-жансыздардын баарын кырып жиберүүчү курал-жарактарды кимдир бирөө колдонуп жибербесе экен деп гана тиленүүдөн башка аргабыз жок». «Элдер менен мамлекеттер тарыхтан эч нерсеге үйрөнбөгөнүн, андан эч кандай сабак албаганын бар тажрыйба менен тарых өзү көрсөтүп олтурат» деген экен немис философу Георг Гегель. Анын пикирине кошулгусу келбегендер бардыр, бирок аны жүйөөсүз дегендер чанда гана кездешет. Аттиң, адамдарга башыбыздан өткөн улуу күндөрдөн сабак алуу өтө кыйын болуп жатканы жан кейитет[1]. Тарыхка кайрылсак, биринчи дүйнөлүк согуш, андан кийинки фашизм менен нацизм, эми террордук акт деген балээлер пайда болду. Үрөй учурган мындай согуштарга кимдер катышкан? Негизинен азыркы биздин замандаштарыбыздан айырмасы деле жок жөнөкөй эле адамдар. Албетте, алардын ичинде бакубат жашоо-турмушту эңсеп, ошол кездеги адилетсиздиктен арылуу үчүн майданга аттангандар көп болсо керек. Алардын эс-акылын ээ-жаа бербеген кара өзгөй сезимдер башкарып алгандыктан, «адилеттик үчүн» жүргүзгөн күрөшү адилетсиздикти көбөйтүп, согуш жүрүп жаткан жерлерде жашаган миңдеген бейкүнөө адамдарды, кары-картаңдарды, аялдарды, балдарды азапка салып жатышканын түшүнүшпөгөн окшойт. Сокур ишенимге ээлигип, согуша берет деген эмне? Мунун себеби, ошондой иштер адамды өзүнө бат багындыра алган эпчил адамдардын колунан келет. Мисалы, Адольф Гитлер элдин аң сезимин амалкөйлүк менен колдоно билген, мыкты оратор болгон. Дик Гири өзүнүн «Гитлер жана нацизм»деген китебинде белгилеп кеткендей, Гитлер өткөндүн демагогдору сыяктуу эле «калың топ элдин акыл-эсин эмес, сезимдерин колдонуп, башкарып алууга болот»- деп эсептеген[2]. Адамдардын мындай «талуу жерлерин» билген Гитлер кылымдар бою текшерилип сыноодон өткөн ыкманы

---

[1] Уильям Э. To teach the Journey of teacher. Американский журнал. 1979, №18, – С. 16.

[2] Дик Гири «Hitler and Nazism. 1961.

колдонгон: ал элдин жалпы душмандарына карата жек көрүүсүн ойгото алган. Ошентип, Гитлер, Парселлдин айтымында, «немистердин сестенүүсү менен наразылыктарын еврейлерге бурган». Ал еврейлерге «немис улутун бузуп жатат» деген жалаа жапканын тарыхтан улам билебиз. Бул жөнүндө төмөнкү саптарга көңүл бөлсөк: «С XI века, времени начала крестовых походов, евреи стали оъектом ненависти и неприязни в Европе. Когда разразилась эпидемия бубонной чумы, унесшая за несколько лет около четверти всего европейского населения, евреи стали легкой мишенью для обвинений, поскольку к тому времени многие их уже ненавидели. Чума послужила оправданием ненависти, а ненависть к евреям дала выход страху перед чумой, – пишет Джаннет Фаррелл в своей книге «Невидимые враги» (Invisible Enemies). Наконец один еврей на юге Франции под пытками «признался», что эпидемию вызвали евреи, отравив колодцы. Конечно, это признание было ложным, но слух распространился повсюду. Вскоре в Испании, Франции и Германии стали истреблять еврейские общины, учинив резню. Однако никто, кажется, не обратил внимания на истинных виновников эпидемии крыс. И совсем немногие заметили, что евреи умирали от чумы точно так же, как и все остальные. Экинчи дүйнөлүк согуштун аягында нацисттик концлагердин коменданты Рудольф Гесс ушул согуштун идеологиялык стратегиясы чын эле еврейлерден Германияны сактоо болгондуктан жырткычтык менен кордолгон, эки миллион адамдын жарымынан көбү еврейлер болгондугун мойнуна алууга аргасыз болгон.

Жакында мага «Известиянын» кабарчысы менен болгон маегинде – Геннадий Добров тарткан сүрөттөрдүн репродукциясын алып келишти деп айткан жазуучу. Ал согушта майып болгондордун портретин жазып жүрөт. Бул – анын башкы темасы. Арабызда жүргөн адамдардын турпатынан алынган ошол сүрөттөрдү көрүп олтуруп (аларды көргөзмөлөрдөн таппайсың, себеби көңүл чөктүрөт имиш), кадимкидей ооруп калдым. Кол-бутунан ажыраган жумурдай мунжу адамды тик

багып караганга дитиң чыдабайт. Экинчи бирөөнүн болсо бет-бешенеси билинбейт, маска тартып алыптыр. Баары тирүү адамдар, мамлекетибиз аларды унутуп койгон жок дечи. Ошентсе да, мындай тагдырга кабырган кайышпай койбойт, ага такатың жетпейт. Улгайып калган адам коляскада олтурат, көкүрөгү орден, медалга шыкалган, жүзүнөн акылы төгүлүп, көзү жоодур карайт, антсе да ага оор кайгынын көлөкөсү түшүп турат. Опот болгон он миллиондогон адамды көз алдыга элестетүү кыйын, бирок, согуш дегендин эмне экенин билиш үчүн анын ушундай бир инвалидин көрүп койгон жетиштүү. Мага койсо, бул сүрөттөрдү көбөйтүп туруп, бүт дүйнөгө таратаар элем, бирок, андан алардын кунары кетеби деп корком»[1]. Мисалы, чыгармада илимпоз, футуролог Роберт Борк Филофейди колдоп, аны жактап сүйлөп койгондугу үчүн Ордок сыяктуу маңкурттардын сөзүнө кирген эл жаалданып, Борктун үйүнө жөнөгөнү, Борк сүрмө топко тике чыгып, сүйлөймүн деп, тепсендиде калганы да ойлондурбай койбойт. Анткени Борку вертолёт менен алып кеткенден кийин жаалданган эл эмне болуп кеткендигин түшүнбөй туруп калышты дегенин окуганыңда зээниң кейийт. Анткени, көпчүлүк адамдар сөздүн, адамдын сезимине ушунчалык каттуу таасир беришин биле беришпейт. Өзүбүздүн Кыргызстандагы 2010-жылдын 7-апрелинде айында болуп өткөн кагылышууда 89 жаш жигиттердин өлүп кетишин мисалга тартсак жетиштүү болоор. Бекеринен «сөз жарасы бүтпөйт» деп айтылбаса керек. Ошол өткөн жылдардагы тарыхты барактап олтуруп, азыркы башыбыздан кечирип жаткан митингдерди көрүп,билип биз бир ачуу чындыкты түшүнөбүз: миллиондогон адамдар коому кыргынга учурап кетиши тарыхта канча ирет кайталанды? Балким: «Азыркы элдин маданияты, тарбиясы башка, ошол үчүн бүгүнкү кишилер мурункудай эмес туура ойлонушат, бирөөгө оңой жетелене беришпейт!»[2] дейттирсиңер. Ооба, ошондой болууга тийиш эле. Анда Американын Ирак менен болуп жаткан согушун, дүйнө жүзүндөгү забастовкаларды жөн эле коюп,

[1] Айтматов Ч. 8-т. – Б., Бийиктик, 2008. –344-бет.
[2] Актуальные проблемы социального реализма. – М., Сов. писатель, 1969. –С. 201.

Кыргызстандагы 2010-жылдын 7-апрелиндеги эле окуяны алалычы, муну эмне деп, жана кандай түшүнсөк болот? Бул дагы сөздүн кесепетинен болду. Бирөөнү жамандаса алгач анын чын-төгүнүн билип анан жыйынтык чыгаруу деген жок азыр. Адамды себепсиз жек көрүүдөн этиет болуу керек. Болбосо, адам өмүрүнө тете болчу эч кандай проблема жок эмес беле? Эмне, такыр эле дүкөндөр кургап, аңырайып калды беле? Жок. Митинг уюштуруп, өлүп калуунун кажети бар беле? Ал эми акча үчүн, бийлик үчүн, адам өмүрүн кыюга экинчи тараптын акысы бар беле? Мындай окуя эми токтобойт. Себеби, кээ бирөөлөргө бийлик ээлери жакпаса болду, дароо митинг жасашып бийлик алмаштырууну уюштурат. Жөнөкөй калк өзү да, билбей калат кантип жетеленип кеткенин. Мындай процесс биздин Кыргызстанда гана эмес бүт дүйнө жүзүндө ушундай. Ошондуктан жазуучу эмбриондордун жарык дүйнөгө келбей эле коюшун сунуштайт. Анткени бул процесс биздин ичибизден (внурти нас) чыгууда. Биз муну көрүп туруп, көрбөйбүз. Өткөн жүз жылдык аралыктарда болуп өткөндөрдү ойлоп көрүп жогорудагы ырастоону кимибиз негизсиз дей алабыз? Бул жерден мурдагы адамдардын деле, азыркы адамдардын деле мээси айрандай уюп калганын тана албайбыз. Бир гана жолу берилген бул өмүрдү «жалган» өмүр деп адамдар баалай алышпагансыйт. Аң-сезимдерин туман каптап, көздөрү тунуп, сокур болуп жатышат. Бул сөздөр адамдардын баарына арналбайт, арабызда нечендеген сонун, пакиза, адамдарыбыз бар экени да талашсыз. Бир гана «Бир кумалак бир карын майды чиритет» -демекчи, кээ бир жашоодо өз ордун таба билбеген маңкурттар зээниңди кейитет, ошондуктан жазуучу эненин ичинде, башкача айтканда, түйүлдүк кезинде эле «жаман бала» же «коомго ылайык келбеген бала» болуп кала турган болсо, туула электе эле жок болгону жакшы го деген оюн айтат. Бул да болсо, аргасыздан чыгарылган сунуш. Өткөндүн өздөштүрүлбөгөн сансыз сабактары адамзат арасында өз ордун таппай жаткан бул сааттарда, бул күндөрдө зондаж нурлары менен

түйүлдүктү билип койгон жүйөлүүдөй сезилет. Ошондуктан көп эл кыдырган, көп эл аралаган жазуучу акыл-эске, адамзатка жалпы эле жашоого арналган «Кассандра тамгасын» бизге тартуулап олтурат. Көбүнесе кыйытма көп орун алгандыктан, чындыгында чыгарманы түшүнүү оңойго турбайт. Баш катырма көп, аны окуп, анализдеп чыгып гана өткөн тарыхтагы окуялар менен азыркы жашоону салыштырып олтуруп гана чыгарманы араң түшүнөсүң.

**Жакырчылык жана ачарчылык**. Дагы бир көйгөйлүү маселе-социалдык жана экономикалык кризистердин өзөгү болгон ачарчылык, оорулар жана жакырчылык эмне үчүн глобалдуу деп аталууда?[1] Эгер көркөм шарттуулук ыкмасы реализм методунда баяндалса, анда ал адам жашоосунун палитрасын ар тараптан чындыктуу чагылдырат. Муну биз төмөнкү талдоолордон көрөбүз. Социалдык жана экономикалык кризистер дүйнө элдеринин көпчүлүгүнүн проблемасы болууда. Ооба, буга Азия, Африка, Латын Америка өлкөлөрүнүн артта калуусу, сабатсыздыгы гана кирбестен, бүткүл адамзаттын алдындагы коркунуч болуп эсептелет. Турмуш шарты боюнча артта калуу, сабатсыздык, көп жылдар бою теңсиздикте жашап келүү – социалдык жана саясий мамилелердин консервациясы болуп келүүдө. Коррупция, өз маалында салык төлөөдөн качуу экономикага терс таасирин тийгизип, сабатсыздык, бай менен кедей деген терминдердин пайда болушуна алып келди[2]. Ач көздүк оорудай каптап, адамдар байыган сайын байысам деп, салык төлөөдөн качып, экономикага терс таасирин тийгизүүдө. Эч кимге эч нерсе бербесем, алсам, жесем деп, ач көз боло баштады. Адамдардын пейили бузулуп, эч ким, эч кимге ишенбей, эч ким эч кимге жардам берүүгө жарабай калды. Кайдыгерлик аябагандай күч алды. Чоң-чоң мамлекеттердин экономикасы өскөнү менен элдеринин жарымы ачарчылык, жакырчылыктан жабыр тартууда. Бириккен Улуттар Уюмунун 1999-жылдагы билдирүүсүнө таянсак: болжол менен 1,3 миллиард адам күнүнө бир долларга жетпеген каражат менен жакырчылыкта күн көрөт, ал эми миллиардга жакын адамдын өзүн

[1] Глобальные проблемы мира. Энциклопедия, 1976. – С. 303.
[2] Daily news (Дейли Ньюс) Нью-Йоркская газета. 1969, февраль.

күнүмдүк эң зарыл болгон тамак-аш менен камсыз кылууга чамасы жетпейт. Биздин Кыргызстанда деле бүгүнкү күндө бала-чакасын бага албай үй-бүлөсү менен өлүп жаткандар жөнүндө гезит беттерине чыга баштады: 30 жыл мурда байлар менен кедейлердин арасы 30%, 1990-жылы 60%, а бүгүн бул маселе 74 % ке өстү[1]. Калкты жумуш менен камсыз кыла албай, жумушсуздук да күч алды. Айыл чарбасын ала турган болсок, жерлер түшүмдү өтө аз берет, себеби, толгон токой химиялык жер семирткичтерди колдоно беришкен, пайданы көздөгөн дыйкандардын эрдиги бул. Илимпоздор мындан жыйырма жыл илгери калктын саны 6,1 миллиардга өсөт деп келишкен. Бирок, калктын саны көбөйүүнүн ордуна 1960-жылдарга салыштырганда 30% га азайды. Бул ачкалыктан, массалык өлүмдөн болуп отурганы жок. Бул социалдык фактордун негизинде, эл өзүнүн жашоо шартына кам көрө баштады дегендик, башкача айтканда аялдар арасында аборттун зыянын түшүнүү, демек, бойго бүтүрүүдөн сактануу, үй-бүлөнү пландаштыруу ж. б. Азыр жер жүзүндө 15тен 24 жашка чейинки жаштар миллиарддан ашык, 60 жаштан жогоркулар калктын 578 миллион гана бөлүгүн түзөт[2]. Ар бир адамга бир жылда 320 кг буудай сарпталат. Мындан биз жылына адамзат 7,5–11,5 миллиард тонна дан талап кылаарын билебиз. Азыркы күндө бүт дүйнө жүзүндө болгону 1,5 миллярд тонна дан өстүрүлөт. Бул жерден дан менен камсыз кылууну мындан ары жогорулата алабызбы? – деген ой пайда болот. Бекеринен жакырчылык глобалдуу проблемаларга кирбейт. Ар жылы жакырчылыктан 18 миллион адам каза табууда. Жакырчылык менен күрөшүү БУУнун программасында биринчи кезекте турат. Жакырчылыктан чыгуунун ар кандай жолдорун быяктан чечкенче жетишпеген үй-бүлөлөрдө ыңаалаган балдардын саны кайрадан жакырчылыктын тизмесин толуктап тургандыктан,аны такыр чечүүгө мүмкүн болбой жатат. Ошол себептен **жакырчылык сойкулук менен баңгиликке** жана баңги заттарын сатууга чоң жол ачууда[3]. Өзүн өзү кантип болсо да багып, жанын сактоо үчүн же болбосо үй-бүлөсүн багуу үчүн кээ бир

[1] Лондонская газета, «Гардиан» 1987, С.28
[2] Энциклопедия «World book». 1978. – С. 421.
[3] Глобальные проблемы мира. Энциклопедия, 1976. – С. 333.

аялдар өз денесин сатууга мажбур болот. Ал эми баңгиликке жана аракечтикке эрки бош адамдар тез берилип, жашоодо кездешкен кыйынчылыктарга туруштук бере алышпай, ошол жолду тандап, өзүн да, үй-бүлөсүн да азапка салышат. Ал эми баңги заттарын сатуу -бул барып турган чоң бизнес. Бирөөнүн бактысыздыгынын үстүнөн пайда көрүү үчүн кээ бир ташбоор, ачкөз адамдар ушул жолду тандап алышат. А баңги заттарын колдонуу адам тагдырына балта чаап, ал сөлөкөтү адамга окшош болгону менен робот сыяктуу бирдемеге айланаары шексиз экендигин турмушта көп эле кезиктирип жатабыз. Баңги заттарын сатып, бизнес жасаган адам мунун баарын билет, бирок ач көздүктүн, өзүмчүлдүктүн айынан былк этпестен ишин уланта берет, улантып гана тим болбостон, баңги заттарын колдонуучу адамдардын санын көбөйтүүгө жанын үрөп иштээри «Кыямат» романында кенемине келтире сүрөттөлгөн. Чыгармадагы оң каармандын бири Авдий коомдогу кыямат иштерге алып баруучу наркомания сыяктуу жат көрүнүштөргө каршы элдешкис күрөшкө аттанып, нашаачылардын башчысы Гришан, Петруха, Махая, Лёнькаларга нашаанын зыянын түшүндүрүүдө Авдий өзүнүн алсыздыгын сезет. Анткени, алардын аң сезиминде Гришандын философиясы терең орногон эле. Бул эпизоддор аркылуу жазуучу наркомания менен күрөшүү оңой-олтоң иш эместигин, буга жапа тырмак, коом, эл-журт текши катышышы керектигин эскертет. Ал эми азыркы күндөрдө он жаштан он жети жашка чейинки жаштардын 24,7% наркотиктердин ар кайсы түрлөрүнөн ооз тийип көрүштү[1] деген болжолдоолор бар. Америкалык мугалим Луэнн Джонсон: «Азыркы мектеп окуучулары наркотиктер жөнүндөгү маалыматтарды чоңдордон да көп, жакшы билишет. Негизинен наркотиктерди жан дүйнөсү жараланган окуучулар колдонушат жана алар өздөрүн эч кимге кереги жоктой сезишет. Ошондуктан үй-бүлөдө ата-энелер, мектепте мугалимдер баланын жан дүйнөсүн жабыркатпай, жалгызсыратпай, мээримдүүлүк менен аяр мамиле жасашы керек».

[1] Бразильская газета Жорнал за тарди. 1972, январь.

Тилекке каршы, үй-бүлөдө ата-энелери өздөрү наркотик колдонгон болсо, алардын балдарын кантип тарбиялоо керек? деген суроо да жаралат. Андай балдар жолдошторунун арасында сөгүнүп-сагынып, өздөрүн жакшы кармай алышпайт. Анткени, үйдөн көргөн жаман жоруктарын кантип тыйышат? Италиялык мугалим Джулиано мындай дейт: «На детей влияет дух бунтарства, непокорности и неповиновения, пронизывающий все общество». Бул жерде ачуу чындыкка күбө этебиз. Замандын өзгөргөнү чын болсо да, адамдык негизги муктаждыктар ошол эле бойдон калды. Адамдар кылымдар бою сүйүүгө жана ынактыкка муктаждыктарын сезип келишкен. Алар бактылуу болууну, бакубат жашоону каалашкан. Азыркы учурда адамдарга экономикалык кыйынчылыктардан чыгуу, никеге ишенимдүү да, бекем да туруу боюнча, өз балдарына татыктуу тарбыя, адеп-ахлактык нарк-насилдерди үйрөтүү боюнча кеңештер керек болуп калды. «БУУнун хроникасында» айтылгандай, үй-бүлө – бул «адамзат коомунун байыркы тарыхы бар негизги уясы жана анын башкы негизи, муундардын ортосундагы байланыштын сактоочусу». А бирок, ошол «байланыштын сактоочусу» үрөйдү учурган абалда кыйрап жатат. Үй-бүлөнү аман сактап калуу үчүн сөздү Ыйык Китептеги (Библиядагы) күйөөлөр менен зайыптар бири бирине кандай мамиле жасоо керектиги тууралуу айткан кеңештерине назар салалы. Мисалы, анда күйөөлөргө карата: «Эрлер да өздөрүнүн аялдарын өзүнүн денесиндей сүйүшү керек. Ким өзүнүн аялын сүйсө, ал өзүн сүйөт. Себеби, эч ким эч качан өзүнүн денесин жек көргөн эмес, тескерисинче ал денесин тамактандырып багат» деп айтылат. (Ефесалыктарга 5:28-29). Ал эми зайыптарга «өз эрин урматтасын» деген кеңеш берилген (Ефесалыктарга 5:33). Ыйык китептеги ушул кеңештерге кунт коюу эмнени билдирерин карап чыгалы. Аялын «өзүнүн денесиндей» сүйгөн күйөө аялын жек көрбөйт жана ага ырайымсыз мамиле кылбайт. Ал аялын урбайт, тил тийгизбейт жана анын жүрөгүн оорутпайт. Тескерисинче, ал өзүнүн аялын өзүндөй эле кадырлайт жана урматтайт. Ошондо, аялы өзүн сүйүктүү экенин жана

никенин бекем түйүнү менен бек корголуп турганын сезет. Мындай мамилеси менен ата өзүнүн балдарына аялга, энеге кандай мамиле кылуу керектигинин жакшы үлгүсүн көрсөтөт. Экинчиден, күйөөсүн урматтаган аял күйөөсүн башка кишинин көзүнчө сынга алып же басынтып, анын кадырын кетирбейт. Аялы күйөөсүн урматтагандыктан, күйөөсү да өзүнө башкалардын ишенип, баш ийип жана баалап жатышканын сезет. Себеби, үй-бүлө куруу үчүн «адам өзүн төрөп, тарбиялап, билим берип, эрезеге жеткирген атасы менен энесинен бөлүнөт да, өзүнүн аялына байланып, аны менен бир дене болуп кетет». (Муса 2:24; Матвейден 19:56)[1]. Демек, Ыйык Китептин ата-энелерге берген кеңешинин терең мазмундуулугу төмөнкү сөздөрдө ачык-айкын көрүнөт: балдарды сүйүү менен берилип тарбиялоо керек. Мындай кеңештин чын эле таасирдүү экенин турмуштук тажрыйба көрсөтүп турат. Анткени, сүйүү менен ынтымак даарыган үй-бүлөдө өскөн балдардын ден-соолугу чың, иштери да ийгиликтүү болот. Дагы бир согуштан кем калбаган чоң глобалдык проблеманын, окуянын бири – бул **бөлүнүү-жарылуу** болуп эсептелүүдө.

Адамдар **бүгүн расалык, улуттук жана этностук** тосмолор менен бөлүнүшүүдө. Мындай жасалма тосмолор дүйнө жүзүндөгү согуштарда элдин көп кырылышына түрткү болууда. Эгерде тарыхка көз чаптырсак, анда ар түрдүү расалардагы жана улуттардагы эркектер менен аялдар бири-бирин тең көрүп жана бири бирине ошого жараша мамиле кылышарына чынында үмүт аз. Кээ бир адамдардын аң сезимине кыттай орногон бул проблеманын чечилиши биздин «жүрөгүбүздө». Бирок, адамдардын жүрөктөрүн өзгөртүү оңой иш эмес. Адам баласын чоң үч расага: афронегроидге, европоидге, монголоидге бөлүшөт. Расизм ортосундагы айырмачылыктар: терисинин, чачынын, көздөрүнүн түсүндө, мурдунун, эрдинин формасында жана башка болот. Бул айырмачылыктар ар кандай табийгат шарттарында келип чыккан. Расаларды «жогорку» жана «төмөнкү» деп да бөлүшөт. Дал мына ушулар улуттар арасында

[1] «Байланып калат» деп которулган давак деген еврей сөзү «кимдир бирөөгө болуучу назик ынактыкты жана берилгендикти билдирет.

расизмдин тескери өнүгүшүнө өз таасирин тийгизүүдө. Бир келип, бир кетчү бул жашоодо «сен карасың», сен «башка улутсуң», «сен түндүктөнсүң», «сен түштүктөнсүң» деп тынч өтүп жаткан жашоону бузуп жаткан да адам баласы өзү болууда. ЮНЕСКОнун башкы мүдүрүнүн айтуусунда жүз миллион калк расизмден, куугунтуктоодон, кысымчылыктан азыр да азап чегип жатышат. Муну кантип токтотуу керек? жок муну токтотуудан мурда эмне үчүн адамдар күнөөсү жок эле адамды жек көрүп, кордоп, кемсинтип, басынтып жашайт, мунун тамыры кайда? деген суроону иликтеп көрөлү. Жаш баланын жүрөгүндө адамдарды мындай жек көрүү сезими жок. Илимпоздордун айтуусунда кичинекейлер ким экендерин териштирбей эле бири-бири менен эң сонун ойношот[1]. Ал эми 10–11 жашка келгенде аларда кадимкидей кара адамдар болобу, башка улуттун өкүлү болобу, айтор, ичиндеги жек көрүү сезими өөрчүүнүн негизинде ошол адамдан алыстоо пайда болот. Бул кайдан жана кандайча пайда болот? Бул үйдөн, ата-эненин, мугалимдердин, досторунун сөздөрүнөн, жүрүм-турумунан, айланадагыларга жасаган мамилелеринен көрүнүп тургандыктан аны бала бат эле кабыл ала баштайт да бара-бара адамдарды негизи жок эле жек көрө баштаганын сезбей да калат. Буга кошуналары, газеталар, радио-телевизорлор да таасир бериши мүмкүн. Соода-сатык, алыш-бериш алакалар менен элдер бир өлкөдөн экинчи өлкөгө чейин барышып, аралашып келе жатышат. Бирок, башка улутка же этникалык өкүлгө жүрөгүндө жек көрүү сезими бар адам баары бир жуурулушуп кете албайт. Андайлар өзү жашаган өлкөдө экономика төмөндөсө, жумушсуздук келип чыкса же башка терс маселелер пайда болсо, сөзсүз башка жактан келген мигранттарды күнөөлөшөт, а чындыгында мигранттар жергиликтүү калк иштегиси келбеген жумуштарды иштеп жатканы капарына да келбейт. Кыскасы, өзүнүн бактысыздыгы же жолу болбогондугу үчүн башка бирөөнү күнөөлөгөндү адат кылып алышат. Ошондуктан, өсүп келе жаткан жаш муундарга,

[1] The sociology of Juvenile Delinguency». – 1987. – Ноябрь.

татыктуу тарбия берүүнүн өзү үй-бүлөдөн башталарын эч ким унутпаса. Батышта дале болсо кара адамдарды төмөнкү расадагы адамдар деп, бул оюнан аз да болсо уялып койбой жашагандар миңдеп саналат. Кээ бир жерлерде кара адамдарды кадимкидей кулчулукка сатуу да кездешет. Ал эми Кыргызстанда деле адамдарды, жаш балдарды, кыздарды сатуу боюнча фактылар аз эмес. Уруу-уруу болуп согушуп жатышкандар да жашообуздан орун ала баштады. Өңү кандай түстө болбосун, кайсы тилде сүйлөбөсүн, жараткандын алдында бүткүл ааламдагы адамдар бирдей экенин түшүнүп, билип, баамдап турсак да моюнга алгыбыз келбейт. Ушундай бөлүп жаруулардын кесепетинен күнөөсүз кандар төгүлүп, күнөөсүз адамдар жарык дүйнө менен кош айтышып жатышат. Муну Чарлз Калеб Колтон (1880–1932) минтип сүрөттөгөн: «Мы ненавидим некоторых людей, потому что не знаем их; и не узнаем их; потому что ненавидим». Аз сандагы кумалактар ушунчалык активдүү болгондуктан жогорудагы аты аталган глобалдуу проблемалар жашообузда кездешип, ар бирибиздин жүрөгүбүздү өйүтүп, тынч жашообузга бүлүк салып, жан дүйнөбүздү кыйнап келет. Мындайлар миңдеген жылдар бою курулуп, түптөлүп келе жаткан системаны бат эле жок кылып, талкалап коюга уста келишет. Биз жогоруда келтирип жаткан мисалдар биздин Кыргызстанга караганда чындыгында батышта көп кездешет. Бирок, роман жарык көргөн жылдары азыркы биздин кыргыз элинин жашоосунда кездешип жаткан окуялар түшкө киргис иш эмес беле? Айтматов «кулагыңарга күмүш сырга» дебеди беле? Тарыхчылардын кайсы уруудан экениңди билип жүр деген чакырыктарына кирип, уруу-уруу болуп бөлүнө баштасак эмне болот? Аягы эмне менен бүтөт? Муну ойлогон адам барбы? Себеби биздин кыргыз элибизди сан жетпеген уруулар түзөт эмеспи? Мындан үч жүз жыл мурда кыргыздар түндүк, түштүк болуп согушканын тарыхтан улам билебиз. 1994-жылы түштүк Африкада тутси жана хуту деген этностордун ортосунда чыккан кагылышуудан жарым миллион адам кырылган. Бул жөнүндө «Тайм»

журналы: Кровь лилась в церквях, где многие искали убежища... Люди дрались с ненасытной жаждой крови, яростно, в рукапашную, сводя личные счеты. Те же, кому удалось уцелеть, онемели от ужаса и в глазах у них застыла пустота. В этой страшной бойне не щадили даже детей. «Руанда крошечная страна, сказал один ее житель, но ненависти здесь хватит на весь мир» – деп жазган. Расизм тууралуу дагы бир мисал келтирели: «Конфликты, возникшие при распаде Югославии привели к смерти более 200 000 человек. Соседи, которые годами жили в мире, стали убивать друг друга. Тысячи женщин были изнасилованы, миллионы людей изгнаны из своих домов в результате жестокой политики, известной как этническая чистка». Жүрөк титиреткен окуялар, адам баласынын гана колунан келген бул жырткычтык вулкандай кайнап араң эле турат. Кичине эле учкун болсо болду, жалындап кетиши мүмкүн. 1989-жылы Кыргызстандын түштүгүндө болгон өзбек-кыргыз тирешүүлөрүнө карата жазуучу «Каргалардын чуусу» деген аңгемесин жазган. Анткени айрым адамдар аксакал иретинде, жазуучу иретинде, бул окуяга карата бир сөз айтпай чет өлкөгө кетип калды деп таарынышкан, күнөөлөшкөн. Жазуучу анда: «Биз олуттуу ой баккан, тажрыйбага карк калкпыз, демек, «алар үчүн» жана «биз үчүн» деп, ала койду бөлө кыркaccess принциптер бизге жарашпайт, бизге баарыга бирдей принциптер гана керек. Андай болгон соң биз дүйнөнүн көйгөйлүү проблемаларына гана эмес, өлкөнүн өзүндөгү улуттук мамилелер сыяктуу астамдыкты талап кылган маселелерге да жаңыча ой калчап карашыбыз керек. Эгер жетимиш жыл ичинде жетишкен сыймыктанаар, дүйнө алдында мактанаар жактарыбыз жөнүндө айтсак, алардын эң кыйыны катары мен алды менен ар бир улуттун бирдей мүмкүнчүлүккө жетишкен теңдигин атаар элем», – деп жазган жазуучу. Дүйнөнүн сонундугу анын көп тилдүүлүгүндө жана көп түрдүүлүгүндө,табият өзү ушундай кылып жараткан. Азыр ал улам татаалдашып, барган сайын катаал тартып баратат. XX кылымдын карышкан карама-каршылыгы кысталаңдуу кырдаалдын кырына жетип

калды, биртике эле калпыс басып, бут кылт этсе, бүттү, андан ары ыңжыңы чыкпаган түпсүз туңгуюкка кетебиз. Эми карманаар жалгыз нерсебиз – адамзаада тукумун ойрондолуу коркунучунан баарына бирдей орток тажрыйбага, жалпы адамзаттык мүдөөлөргө каныккан акыл-эс гана сактап кала алат. Чыныгы интернационализм – адамдардын ортосундагы мамилелердин келечектеги жаркын үлгүсү – мына ушундай ойдун өзөгү болуп кала алат.

**Экология маселеси** да азыркы учурдун эң бир көйгөйлүү маселелеринин бирине айланды. Жаратылыштагы асыл, кооз нерселерди сактоо, аны адамдын пайдасына керектөө, адамды сыйлай билүү, адамды зордоодон, кордоодон, акарат кылуудан калкалоо, адамдагы эң назик сезимдерге, келечекке умтулган жакшы ой-кыял фантазияларга жол берүү – ушул сыяктуу маселелердин ажаты «Ак кемеде» бийик көркөмдүктө ачылган. Жазуучу бул жөнүндө: «Ак кемедеги» гумандуулуктун чен өлчөмү адамдын жаратылышка карата жасаган мамилесинде болуп саналат. Мына ушундан нравалуулуктун проблемасы-адамды дүйнөдөгү башка нерселерден айырмалоочу сапаттардын бири, аң-сезимдин маанилүү функциясынын бири болгон абийир проблемасы табигый түрдө келип чыгат», – деп тактаган[1]. Азыр Арал деңизи жээгинен кырк алты километрге алыстап кетип, такыр жерлер пайда болуу менен бүткүл аймактын климаты бузула баштады. Калктын тиричилиги да өзгөрүп, оору-сыркоо көбөйдү. Мунун баары ушул берешен аймактын экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүнө өз салакасын тийгизип жатат. Өзүбүздүн Ысык-Көлгө да куюп турган алтымыш дарыя менен агын суудан азыр бар болгону бирөө калды. Бул маселелер тууралуу эчен ирет добулбас кагылса да, аракет кылбай келебиз. Ал эми дүйнөлүк масштабда болсо, адамзаттын кызыкчылыгы үчүн дүйнөлүк океандарды да өздөштүрүүгө туура келүүдө[2]. Океандар биздин планетага 43% биомасса бөлүп берип,

---

[1] Ч.Айтматов.Необходимые уточнения // Лит.газета. ─ 1970. ─29-июль.
[2] «500 Days to save the Planet», 1971. – С. 44.

жердеги жашоого кыйла ыңгайлуу шарт түзүп тургандыктан, жер менен океан бирин бири толуктап, «колдоп»турушат. Ал эми биз адамдар болсо, тескерисинче, өз пайдабызды көздөп, нефтинин калдыктарын океанга таштоону жылына алты миллион тоннага жеткирдик. Ал болсо, аба аркылуу бууланып келип, экологияга терс таасирин тийгизүүдө. Он адамды таза аба менен камсыз кылуу үчүн – бир гектар токой талап этилет[1]. Ал эми ошол токойду өстүрүү үчүн эмне деген күч, эмне деген эмгек керектигин баарыбыз билебиз. Дарактар адам баласын таза аба менен гана эмес, ичүүчү суу менен да камсыз кылат. Токой жерди да кургап кетүүдөн, бизди да шамалдан, чаңдан коргойт. Дагы бир проблеманын бири жерлердин чөлгө айланышы, жылына алты миллион гектарды түзүүдө. Минтип олтурса, жер жүзүндө чөлдүн саны көбөйүү менен жарактуу жер проблемасы пайда болот. Ичүүчү таза сууда да көңүлдү бурбай койбойт. Ошондуктан акыркы жылдарда көптөгөн эл аралык уюмдар дагы экология маселесине көп көңүл бура баштады. Бекеринен Айтматов өзү башында туруп, «Ысык-Көл форумун» уюштурбады. Романда бул форумдун элеси да көрүнүп турат. Бул форумга жалпысынан ниеттеш, бирин бири жарым сөздөн түшүнүшкөн космополит инсандар чогулушкан. Ушул эле форумдун катышуучулары, романдын каармандары болуп эсептелет. Алар айрыкча экологияны бузбоого, сактоого үндөшөт. Экология бул өзүбүзбүз, өзүбүздү өзүбүз жок кылбайлы дешет. «Ысык-Көл форумунун» мааниси-адамдардын ой-санаасында согуш идеясынын өзүнүн пайда болушуна каршылык көрсөтүү. «Биз ар бир адамдын акыл-эсинде согушту жек көрүү сезиминин ойгонушун каалайбыз, ушуга умтулабыз жана адабият менен искусстводо эмгектенген өз калемдештерибизди ушуга чакырабыз. Биз адам өмүрү эң кымбат байлык деп эсептейбиз. Адам түзгөн цивилизация да өзүнчө чоң байлык. Бүткүл Ааламда башка цивилизация жок. Биздин цивилизация – маданият, илим, техника, жана башка абсолюттук байлык. Адамзат бизге чейин миңдеген жылдар бою

---

[1] Энциклопедия «World book», 1978. – С. 69.

жаратып жана өнүктүрүп келген нерселердин баарын сактоого тийишпиз» деген жазуучу «Биз баарын ачык сүйлөштүк» аттуу маегинде. Кыскасы, кутман жерибиздин кооздугун, тазалыгын, амандыгын сактоо, барктоо ар бирибиздин ыйык милдетибиз экендигин эстен чыгарбай, өсүп келе жаткан жаш муундарга, экологияны, планетаны көз карегиндей сактоо керектигин түшүндүрө билсек, үйрөтсөк, жашоонун мыйзам ченемдүү бир милдетин аткарган болоор элек. Же болбосо орус академиги А. Н. Несмеяновдун: «Не надо чистить воздух и воду, гораздо важнее их не загрязнять»[1] деген сөзүн туура түшүнсөк, жетиштүү болор эле. Жогоруда биз токтолгон проблемалар биз үчүн жаңылык эмес, ал эми аны жоюу үчүн күрөшкө чакырып, глобалдык проблемалар деп китеп кылып жазып чыгуу бул ачылыш! Жер бетиндеги жашоо талкаланып калбасын деп, келечекке кам көрүү бул – эрдик! Ч. Айтматовдун романында баарыбыз күн сайын эле көрүп, угуп, билип жүргөн фактылар жөнүндө сөз болот. Бирок жазуучунун чеберчилиги ушунда –ошол биз күндө көрүп, билип, бирок айта албай жүргөн фактыларды чыныгы таланттуулук менен баарыбызга күчтүү таасир эте ала тургандай кылып, өз сөзү менен жөнөкөй жол менен айта алгандыгында. Муну «Бетме-беттеги» Ысмайылдын ыплас өзүмчүл турмушунун көрсөтүлүшүнөн тартып, «Кассандра тамгасы» романына чейинки чыгармалар далилдей алат. Демек, куралданууга, жакырчылыкка, оорууларга, социалдык толкундарга, согушууга, сойкулукка, баңгиликке жана башка жогоруда аты аталган проблемаларга каршы күрөшүү, эл аралык экономикалык мамилелердин түп тамыры менен жаңылануусу демократия башатында оңойго турбайт. «Соображения глобальной экологии должень стать самоочевидными для всех людей, должны измениться и миропонимания человечества, и вся общественная психология. Для этого потребуется соответствующее воспитание. Знание законов сосуществования цивилизации с биосферой, представление о биотехносфере» должень стать и несомненно станет – само собой разумеющимся для нового поколения. Экология – учение о взаимоотношениениях живых организмов – должен быть одним из важнейших

[1] Крапивенский С. Э. Социальная философия. – Волгоград, 1996. – С. 81.

аспектов науки»[2]. Муну балдар бакчасынан тартып, жогорку окуу жайларына чейин ар бир пендемин дегендин баарынын мээсине «табигат» деп куюп окутуу керек. Бирок кеч болсо да кыргызстандын гумманитардык университеттеринде экология факультеттери ачылган. Ал факультетти алгачкылардан болуп аякташкан замандаштарыбыз азырынча өз максаттарын жакшы түшүнүшө элек. Келечекке кам көрүү өлкөбүздүн негизин түзгөн коомдук түзүлүштүн алкагында өтүүсү керек, ошондо гана биз келечекти, токойлорду, таза аба менен камсыздоону, ичүүчү сууларды таза сактоону камсыз кыла алабыз. Азыркы жашоонун эң биринчи суроосу: «Дүйнө түбөлүктүүбү?» Бул азыркы саясий философиянын согуш жана тынчтык боюнча жобосу. Ага альтернатива жок. «Кассандра-эмбриондордун үнүнө – Жерде кулак төшөлүшү, ал эми алардын чакырыктарына адамзат маани берип кабыл алышы керек. Жок, бул өттү-кетти нерсе эмес, сөз түбөлүктүүлүк жөнүндө баратат. Түбөлүктүүлүк өзүнөн-өзү түбөлүктүү, ал эми адам түбөлүктүүлүккө өзү жетиши, түбөлүктүүлүктүн кредитин тукумдан-тукумга узартып отурууга тийиш; анын жападан жалгыз жолу адеп-ахлак жактан өзүн өзү өркүндөтүү. Прогресс бар болгону идеянын техникалык тиркемеси. Керек болсо бүткүл дүйнөнү жок кылууга даяр турган фанатик диктатордун колундагы ядролук курал ошонун ачык мисалы»[1]. Акыркы отуз жыл ичинде бир же бир нече атомдук согуштар болору мүмкүн, ошол эле учурда атом террористтин колуна түшүп калуусу да ажеп эмес[2], деп тынчсызданышат болжолдоочулар. Мындайда Филофейдин теориясы боюнча негативдүү кассандра-эмбриондордун төрөлүшүнө жол бербөө гана согуштан, кан төгүүдөн, жакырчылыктан, кайгы-кападан, кыямат кайымдан сактайт деп айтканы чындыкка жакындай сезилет. «Кассандра-эмбриондордун берген белгилери жердегилерди тынчсыздандырар бекен, аларды генетикалык жактан тамам болуунун, демек адамзат цивилизациясынын тамам болушунун

[2] 500 days to save the planet , 1971, -402-бет.
[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., 1996. –32-33 б.
[2] Журнал «Futurist». – 1975. – №8. – Август. – С. 72.

кабарчысы катары кабылдашаар бекен?» деп тынчсызданат Филофей, өзүнөн Рим папасына жазган катында. Бул жерден жазуучунун өз оюн оңой эле билсек болот. Аталган романдагы фантастикалык мотивде шарттуу түрдө сүрөттөлгөн окуялар, Жер планетабызда болуп жаткан реалдуу чындыктан адамзат качып кутула албай тургандыгын, рухий кризистен чыгуунун зарыл жана туура жолун табууну, мейкиндик менен мезгилдин эң биринчи кезектеги токтоосуз ишке киришүүнү талап кыла турган маселеси катары алдыбызга коёт. Ч. Айтматовдун Ю. Разгуляев жана В. Хатунцев менен болгон дилмаегинде: «Демократиянын чеги болобу? Ушуну кандай түшүнөсүз?» деген суроолоруна төмөнкүдөй жооп берген: «Демократиянын чеги – эркиндик менен тартип. Анчалык коошпой калгансып сезилгени менен мен эркиндикти тартипсиз, тартипти эркиндиксиз элестете албайм. Канчалык алыс турганы менен да булар бири бирине ошончолук зарыл түшүнүктөр. Эркиндиктин асылдыгы канчалык болсо коркунучу да ошончо. Аны бузуп жиберүү коркунучтуу. Эркиндик жок болсо аны талап кылышат да, эркиндик болгон кезде аны бурмалашат. Муну мен так ошо эркиндикти берген же жеңип алгандарга карата карамүртөздүк, зулумдук деп билем»[1]. Кандай таамай айтылган сөз. Чындыгында адамга эмне жагат? Эч нерсеге алымсынбайт. Эч нерсеге тойбойт. Эч нерсеге чыдабайт. Мына бүгүнкү күндө деле биз демократиянын насилин сезе сиңирип алууга даяр эмес экендигибизди билип турабыз. Демократия деген муундар арасында мурас этер эң жооптуу асыл нарк. Басма жүзүндө да, оозеки сөздө баарын ачык айтып алууга жетишүү али демократия эмес, булар сырткы белгилери; накта демократия – баарыдан мурда киши менен кишинин, кооомдун бир катмары менен экинчи катмарынын бири-бирине аруу мунасасын жана ак пейилин тарбиялоочу татаал процесс, коом тагдырына жаңыча көз карашты калыптандыруучу эң чалкеш процесс. Кандай гана коом болбосун, эмне гана деп аталбасын эгер ал рухтун чыныгы эркиндигине

---

[1] Айтматов Ч. Статьи, выступления, диалоги, интервью. – М., 1988.

негиз түзүп бере албаса, демек андан эч кандай майнап чыкпайт[2]. Азыркы адамдарды 20–30-жылдардагы адамдар менен салыштырууга болбойт. Анткени азыр адамдар көп жагынан өзгөрдү, маданияттуу, билимдүү, сезгич, баамчыл, болушту. Көп нерсеге жетиштик, бирок кемчилигибиз башыбыздан ашат. Ч. Айтматов кайсы бир маегинде: «Технически человек уподобился богу, нравственно остался варваром» деп өкүнүч менен айткан сөзү дал ушул романында терең көркөмдүктө, конкретүү адам тагдырлары аркылуу чебер чагылат. Бирок бизде, кыргыз салтында, улуу нравалык көрөңгө али сооло элек деп ишенгим келет. Бул жөнүндө «Ак кеме» повести дагы бир жолу эске салып турат. Ак кеме – бул адамзаттын аппак келечегинин тунук элеси. Адамдар байыртадан өз тукумун уланып турушу үчүн кам көрүп келишкен. Тээ өткөн жоокерчилик замандарда деле көз жуумуп бараткан адам да өз перзентине керез айткан. Адамдын улуу көчү-бүтпөс көч. Ооба, мындай тукум улантуу аракети ар бир элдин кылымдардан кылымга келе жаткан улуу жолу, улуу көчү болуп саналат. Ч. Айтматовдун «Көздөн учкан көк жээк» аттуу повестин окуган сайын тукумун улантуу үчүн каармандардын өз жандарын өздөрү өлүмгө кыйышы эске түшпөй койбойт. Ошентип, адам тукумун соолтпос үчүн улантылып келаткан улуу күрөштө адам гана укмуш эрдиктерди көрсөтө ала тургандыгы повестте бөтөнчө поэтикалык күч менен даңазаланат. Ошондуктан биз дагы бизге берилген бул ыйык энчини улуу көчтү кыйшайтпай кийинки муундар үчүн аздектеп сакташыбыз керек, аларга түз жеткиришибиз керек. Ар кандай, эң бир жалындуу жана эң бир таасирдүү үгүт-насият да мисирейген таш боор мүдөөнүн алдында алсыздык кылаары баарыбызга белгилүү. Мындай ырайымсыз прагматизмге күчү жетер бир гана кудреттүү арга бар, ал жазуучунун талбай кайталай берчү сөзү: «Планетанын азыркы туштагы калкынын басымдуу көпчүлүгүнөн куралуучу адамзаттын дүйнөлүк акыл-эси жетик көз караш менен жакшылыктын ширөөсүнөн бүткөн тунук акыл-эс болот. Демек, гуманизм

---

[2] Айтматов Ч .8-т. – Б., Бийиктик, 2008. –224-бет.

алысты көрө билип, уюмдашып, бир максатты көздөй алганда гана күчтүү. «Бүгүн биздин дүйнөнү үчүнчү дүйнөлүк согуштун коркунучунан сактап калуудан ашкан мүлдө планетанын масштабында адамдын акылын ээлеп, жалпыны кучагына алган идея жок».

## 1. 2. Нравалык-философиялык маселелердин көтөрүлүшү

Ч. Айтматов адабий чыгармаларында адамгерчиликти, эркиндикти, адам баласына урмат-сый көрсөтүүнү бийик сапаты прогрессивдүү идея катары сүрөттөө боюнча чебер уста. Адамгерчилик, нравалуулук, маселелери жазуучунун «Кызыл жоолук жалжалым», «Бото көз булак», «Ак кеме» повестеринде, «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» романдарында жана «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасында (авторлош жазылган) да көркөм чечилген. «Кызыл жолук, жалжалым» повестиндеги Илиястын жаңылыштык кетирип, кайра оңолушу – бул адамдын жан-дүйнөсүнүн тазарышынын, жаңырышынын татаал диалектикасынын бир мыкты көрүнүшү. Ал эми «Фудзиямадагы кадыр түн» чындык үчүн акыр аягына чейин бекем турган Мамбеттин таза турпаты менен автор нравалуулук проблемасын күн тартибине өтө курч койгон. Ошондой эле чыныгы нравалуулук деп, биз Данияр менен Жамийланын күжүрмөн эмгегин, ачык, ак көңүл, шайыр мамилелерин, жүрөктү, тулку-бойду эриткен таза сүйүүлөрүн айтсак болот. Ал өзүнүн гуманисттик философиясын чыгармаларында гана туруктуу чагылдырбастан мезгилдүү басма сөздөргө берген интервьюларында деле глобалдуу проблемаларды көтөрүп келгендиги менен белгилүү. Мисалы, 70-жылдардын башында эле Айтматов акыл-эс проблемасына кайрылгандыгын, анын басма сөз беттерине берген интервьюларынан көп кезиктиребиз. «Ядролук курчоодогу акыл-эс» деген диалогунда; кантип эле көсөрлүк, акыл-эстен артык болсун, акыл-эстин бул жаңы

дүйнөдө башка өтөөр кызматы, аткараар милдети калбай калсын?[1] деген суроо коюп кандайдыр бир үрөйдү учуруучу илимий ачылышты мисалга тартып ой бөлүшсө, «Дүйнөнүн жаңырыгы» деген макаласында: «Илимий техникалык революциянын таасири менен биздин сезимибизде, психикабызда, рухий турмушубузда жылыштар, өзгөрүүлөр болуп жатат. Деги илим өзүнүн кийлигишүүсүн акыр аягында токтотууга тийиш болгон дүйнөдө бир сырлардын сыры, ашып өткүс чеги болушу керек го дейм. Адамды лабораториялык жол менен жаратууга аракеттер жасалып жаткандыгы жөнүндө окуп же угуп калганымда үрөйүм уча түшөт, коркутат[1]. Мына ушул үрөй учурган илимдин ачылышы «Кассандра тамгасындагы» Филофейдин жан сырында кеңири айтылат. «Жасалма уруктандыруу менен жашыруун төрөлгөн адамдарды жаратуу жөнүндө ой биринчи жолу малды жасалма уруктандырууга салыштырмалуу келип чыккан – дейт Филофей – адамды жасалма жол менен жаратуу маселесине киришүү менен эксперименталдык биология алда канча алыска кетти»[2]. Ошентип бул тема жазуучуну мурда эле ойлонтуп келгендигин байкайбыз. Бүткүл адамзатка кайрылган чакырыкты автор өзүн космос монахы атаган Филофейдин Американын «Трибюн» газетасы аркылуу Рим папасына кайрылган катында: «Жамандык, жамандык менен алмашып, үрөнүн кийинки жамандык үчүн таштап келатат, бул жүрүп отуруп, адамзатты мүлдө жок кылуучу коркунучка айланат» деп баса белгилейт[3]. Роман «Тавро Кассандры» посвящается чудовищной сущности насилия над природой человека что может привести к мировой катастрофе. Здесь насилие рассматривается не абстрактно, как насилие над природой вообще, а конкретно насилие над природой человека»[4] Философ ойчул Аристотель: «Эгерде биз билим жагынан

---

[1] Айтматов Ч. Дүйнө бизди өзгөртөт, биз дүйнөнү өзгөртөбүз. – Ф., 1986. –106-б.
[1] Айтматов Ч. «Кассандра тамгасы». – Б., 1996, –172-б.
[2] Ошондо, 193-б.
[3] Ошондо, 25-б.
[4] Файзуллаев С.А. //Литературоведение социальные и гуманитарные науки. – 2000. – №3–4.

алга барып, нравалуулук жагынан артта калып калсак, анда биз алга карай эмес, артка карай бара жаткан болобуз» деген. Демек, адамзат жан дүйнөсүн ар дайым таза сактоого милдеттүү турбайбы. Каттын Рим папасына жөнөтүлүп, ал эми анын мазмуну менен элди тааныштыруу милдети Американын «Трибюн» газетасынын редакциясына жүктөлгөндүгү жөн жерден эмес. Биринчиден, Рим папасынын бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун алдындагы кадыр-баркы жана жоопкерчилиги баарыбызга жакшы белгилүү анын сөзү да адамдарга ошондой деңгээлде таасир этээри бышык. Экинчиден, Америка демекчи, «бардык мезгилдин жана элдердин эң күчтүүсү, дүйнөлүк цивилизациянын эң өнүккөн борбору» катары, атайын тандалып алынган. Филофейдин теориясы, асманда өмүр бою жалгыз күнгө, жанаша дагы бир күн пайда боло калса, адам баласы үчүн кандай күтүлбөгөн окуя болору сыяктуу эле элди ошондой таң калтырды. Бул ачылыш элди бир топ дүрбөттү. Филофей жашоодон баш тарткан түйүлдүктү «Кассандро-эмбрион» деп, ал эми энесинин маңдайындагы такты «Кассандра тамгасы» деп атайт. Бул теория ойдон чыгарылган жок өз экспериментинен, өткөн далилдүү чындык болгон. Филофей космостон «Трибюн» газетасына кабар-факс жиберди. Газетанын баш редактору эмне кылаар айласын билбей калды, кичине кечиксе эле, башка гезиттер чоң сенсация катары жарыялап салышмак. Анын үстүнө бул кабарды жарыялоо сыймыктуу да, ошону менен эле бирге түйшүктүү да эле. Бул иштин аягы кандай болоор экен деп, ийри олтуруп, түз кеңешип, бир келген «шансты» колдон чыгарбай жарыялап салалы дешти «Трибюнчулар»[1]. Деги бул эмне деген кабар-факс эле. Бул «ачылышты», бул «сырды», бул «теорияны», бул «комплексти», бул «кайрылууну», бул «методду» деп ар бирин атасак да туура келе берет. Филофейдин эксперименттик методу, илимий ачылышы, космостон зондаж-нурду жиберүү менен, энелердин

[1] Айтматов Ч. «Кассандра тамгасы». – Б., 1996, –7-б.

маңдайындагы пигменттик тактар аркылуу, эненин курсагындагы түйүлдүктүн «коом үчүн пайдалуу», «коом үчүн пайдасыз», экендигин билүү жана эненин курсагындагы түйүлдүк «өз тагдыры» кандайча болоорун, эненин ичинде олтуруп алып билүүсү эле. Эгерде ал түйүлдүктү жашоодо жаман тагдыр күтүп жатса, ал өз энесине кабар бере алат, мен төрөлбөй эле коёюн деп жарык дүйнөгө келүүгө каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болот[1]. Көрсө, адамдардын эмбриону пайда болгон биринчи эле күндөрүндө, эгерде ал канкор, зулум, чыккынчы же башка терс сапаттагы адам болуп төрөлөрүн сезсе, анда ал бул жөнүндө энесине кабар бере алат экен. Себеби ал Гитлердей, Сталиндей болуп жашагысы келбейт. Балким бул сыр мурда деле болсо болгондур, бирок шумдуктуудай болгон бул кабарды элге ачык айтып чыгуу, мага буюруп калганын көрбөйсүзбү деп айтат Рим папасына кайрылуусунда Филофей. Филофей илимий теориясын жөн гана баяндап койбостон, аны практикада бир келген жаман түштөй кездешүүчү реалдуулук катары көрсөтөт. Бир жаман жери – жашоого өз эрки менен жашагысы келбеген эмбриондордун саны өсүп баратканына зээниң кейийт деп тынчсыздануу менен белгилейт. «Ушул каргашалуу кырсык белгини» билүү биринчилерден болуп менин тагдырыма туш келгенине кейип, Жараткандан жардам сурап жалынам, жазмышыма таарынып ыйлайм. Мындай кыйноо эч качан эч кимдин башына түшкөн эмес, буйрук экен мага буюруптур[2]. Бул ачылышты эч кимге айтпай эле, элди акылдан адаштырып, жан дүйнөсүнө бүлүк салбай койсом деле болмок. Бирок мен өзүмө өзүм көп суроо бердим. Суроо бердим да, кандай жагдай болбосун, мага ачылган сырды айтпай коюуга менин акым жок деп чечтим. Анткени Кассандро-эмбриондордун саны көбөйгөндөн, көбөйүп баратат. Кассандранын тамгасы-эненин курсагында жатып алып, кыямат-кайымдын болоорун калтырап титиреп күткөн эмбриондук эсхаттын аянычтуу үнү. Ушунун

[1] Ошондо, 16-б.
[2] Ошондо, 20-бет

өзү анын жашоого болгон кызыгуусун өчүрөт[3]. Чындыкты жарыялоо жогоруда айтылгандай, асманда экинчи күндүн пайда болушундай эле абалга алып келди. Филофейдин теориясы газетага жарыя болоору менен, жалпы планетадагы элдин «төбө чачы тик турду». Теорияга каршы толкундоолор келип чыкты, уюштурулду, адамдын укугу кайда? КГБнын агентин асмандан атып түшүрүү керек? Биздин «личный» жашообузга кол салганга ага ким укук берди? Демократиялык өлкө деген ушулбу? Бизди Филофейден ким куткарат? деген жазуулар менен көчөлөрдө эл «жайнап» чыкты. Ошентип жан кишини алдына чыгарбаган атактуу окумуштуу ойлоп табуучу, космостун кечили Филофей тээ космостогу мейкиндиктен, жер бетиндеги адамдардын бейпил жашоосуна бүлүк түшүрүп, «жаңы ачылыш» жасап, анын сырын ачып, адамзат тагдырына назар таштады, адамдарды жан дүйнөсүн тазартууга чакырды[1]. Менин изилдөөлөрүм, жан-дүйнөбүздө биз өзүбүз жасап жаткан, акыр заманды алдын ала эскертүүгө багышталганына ишенемин. Мен түбөлүк бизди бийлеп алган өзүмчүлдүк менен сопусунуучулдуктун айынан өзүбүз өзүбүзгө айта албай келгендерди жарыя кылгым келет[2]. Филофейдин теориясы адам баласын ойлонууга, тазаланууга чакырат. Ал акыл-эсте жана жан дүйнөдө чындык үчүн жалынган өрттү тутандырат, отту саясий оюндар үчүн эмес, адамдардын жан дүйнөсүн жарык кылсам деген ой менен алып чыккан[3]. Инсандын асыл наркы бизде али өз ордун таба элек. Анан да биз ошол проблемаларга көп көңүл бурбайбыз. А алар болсо жыйналып, ашып-ташып, бышып жетилип, адамдын мамлекетке, мамлекеттин адамга, адамдын коллективге, коомго болгон мамилелеринде ачык көрүнө баштады. Кези келсе керкейип, кезинен ажыраса жанталашып арбаган, керт башынын дөөлөт, даңкын гана көздөп калган кишилер жийиркеничтүү, айрыкча андайлар адабият

[3] Ошондо, 22-бет.
[1] Ошондо, 32-б.
[2] Ошондо, 29-б.
[3] Ошондо,  34-б.

чөйрөсүнөн чыгып турса жан кашаят. Алар өздөрүнүн да, өңгөлөрдүн да өмүрүн кыят. Илгертен белгилүү го: жек көрүү адамдын акылын киргилдентет. Мына ушу эстен чыкпаса. Өңгөлөргө көз артуу, кызгануу, жек көрүүдөн өзүлөрүнүн көңүлдөрү киргилденген адамдарыбыз да жок эмес. Жарык дүйнөгө узак жашап, карыганча акыл кирбеген, өз өнөкөт өнүмсүздүгүнүн өчүн өзгөдөн алып, ар кандай кара өзгөйлүктөн кайра тартпай калган, атүгүл бала-бакчанын балдарына чейин өчөшүп басып жүргөндөрүбүз да бар. Өмүрүбүз чыны менен кыска экенин, карылык деген кечигип болсо да жанталашып өз көмөчүнө күл тартууга берилген мөөнөт эмес, жарык дүйнөгө канчалык узак жашаганыбыз ошончолук зор бакыт экенин баарыбыз алда качан түшүнсөк болмок. Жек көрүү, көз артуу, ызырынуу дартына жан кумарын жеңдирүү кишини жаркын күндүн ээси эмес, кара түндүн кулу кылат. «Огонёк» журналынын атайын кабарчысы Феликс Кузнецов менен болгон дил маегинде, жазуусу адамдардын жан дүйнөсүнүн жабыркашы тууралуу ойлорун ортого салган. Филофейдин теориясында дагы көп нерселер бар, ал жөнүндө ойлонуучу кез али алдыда. Бирок эмнеси болсо да, жан адамды калтырбай, жер жүзүндөгү пендемин дегендин баарынын башын катырды[1]. Бул сөздөрдү Борк айтып жатат. Ал «бул ачылышты» туура кабыл алды. Калың эл, бул ачылышты четке официально какканы менен, өз ичтеринде ар бири ынанды го деп ойлоймун. Тилекке каршы ата-эне болочоктогу туула элек наристесинен эч качан баш тартпайт. Баланы туура тарбияласаң баары ойдогудай болот дешет. Анда жашообузда күн сайын кезигип жаткан терс көрүнүштөрдү кандай кабыл алсак болот? Тилекке каршы эненин ичинде олтуруп алып, эмбрион өзү, өз эрки менен «өлгүсү» келгени тууурасында энесине кабар бергени да төбө чачыңды тик тургузат. Кассандра-эмбрион эмне үчүн өз эрки менен жашоодон баш тартып жатат? Алар эмнеден

[1] Изакеев С. «Кассандра тамгасы» жаңы кылымдын чыгармасы.// Республика. 15– 21декабрь. 1996.

коркушат? Алар биз баскан жолду баскылары келишпейт. В. Бондаренко «Подвиг совершает тот, кто не рождается на свет»[2] деп эң туура баамдаган. Бирок алар эмне үчүн туулусу келбегенине маани берип көрдү бекен? Эмне үчүн, башка кишиге эмес, өз энесине кабар беришет? Себеби, аларды адамдар басып өткөн жолдор, менен жазуучу белгилеп кеткен он төрт, санай келсең андан көп глобалдуу проблемалар коркутат, чочутат. Ошондуктан алар да адам баласынын тукуму тазаланышын талап кылып жатышат. Кассандро-эбриондун ички туюму өтө курч, доорду алдын ала сезүүсү бөтөнчө. Ошондуктан анын импульстарын баамдап түшүнүү – бул баарыдан мурда биз тышта жана ичибизде башаламан куруп алган дүйнөнү биз өзүбүз баамдап-түшүнүү үчүн себеп.

Бул жерде Кассандро-эмбрионду аборт жолу менен жоготуу керек деген тикелей мааниде түшүнбөө керек. Сөз бул жерде адам рухун, адам духун, андан ары өөрчүтүү жөнүндө жүрүп жатат[1]. Анан калса, аборт кудай алдында да чоң күнөө. Ал эми эненин организми үчүн бүтпөгөн кырсык. Муну мен эне катары, аял катары да жакшы түшүнөм. Бойго бүткөндөн кийин, эненин организминде көп өзгөрүүлөр пайда болот жана бардык органдар башкача иштей баштайт. Бул процессти бузуу организмге чоң зыян келтирет. Жатындан түйүлдүктү алып салган менен, жатын тогуз ай түйүлдүгү жок эле (фантом)[2] жаратылыш түптөгөн милдетин аткара берет! Филофейдин теориясынын түпкү мааниси, адам баласын аборт жолу менен жоготуу эмес, «адам духун» көтөрүү жолу менен өөрчүттү. Романдын негизин түзгөн фантастиканын түпкү маңызы мына ушунда. Бирок биз бекеринен медицинага кайрылган жокпуз. Маселенин экинчи жагы Филофей карыянын астрологдорго каршы чыгуусунда. Бул каршы чыгууга мен да каршымын. Андан көрө адам баласынын,

---

[2] Бондаренко В. «Чингиз, не помняющий родства // Наш современник. – 1995. – №4. –С. 138–146-б.

[1] Ч.Айтматов.»Кассандра тамгасы». – Б., 1996, 80-б.

[2] Паркер Э. Семь возрастов женщин. – М., ЭКСМО-Пресс, 1999. – С.87

жаныбарлардын физиологиялык жактан ден соолугунун өзгөрүүсү, Айдын жаңырышына, толушуна, байланыштуу болоорун эске алсак. Ай – Жердин бирден бир жандоочусу. Шар сыяктуу тоголок формада. Өзүнөн жарык чыгарбайт. Күндүн нурунан бизге жаркырап көрүнөт. Күн тийген тарабы +120°С чейин ысып, көлөкө жагы – 150°С суук болуп тоңуп турат. Жерди бир эле тарабы менен айланат. Ошол учурда өз огун тегеренген болуп саналат. Мындай айлануу 27,3 суткага барабар. Ай Жерге өз таасирин тийгизип турат. Натыйжада деңиз суулары сутка ичинде эки жолу тартылат жана ташкындайт. Мындан тышкары Жердин өз огун айланышына тоскоолдук кылып, ылдамдыгын басандатат[1]. Бул ойду 70-жылдары эле француз окумуштуусу М. Гоклен «Айдын толушунун адам баласынын мүнөзүнө таасир этиши» деген эмгегинде далилдеп көрсөтө алган. Ушундан улам элибизде да, Айга байланыштуу ырым-жырымдарды бекеринен колдонбойт экен го деген ойго кетесиң. Ай толгондо өнөкөт оруусу бар адамдар кайрадан орушуп, бети-башы шишип калгандарын дайым эле сезебиз. Адам жаратылыштын кичинекей бир бөлүгү экендигин, анын жашоосу жаратылыштын көп сырдуу нерселерине байланыштуу өнүгөрүнө ынанасың. Ошондуктан бойго бүтүрүп аборт жасап жүргөнчө, бойго бүтө электе натурпат Г. Малаховдун бойго бүтүрүү боюнча, аялдарга берген кеңешине көңүл бөлсөк. Айдын төрт фазасы жана отуз күнү бар деп белгилейт (1-январь, 8-айлуу күнгө барабар деп түшүнүү керек). Ошондо 1-айлуу түндө, бойго бүтүрүү жакшы, 2-айлуу түндө, кыз төрөсөм дегендер үчүн жакшы, 3-айлуу түндө, бойго бүтүрүүгө болбойт, бул күндүн энергиясы абдан күчтүү болгондуктан, өжөр, көк бет, оңой менен эч кимге баш ийбеген баланы жаратат[2]. Андан ары отуз күнгө чейин, айдын аялдардын организмине тийгизген таасири жөнүндө жазып чыгат. Ошол эле учурда, биология илимине

---

[1] Иманалиев Ч., Иманалиев К. Аалам жана Жер. – Б., 2001. – 14-б.
[2] Малахов Г. Оздоровительные советы для женщин. – М., 2002.

таянсак; англиялык окумуштуулар койду, америкалык окумуштуулар торпокту көчүрмөлөп (клон) ал тургай Англияда кишини да көчүрмөлөөгө аракеттенип жатканын эсепке алсак, анда «Кассандра тамгасында» жазылган окуялар, бүгүнкү күндө реалдуу чындыкка айлана баштаганынын күбөсү болобуз. «Филофейдин» «ачылышын» социалдык, биологиялык, медициналык, философиялык, диндик, моралдык позициядан комплекстүү түрдө талдоо керек. Ошондо биз чыныгы адам калыптана алат деп ишене алабыз. Мен Псковдук Филофей карыянын «адамзат тагдыры жылдыздар менен планетанын өнүгүүсүнө көз каранды эмес» деген темасына кайрылгым келет. Ал албетте, бул иш жогортон, Кудайдан деп түшүнгөн болуу керек. Эл ичинде адашып жүргөн афоризмчи: «Адам маңдайга жазганын көрөт, бала түйүлдүк кезинде эле анын болочок тагдыры маңдайына жазылып калат» деген сөздөр деле калетсизби деп чочуйсуң. Анда, Филофейдин илимий «ачылышынын» түпкү сыры, негизги мааниси эмнеде? Анын илимий «теориясын» эл туура кабыл алса, анда адамзат эволюциясынын, адам духунун өркүндөп, өсүшүнө шарт түзмөк. Адам баласынын жашоосундагы, жаңылыштыкка чоң бурулуш жасалмак, кылымдардан бери келе жаткан жашоо формалары, жашоо ыкмалары өзгөрүп, өзүнчө, ич ара «революция» жүрмөк. Жашообузда кадам сайын кездешип жаткан карасанатайлыкка, залимдикке, кайдыгерликке, мыкаачылыкка чекит коюлмак[1]. Айдын адам баласына таасир этиши тууралуу Библияда мындай дейт: Судьба зависит от дня зачатия, от Луны, от звёзд. Чтобы родить здорового ребёнка, вам необходимо соблюдать одно немаловажное условие. Не зачинайте ребенка под двцнадесятые праздники и многодневные и однодневные посты. Двунадесятые переходящие праздники, Пасха Христова, Вход Господень в Иерусалим, Вознесение Господне, День Святой Троицы.

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан, 1996. Сонку сөз ордуна. – 246-б.

Пятидесятница[1]. ж. б. Чындыгында «Боюндагы баланы жогот» – деген сөзгө, кайсы эненин төбө чачы тик турбасын? Тилекке каршы адам баласы бир мүнөттөн кийин эмне болоорун билбейт. Анын сыңарындай роман жарык көргөндө, роман-фантастиканы элестеткен. Жазуу кереметинен ажырады, эми мурдагы калыбына келе алабы, жок мен билгенден келе албайт го деп, сөөккө жеткире катуу айткан сынчы В. Бондаренко. Азырчы? Ушул жылдар ичинде бул романдагы окуялар реалдуу турмуш чындыгы болуп олтурат. Тактап айтканда, Филофейдин философиясы, Филофейдин теориясы, Филофейдин комплекси биздин көңүлдү өзүнө бурбай койбойт да, эмбриондордун коркунучу эмнени билдирет, деген суроону алдыга жылдырат.

Орус философу В. Розановдун мындай бир афоризми бар: «Чындык күндөн бийик, асмандан бийик, Кудайдан бийик, эгерде Кудайдын өзү чындыктан башталбаса, ал Кудай эмес, анда асман да асман эмес, жөн эле бир сормо саз, күн да күн эмес, анчейин бир жез табак. Филофей дал ушундай масштабдагы чындык үчүн күрөшүп жатат»[1]. А менин оюмча автор дагы ушундай масштабдагы чындык үчүн каармандарын өлүм эркиндигине алып барып такады. Чындык үчүн Лопатина, чындык үчүн Борк, чындык үчүн Андрей-Филофей өз жандарын өздөрү кыйышты. Лопатинанын трагедиясы Андрейдин көзүн ачты. Ал эми Борк менен Филофейдин трагедиясы, бул өлүп коюу гана эмес, эл алдында өз чындыктарын элге жеткире албагандыгында болуп олтурат. Адамдардын духун тазалоочу бир «шанс» бар экендигин адамдарга жеткире түшүндүрө албагандыгында болуп жатат[2]. Жыйынтыктап айтканда, Ч. Айтматовдун каарманы Кассандранын көзү ачыктыгы менен Филофейдин теориясынын ички байланышы, кездешүү точкасы алдыда боло турган окуяларды, көрүнүштөрдү, алдын ала болжолдоп айтуу болуп саналат. Романдын

---

[1] Валерия и Кира Соболь, Книга-календарь для женщин, РИПОЛ КЛАССИК, Москва., – 2006, – С. 96

[1] Асаналиев К. Асманда пайда болсо экинчи күн // Кыргыз туусу. – 1995. – 25-май.

[2] Асаналиев.К. Асманда пайда болсо экинчи күн // Кыргыз туусу. – 1995. – 25-май.

философиялык мааниси катары азыркы доордун (цивилизациянын) бүткүл карама-каршылыктарын илимий техникалык революциянын жана ойлоп табуучулардын адам баласынын турмушуна, дүйнөнүн тең салмактуулугуна, бир сөз менен айтканда, бүтүндөй Ааламдын жашаган турмушуна кедергисин, залакаларын тийгизерин, ачып көрсөтүүнү максат кылгандыгын белгилөө керек. Айтматовду изилдөөчү А. Акматалиев бекеринен төмөнкүдөй белгилебейт: «Айтматовдун руху, философиясы – Адам, жаратылыш, коом жөнүндөгү планетардык ой жүгүртүүгө барып такалат»[1]. Ушундай эле ойду «Космос Айтматов үчүн таза рухтун мекени»[2] деп С. Изакеев да бышыктайт. Романдын нравалык-философиялык маанисин чечмелеп отурсак төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз:

**1.** Роман философиянын негизги жобосуна (основной вопрос философии) жооп берүүчү инсандык добуш катары баалуу.

**2.** Филофейдин теориясы – дүйнөлүк цивилизациянын жаңылыштыгын, коомдун жаңылыштыгын сынга алуучу, адамзаттын келечегин сактап калуу үчүн үндөгөн тракт.

**3.** Кассандранын образын эпиграф кылуу аркылуу жазуучу адам баласынын өткөндөгүсү менен келечегин бириктирүүчү символдуу-көпүрөнү түзөт.

**4.** Окуялардын көп пландуулугу азыркы кездеги баш аламандыктын, рухий жактан жакырлануунун, адам баласынын жашоосуна кедерги болуучу коркунучтардын көптүгүнүн натыйжасында келип чыккан ой-жүгүртүүлөр.

**5**. «Кассандра тамгасы» – адамзаттын тагдырындагы кара так, кассандро-эмбриондордун жарык дүйнөгө келүүнү каалабагандыгы, адамдардын рухий жактан ойгонууга чакырган эртеңки күндүн апокалипсисинин алдын алуучу, эскертүүчү коңгуроо.

---

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан. Соңку соз ордуна. 1996, 242-б.
[2] Изакеев.С. Космос Айтматов үчүн таза рухтун мекени // Адабий гезит. 5(79) январь, февраль. 2003

**6.** «Кассандра тамгасы» – адамдардын жан дүйнөсүнүн булгангандыгын күчтүү, эмоциялык-экспрессивдик планда чагылдырган чыгарма.

**7.** Бул чыгарма, ар бир адам келечек муундардын алдында жооп берүүгө тийиш деген адамдык, инсандык парз жөнүндө окурмандарга айтып чыккан добуш.

Андыктан, Гегелдин сөзү менен айтканда, «Биздин адамдыгыбыз биздин жан дүйнөбүздө». Анын айнектей тунук болушу үчүн, дүйнөлүк цивилизациянын болуп көрбөгөндөй өнүгүп, социалдык катаклизмдер менен катастрофалар курчаган кезде туңгуюк абалдан чыгуу үчүн кандай жолду тандап алабыз, эмнелерди жасашыбыз керек? Жазуучунун төл сөзү менен айтканда кеп оролу ушунда. Айтылчу сөз айтылды. Ааламдын ачкычы бир жолу буралды[1]. Эми сөз окурмандарда. Романга ишенүү же ишенбөө, ар бир адамдын өз эркинде. Достоевскийдин сөзү менен айтканда «Фантастическое в искусстве имеет предел и правила. Фантастическое должно до того соприкасаться с реальным, что вы должны почти верить ему»[2]. Чындыгында да бул байыркылардын мифологиясыбы, же Гоголдун, Булгаковдун, азыркы Г. Маркестин фантастикалык реализмиби, же илимий фантастикасыбы – бардыгы өздөрүнүн ар түрдүүлүгүндө турмуш чындыгы менен жиксиз тутумдашып, айкалышып тургандыгы менен ишенимдүү. Фантастикалуулук ойдун шартын туюндуруп, турмуш чындыгынын кайсы бир жагын чоңойтот, ирилентет. Тандалып алынган белгилердин өнүгүү мүмкүнчүлүгүн аягына чейин ачууга аракеттенип, аларды философиялык жалпылоолор менен көрсөтөт. Фантастикалуулук- бул чындыкты жаңыча, күтүлбөгөндөй көз караш менен көрүүгө мүмкүндүк берүүчү турмуш метафорасы[3]. Улуу жазуучунун 1986-жылы «Литературная газетанын» кабарчысы менен болгон «Өтөлгөсү –

[1] Ч.Айтматов «Кассандра тамгасы», -Б., 1996, 34-бет.
[2] Достоевский Н. Записные книжки и тетради. 1860–1881//Лит. Наследство. Т. 86. Худ. лит-ра. 1973.
[3] Айтматов Ч.Чыгармалар жыйнагы. 8-т. – Б., Бийиктик, 2008. – 72-б.

өмүр» деген дил маегине көңүл бөлөлү. Биз бүгүнкү күндө гуманизмди социалдык негизден бөлүп карагандарга каршы чыгуудабыз, бирок ошону менен бирге, адамзаттын, жалпы эле цивилизациянын жок болуп кетишинин накта коркунучу пайда болгон ядролук доордо гуманизм жөнүндөгү биздин түшүнүгүбүз мурдагыдан кыйла кеңейди. Биз жалпы адамзат проблемаларына универсалдуу мамиле табууга аракет кылып жатабыз. Азыр дүйнө ушунчалык деңгээлдеги техникалык абалга, ушунчалык деңгээлдеги карама-каршылыкка жеткен кезде адамзат өз акыл-ою, колу менен жасаган жетишкендиктерге нравалык жактан өзү жете албай жаткан учурда, адабият менен искусство, башкача айтканда жазуучулар, сүрөтчүлөр адам баласына бүт билген каражаттары, бүткүл күчү менен, аң-сезимди аңтара күчтүү таасир берип, баасы адамзат өмүрүнө барабар ишенимден, максаттан жана милдеттен өткөн эч нерсе жок экенин айтып, түшүндүрүп, турушу өзгөчө маанилүү. «Тынчтык болсун, башка эч нерсенин кереги жок» деген жалпы адамзаттык ыйык насыятты биротоло бекемдөө керек. Анткени ар бир жазуучунун жашоо-турмушубуздун актуалдуу проблемаларын козгошу бизди, окурмандарды ой жүгүртүүгө, кошо кайгырууга аргасыз кылып, мына ушулар аркылуу кандайдыр бир жакшылыкка, нукурачылыкка алып барарына ишенемин. Адамды психологиялык планда изилдөөгө алып, анын моралдык-нравалык маселелерин козгоп, окурмандар чөйрөсүндө орун-очок алып, бүтүндөй сюжеттик шарттуулук ыкмасында өнүгүп, мезгилдик өлчөмгө жан киргизип, болочок турмуштун уруттуу учурларын элестеткен бул роман кыргыз прозасында, кыргыз адабиятында баалуу мурастардан болуп кала берерине шек жок.

# II БӨЛҮМ

# Реалдуулуктун мифологемада чагылышы – көркөм сөз каражат катары

## 2. 1. Чыгарманын өзөгүндөгү реалдуулук жана мифологема

Миф – бизче «улама» «сөз» дегенди билдирет[1]. Ал байыркы адамдардын жашоо тиричилигинен пайда болгон жаратылыш көрүнүштөрүнүн сырлары, кудайлар жана ойлоп чыгарылган ар кандай укмуштуу күчтөр жөнүндөгү чыгармалары. Мындай чыгармачылык адамдардын, дүйнөнүн сырларын түшүнбөстүгүнөн, аны ар кандай жоромолдоолордун натыйжасынан келип чыгып, узак убактарга чейин муундан -муунга өтүп жашап келген. Көптөгөн жазуучулардын чыгармаларынын жаралышына булак болуп да кызмат кылган. Жөө жомок болобу, же жөө жомоктон сырткары кара сөзбү, дегеле оозеки чыгармачылыгындагы сюжеттерде мифтик мотивдер сөзсүз катышып келген. Мурдагы, азыркы профессионал жазма адабиятыбызда да акын жазуучуларыбыз (көп учурда Ч. Айтматов) дагы мифопоэтиканын жардамы менен өз чыгармаларындагы айтайын деген идеясын ишке ашырып келишкен. Илимде бул-мифтик сюжеттердин трансформациясы деп аталат. Демек, дүйнөдөгү көпчүлүк илимпоздор далилдеп жүрүшкөндөй, миф-адам баласынын ой жүгүртүү модели болуп саналат. Мифтерде байыркы адамдардын дүйнөгө болгон көз карашы, жамандык, жакшылык жөнүндөгү нравалык түшүнүктөрү көрүнүп турат. Көп элдерде мифтер кеңири тараган болсо да дүйнөлүк көркөм адабияттын өнүгүшүндө грек мифологиясынын өзүнүн ээлеп турган чоң орду бар. Антей, Икар, Дедал, Прометей жөнүндөгү

---

[1] Мифология. Большой энциклопедический словарь. Гл. ред. Е.М.Мелетинский. – М., – 1976.

мифтерде баяндалган «Адамзат коомунун балалык доору»[1] тууралуу миңдеген муундар кызыгып окуп келе жатышат.

Мифтер бир нече түргө бөлүнөт. Алар:

1. Этиологиялык мифтер – табият көрүнүштөрүнүн пайда болушу жөнүндөгү мифтер;
2. Космогониялык мифтер – асман телолорунун келип чыгышы тууралуу мифтер;
3. Этногониялык мифтер – уруу, урук, элдердин пайда болушу жөнүндөгү мифтер;
4. Антропогоникалык мифтер – адамдардын келип чыгышын божомолдогон мифтер;
5. Эсхатологиялык мифтер – адамзаттын келечеги жөнүндөгү мифтер[2].

Мифтер кыргыз оозеки чыгармачылыгында да көп учурайт. «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпосторунун сюжетине да терең жуурулушуп кеткен мифтерди жолуктурууга болот. Жазуучулар мифти чыгармаларында колдонуу менен өз максаттарын ишке ашырып жүрүшөт жана азыркы окурманды ата-бабаларыбыздын түшүнүк идеалы, жашоо тиричилиги менен тааныштырат жана учурубузга, доорубузга, адамдарга алгачкы адамдардын моралы менен салыштырууга, баа берүүгө мүмкүндүк түзүп берет. Кыргыздардын мифологиялык ой жүгүртүүсүндө, дүйнө кабылдоосунда деле курчап турган жаратылыш чөйрөсүн өзүнүн гармониялык абалында, гармониялык турмушунда түшүнүүгө, аңдап билүүгө аракеттер болгон. Азыр да кыргыздардын рух табиятында, синкреттик ойломдун, дүйнөнүн бүтүн турушунда кабылдоонун традициясы, кыймылы, булагы токтоп калган жок. Тескерисинче, бул байыртан бери өркүндөп келаткан феномен илимий түшүнүк менен реализм методунун негиздеринде жаңыча транцформацияланды, өзгөрүлдү, жаңы баскычка көтөрүлдү. Ошондуктан азыркы адабиятта өткөн тарыхты

[1] Маркс К. Т. 2. –24-б.
[2] Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф., Мектеп, 1987. – 170-б.

жакшылап өздөштүрүү аракети күчтүү. Бул фактыны биринчи кезекте Чыңгыз Айтматовдун сүрөткерлик тажрыйбасынан жолуктурууга болот[1].

«Ак кеме» повестиндеги Бугу Эне жөнүндөгү, «Кылым карытаар бир күн» романындагы маңкурт жөнүндөгү мифтерди чыгарманын ыңгайына карап зор чебердик менен пайдалана алган. Ошондуктан кыргыз жазуучуларынын арасында миф мазмунудагы легендаларды сыпаттап жазып, чыгармаларында зергерлик менен ширетип кынап, ага терең философиялык мазмун берип, алар аркылуу азыркынын көйгөйлүү нравалык маселелерин көркөм чеберчиликте чагылтып жазып жүргөн Айтматов чындыгында эле астына киши салдырбай келет. Мифтерди колдонууда Айтматовдун минтип айтканы бар: «Человек у которого нет памяти, нет истории, нет духовных мифов, легенд, классики – обречен на духовную нищету; он не готов к восприятию сложнейшей современной жизни»[2].

Анын сыңарындай мифологиянын мааниси менен таанышуу көркөм дүйнөнү туюп билишибизди кеңейтет. Бизге, окурмандарга эстетикалык кооздукту тартуулайт. Азыркы башыбыздан кечирип жаткан тарыхый кырдаал мезгил менен мейкиндиктин өзгөчө айкалышы катары мүнөздөлүп, коомдук процесстердин алда канча татаалдыгы, парадоксалдуулугу менен түшүндүрүлөт. Учурдун катаал чындыгы катары бүгүнкү реалдуу турмуш коомдук аң-сезимдин өзгөчө формасы болгон – искусствого, анын негизги тармагы болгон адабий чөйрөгө, кыйла таасир берип, жалпы адабий процессти башка бир нукка бургандай болду. Мезгил койгон кескин талаптардан улам мурдагы эстетикалык дөөлөттөр жаңы концептуалдык жоболордун негизинде жаңыча баамдалып, улуттук маданий булактардын формасы, мазмуну, түшүнүм-түшүнүктөрү өзгөрүп кетти[3].

---

[1] Садыков А., Бакашова.Ж. Айтматовдун көркөм дүйнөсү. – Ф., 1997. – 45-б.

[2] Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою. – Ф., Кыргызстан, 1978. – С.81.

[3] Немзер А.С. Литературное сегодня. О русской прозе в 90-е годы. – М., Новое лит. обозрение, 1998. – С. 431. О Ч.Айтматове. – С. 15–17.

Учурдун талабы, анын тарыхый-логикалык жагдайы жалпысынан саясий-социалдык сферада болуп жаткан объективдүү өзгөрүштөр менен түшүндүрүлөт. Көркөм сөз өнөрү да, адабий процесс да коом менен бирге эски менен жаңынын, догматикалык ой жүгүртүү менен, новатордук ой жүгүртүүнүн карама-каршылыгына туш болду. Бул албетте, адам баласын курчап турган аң-сезимдин ички дүйнө менен эстетикалык мамиленин татаал, оош-кыйыш диалектикасын туюндурат. Бирок турмуш логикасы, объективдүү мыйзам ченемдер менен шартталган акыл-эстин алкагында түпкүлүктүү, ошол эле мезгилде чексиз менен ажырагыс байланыштын көрүнүшү менен бааланган проблемалар да жок эмес.

Алардын бири – жашоо турмуш менен эриш-аркак тынымсыз өнүгүп, адабий процессте кыйла көркөм дүрмөткө ээ болгон мифологема проблемасы. Көңүл токтотуп, өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе ал адабиятты, анын көркөм эстетикалык маңызын толук аңдоодо али түйүнү чечиле элек, объективдүү жана субъективдүү себептердин натыйжасында адистердин көңүл сыртында калып, чечилбей, маңыз-мазмуну ачылбай келген, коомдук турмушту көркөм каражаттар менен аңдоочу көркөм эстетикалык кубулуш катары эсептелген маселелерден.

Башка адабий каражат сымал мифологема да сүрөткердин тигил же бул максатына ылайык чыгарманын маңыз-мазмунуна, түзүлүш турпатына жараша ар кыл көркөм функцияны аткарып, диапазон масштабы боюнча кең, ички табияты боюнча бай мааниге ээ.

Каражат демекчи, чексиз чечилбей, омоктуу ойчулдардын, таланттуу акын – жазуучулардын тынчын алып келген «дүйнө – коом – адамзат» үчилигин көркөм иликтөөдө тигил же бул каражаттын өз орду, мааниси менен колдонулушу чыгармачылык процессте зор роль ойнойт эмеспи? Бекеринен Гегель мифологияны «Адамдын акылынын педагогикасы» деп атаган эместир[1].

[1] Лифшиц М. Мифология древняя и современная. – М., Искусство, 1980. – С. 45.

Мифологема – адабий чыгарманын мазмунуна жуурулуп, тулкусуна сыйда сиңирилген, белгилүү бир көркөм мааниге эгедер каражат. Ал өз мезгилинде, коомдук аң-сезимдин өнүгүшүндөгү белгилүү бир (көркөм) этап менен байланышкан, тыш дүйнөнүн жөнөкөй – жупуну предметтүү – образдык, мифтик ыкма – жол, ойлоо менен таанып билүүнүн негизинде пайда болгон мифтерди же алардагы эпизоддорду эстетикалык жалпылоо, адабий анализ, көркөм иликтөө үчүн пайдалана турган өзгөчө жол. Бул каражат методологиялык жобо, тарыхый-логикалык айкалышына негизделип, чыгарманын мазмундуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн колдонулат. Адабий персонаждын образын толук кандуу чагылдыруу үчүн колдонулуп, көркөм абал-кырдаалдын, психологиялык чыңалышын арттырат. Жаратылыш чөйрөнү, турмуш жагдайды эстетикалык жактан кабылдоо менен бирге татаалдык менен жөнөкөйлүктүн диалектикасын туюндурат[1].

Мифологема байыркы грек (μῦθος) «уламыш» сөзү менен (λόγος) «ой, себеп» деген сөзүнүн айкалышынан куралып, көркөм чыгармачылыкта мифологиялык сюжеттерди, образдарды глобалдуу, көп кырдуу чагылтууда пайдаланылат. Биз талдоого алып жаткан романда айтылуу Касандра тууралуу кайгылуу мифтик чыгарманын идеялык өзөгү Кассандра кыздын жеке тагдырынын трагедиясы бүгүнкү заманбап турмушубузда бүтүндөй адамзат тагдырынын катастрофасына үндөшүп келе жаткандыгын кеменгер ойчул өкүнүч менен менен каңкуулайт. Бул мотивдин чебер колдонулушу дүйнөлүк топон суу, акыр заман мифологемаларына тете кабылдоого түртөт.

Миф же мифтик элес реалдуу мазмунга ээ боло алабы? Ал логикалык кубулушпу же логикалык эмеспи? Бул соболдорду түшүндүрмөлөө үчүн сөз болуп жаткан адабий каражаттын концептуалдык табиятын аңдап-түшүнүү зарыл. Тигил же бул маселенин

---

[1] Гайнутдинова Г.Ф. Мифопоэтика романа Ч.Айтматова «Тавро Кассандры»: Архетипические образы природных стихий // Актуальные проблемы современности. – 2008. – №4. – С. 35–38.

ички табиятынын, түзүлүш-маанилик өзгөчөлүгүн билбей туруп, анын динамикасын түшүнбөй туруп сырткы көрүнүштүн жана форманын, эпизод-окуянын далдаасында калган терең мазмунун байкабай да, көркөм эстетикалык функциясын туйбай да калышыбыз мүмкүн. Демек, миф же мифтик чыгарма менен объективдүү болумуштун өз ара карым-катнашы жөнүндө айтпай коюу мүмкүн эмес. Илимий теориялык практикада жогоруда аталган проблеманы түшүндүрүү үчүн эки көз караш белгилүү. Биринчи көз караш мифти кургак кыял-жорук, куру фантазия менен байланыштырып, ой жүгүртүүнүн өз ара байланышы боюнча ал логикалык кубулуш деп эсептеп, мифтик өлчөмдөгү онтологиялык аспектти танып, илимий жактан калпыс пикир таңуулайт. Экинчи көз караш, мындай калпыс пикирге каршы багытталып, мифтик ойлоо кандайдыр бир логикалык ырааттуулукка ээ деп эсептейт.

Эгерде мифтик ойлом өзгөчө мүнөзгө ээ болбосо, турмушту, андагы ар кыл көрүнүш – кубулуштарды ой жүгүртүүнүн формалары аркылуу чагылдырбаса, анда ал ойдон чыгарылган «айлампа» болуу менен бирге тарых бетинен адам коомунун бүтүндөй бир этабы негизсиз чайылып калмак. Демек, мифтик ойлом реалдуу маңызга, логикалык мүнөзгө ээ. Бирок, абстракттуу ойлом менен мифтик ойломду чаташтырбоо зарыл. Булардын ар биринин өзгөчөлүктөрү бар: алар эң жок дегенде нерселерди аң-сезимде чагылдыруу деңгээли боюнча айырмаланып турушат. Мифтик ойломго предметтер аркылуу образдар менен жупуну ой жүгүртүү мүнөздүү. Мифологема – (адабий каражат) менен мифтик ойлом чыгармада кандай айырмачылыктарга ээ боло алышаарына азыноолак токтоло кетели.

Мифтик чыгарма тигил же бул кубулуштар жөнүндөгү байыркы адамдын түшүнүгү, көз карашы. Ал эми мифологема болсо – азыркы адабий чыгармаларда конкреттүү көркөм-эстетикалык максат үчүн колдонулган субъективдүү каражат.

Ал жалпы чыгарманын композициялык – структуралык түзүлүшүнүн бир компоненти, өзөктүү сюжеттик линияга жуурулушуп, белгилүү бир адабий жүктү көтөрүп турган мифтик элемент. «Кассандра тамгасы» романындагы Кассандранын образы, киттердин образдары буга мисал жана далил боло алат. Өз мезгилинде мифтер «дүйнөкараш», «дүйнөтуюм», «дүйнөкабылдоонун» өзгөчө жолдору, философиялык жалпылоолор, бир бүтүн чыгарманын чакан бөлүгү, чыгарманын структуралык-композициялык элементи катары белгилүү болуп келсе, азыр «мифолегема» чыгарманын маңыз-мазмун, формасы жактан бүткөн көркөм компоненти болуп эсептелет. Жалпылап айтканда сөз болуп жаткан көркөм каражат «мифолегема» – объективдүү чындыкты, көрүнүш-кубулуштарды эстетикалык жактан аңдап-туюп, көркөм сөз, полотно, кооз боёктор аркылуу окурмандардын өзгөчө деңгээлде кабыл алуусун чагылдыруунун өзгөчө жолу. Ал айрыкча, өткөн тарых издерин жеңил-желпи, азыркы татаал турмуш шарттарын маңыздуу чагылдырат. Майтарылбас чындык, проблема-маселелерди сүрөттөөдө азыркы өнүккөн логиканын формалары менен эмес, жөпжөнөкөй туюм-түшүнүктөр аркылуу сезимге жеткирет. Мисалы өткөн тарых издери жөнүндө Андрейдин тагдыры сүрөттөлгөн окуяга көңүл бөлсөк:

«Менин тагдырымдын башталышы элдикиндей эмес, башкача болду. Ушул себептен мен өзүмдүн жаралышымдын, туулгандыгымдын сырын козгоодон качып, улам ары көлөкөгө түртчүмүн.

Мени ымыркай чагымда, жуурканга ороп балдар үйүнүн крыльцосуна, кире беришине таштап кетиптир. Менин фамилям Крыльцов болуп калганы да ошондон, балдар үйүндө берилген. Атымды Андрей коюшуп, атамдын атын да ошондон алышыптыр – Адреевич. Бул кайгылуу окуя мага кийин айткандарына караганда 1942-жылдын аягында, кыштын каардуу таңында болгон экен. Ал таң менин элдир-селдир эсимде, албетте, буга эч ким ишенбейт, ошентсе да, арга канча, мен болгонун болгондой айтып жатам. Апам басканда кардын кытыраганы эсимде турат.

Ошол кыштын таңында анын шашылып келатканы да эсимде. Эсимде, ал мени көкүрөгүнө бекем кысып, эки жагын элендей карап, денесин калтырак басып келаткан, анын дүкүлдөп катуу соккон жүрөгү мага угулуп турган. Ал катуу демигип менин кулагыма бир нерселерди шыбырап ыйын жана көз жашын тыюуга аракет кылып келатты. Балдар үйүнүн крыльцосуна калтырмак болуп, ал мени көтөрүп келаткан чакта мен жууркандын жылчыгынан анын өңүн, кар жабышкан кирпиктери менен көздөрүн, бозоргон асманды, сампарлап жай жаап жаткан карды көргөм. Балким апам мага ошондо: «Сен ыйла, катуу-катуу ыйла эл тез уксун!» – деп шыбырагандыр. Апам мени крыльцого койгондо бул эмнеси экенин мен дароо түшүнгөнүм жок. Мен сууктан үшүдүм, ал кайтып келип, мени бооруна кысып алат деп күттүм. Бирок ал бадалга жашынып, ары четте күрткүдө турду – келбей койду. Ошондо мен ыйлап кирдим, катуу ыйладым, аңгыча эшик ачылып, кимдир бирөө чыгып, мени колуна алып, көтөрүп кирип кетти...[1]. Бул сүрөттөөнү дагы уланта берсек да болмок жана бул сүрөттөөнү аз эле жазып келип талдасак да болмок. Бирок бул текстте символдук шарттуулук бар. Улуу согуш – улуу кайгы, улуу трагедия. Ал эми жогорку сүрөттөө чыгарманын романтикалык духуна жараша кирген өзүнчө бир эпикалык боёк – көркөм символ. Согуш канча адамдарды кайгыга салбаган. Кандай эне батынып, өз канынан жаралган баланы таштап кетсин? Шарт ошондой болуп калган. Немецтин канынан жаралган баланы «балам» деп өстүргөнү менен, коом кабыл алат беле? Ушул эле романда согушта, немец солдатынан кыз төрөгөн эне, элдин аңдып, артынан түшүп, куугунтуктоосуна чыдабай өзүн да, кызын да өлтүрүүгө мажбур болгон эпизод кездешет. А балким Андрейди деле ошондой тагдыр күтөт беле, ким билет. Кантсе да ар бир энеге «чыккынчы», «киши өлтүргүч» баласы деле «аппак» көрүнөт. Бекеринен карга баласын аппак дебейт эмеспи? Андрейчи, эне мээримин көрбөй, эне жытына зар болуп өспөдүбү. Мунун

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан, 1996. – 186-б.

баарын кылган согуш. Муну автор чеберчилик менен мифологеманын жардамы менен сүрөттөгөн. Бул согуштун кичинекей бир үзүмүн сүрөттөө чыгармага сүңгүтүлгөн кичинекей новелладай туюлат. «Чоң теманы» кичинекей новеллага сыйдырып батыргандай көрүнөт.

Мифологема көркөм сөз каражатын, көркөм чыгармада колдонууда эки маани бар: биринчиси – жогоруда белгиленгендей, ал чыгарманын маңызын, мазмунун, андагы көркөм жалпылоонун тереңдешин күчөтүү үчүн колдонулат. Экинчисинде көркөм каражат колдонулган мифтик эпизоддордун маңызында катылып жаткан, көбүнесе мурда байкалбай келген татаал жалпылоо мааниси ачылат. Бул көрүнүш айрыкча аталган романда кеңири байкалып турат. Демек, булар бири-экинчисин коштой жүргөн, карама-каршы, бирок бирин-бири толуктап туруучу нары татаал, нары терең диалектикалык көркөм кубулуш. Кыргыз профессионал адабиятында бул сөз болгон көркөм каражат же кубулуш жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармачылыгында активдүү жана толук колдонулуп келе жатат.

Жазуучу татаал турмуш көрүнүштөрүн бийик аң-сезим, өтө сергек акыл-эстин элегинен өткөрүп, алардын терең катмарында катылган жеке адам гана эмес, жалпы адамзат тагдыры менен байланышкан сырларды ачып берүүдө, коомчулукту тынчсыздандырган татаал маселелерди идирек иликтеп, аларды жугумдуу, жеткилең кылып тартуулоодо мифологеманы пайдаланат[1].

Чыгармаларынын жазылуу ыкмасына көңүл бөлсөк, анда жазуучунун 1963-жылы жарык көргөн «Саманчынын жолу» деп аталган повестинен тартып,»Кылым карытар бир күн», «Кыямат» «Кассандра тамгасы» чыгармаларында көркөм шарттуулук ыкмасы- өзүнүн концепциялык бийик деңгээлине жетип, дүйнөлүк масштабдагы маселелерди сүрөттөөдө кеңири колдонулган стилдик ыкмаларды байкайбыз.

[1] Кемелбаева А. Глас вопиющего в пустыне: Мифопоэтика в романе «Тавро Кассандры» Ч.Айтматова // Абай (Казахстан). 1998. – №4. – С. 10.

К. Маркс «греческая мифология составляла не только арсенал греческого искусства, но и его почву»[1] дегендей Айтматов да кыргыз адабиятында мифти чыгармаларында колдонууда негиз салуучу бийик устат бойдон кала берет. Тигил же бул чыгарманын тулкусуна сыйдырылган мифтер менен мифологема анын ырааттуу көркөм сымбатына, диалектикалык табиятына жуурулуштурулган бул көркөм каражат аркылуу адабий иликтөөгө алынган кубулуш философиялык жалпылоого багытталат.

Учкул ой, бийик аң-сезим, терең акыл-эс илимий теориялык категориялар менен гана аңдай турган татаал маселелерди жөнөкөй элдик түшүнүм-элес аркылуу туюнтат. Бир эле мезгилде эки турмуштук тарыхый жалпылыктардын ажары ачылат: Сүрөткердин айтайын деген ою жетилген деңгээлде окурманга тартууланат, чыгармадагы колдонулган мифологеманын, мифтердин тереңинде катылган сыры дайын болот. Ошондуктан «Толгонай менен Жер Эненин диалогу» же «Бугу Эне» жөнүндөгү уламыш, ошондой эле эсин жоготуп, адам кейпинен кеткен маңкурт, деги койчу, бардык чыгармаларында кездешкен мифтик эпизоддор жалпы эле конкреттүү чыгарманын сапаттык линиясы, мазмундук диалектикасы менен ажырагыс байланышта. Өтө чеберчилик менен жалпы чыгарманын көркөм тулкусуна ширетилген бул каражаттар, адамзат акыл-эси үчүн эң маанилүү маселе. К. Маркс айтмакчы: «Это – природа и сами общественные формы, уже переработанные бессознательно-художественным образом народной фантазией»[2]. Адамдын жашоодогу орду, болумуштун маңызы, чектүүлүк менен чексиздиктин, мезгил менен мейкиндиктин диалектикасы, анын акыл-эстин көрүнүшү жөнүндөгү көркөм жалпылоолорун туюнтат.

Ошондуктан жазуучунун чыгармаларындагы мифологемалардын ар бири кылдат, терең жана ар тараптуу анализди талап кылат. Мына

---

[1] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. Т. 12. – С. 73.
[2] Ошондо, – С. 73.

айтматовдук мифологемалардын концептуалдык аспектиси ушундай. Ал эми чыгармадагы миф жөнүндө айта турган болсок, чыгарманын темасы грек мифологиясы менен байланышып турганы менен жөн гана окуялардын мазмунун аныктап турат. Башкача айтканда, «Кассандра тамгасы» романында мифологиялык сюжет таптакыр жок, бирок, романдын негизги идеясы көзү ачыктыкка ишенбөө болуп эсептелет.

Мифтик чыгарма – бул байыркы адамдын түшүнүгү, көз карашы деп келебиз. Кассандранын образын кыйыр сүрөттөө менен адамзаттын бүгүнкүсү, эртеңкиден кооптуу экендигин эскертүү менен көркөм сөз чеберинин алдында жазуучу өз максатына жетише алган.

Мифологиялык образдар – адабият менен искусстводо мифтердин негизинде жаралган образдар. Мындай каармандар реалисттик негизге ээ болуу менен бирге, мифтик каармандарга мүнөздүү болгон элдин үмүт-тилектерин, фантастикалык сапаттарын алып жүрүшөт[1]. «Кассандра – эмбриондор» дагы эсхаталогиялык белгилерди берип жатабы, жокпу – текшерип билүү зарыл. Эсхатологиялык миф – тактап айтканда адамзаттын келечеги жөнүндөгү миф – бул романда көңүлдүн борборунда экени да ушундан улам болсо керек. Анткени, «Кассандро-эмбриондорго» тиешелүү статистикалык маалыматтар, кийин барып коомдун абалы жана өнүгүүсү жөнүндө билдирүүчү бирден бир кадырлуу социологиялык көрсөткүч болуп калат»[2].

Тарыхтын бүткүл өнүгүшүндө, муундан-муунга адамдар бири-бирин жана өзүлөрү жашаган дүйнөсүн системалуу түрдө тытып келгендигинен, өзүнүн тарыхый өркүндөө жолунда жетчү көп нерселерин кайрылгыс кылып жоготкондугун филофейдин ачылышы көрсөттү. Бүтпөгөн согуштар, алардын ичинен даңкка татыктуу дегендери да, революциялар, козголоңдор, көтөрүлүштөр, бийликтегилердин кылмыштары, мыкаачылыгы илимий багыттар менен идеологиялардын деспотизми – мына ушулардын бардыгы

---

[1] Мукасова А. Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романындагы реалисттик идеалардын фантастика аркылуу чагылдырылышы // Ч. Айтматов жана Кыргыз руху. – Б., 2004. – 68-75-б.

[2] Ч.Айтматов.»Кассандра тамгасы», Б., 1996, –140-б.

биригип келип адам жашоосун, адам тагдырларын дайыма талкалап, бүлдүрүп, элдерди бири-бири менен кайраштырып, адамдарды ач көз кылып келгендигин, баары Филофей ачкан кассандро-эмбриондордун үнсүз протестинен көрүнбөй турабы? Туулгусу келбеген эмбриондордун саны күндөн-күнгө өсүүдө. Алардын жашоодон баш тартканы – акыр замандын болору эмей эмне?[1] Ушул жердеги миф – эсхатологиялык миф же адамзаттын келечеги жөнүндөгү миф болуп жатпайбы? Ошондуктан Нестленин сөзү боюнча: «Чындык жөнүндө суроо пайда болгон жерде миф өз ишин аяктайт»[2] делет. Демек литос, логоско айланат[3].

«Тоодой киттердин тоодой толкундарды жарып, жээкти карай баратышы, Кремлдин үкүсү кандайдыр бир коркунуч күткөнсүп, Кремлдин мурдагы «акылмандарынын» сөлөкөтүн күндө бир маал издеп чыгышы, анан жаратылыштын сырдуу окуясына катар реалдуу түрдөгү адамдардын кан ичерлик жырткычтыктары, адамзат келип такалган эсхаталогиялык чындыктан кабар берет[4]. Чыгарманын эпиграфы менен темасы грек мифологиясы менен байланышып, романдагы окуялардын мазмунун аныктап турат. Кассандра – көзү ачык кыз. Мына ушул мифтеги Кассандранын көзү ачыктыгы менен Айтматовдун баш каарманы Филофейдин илимий экспериментинин ички сырын алдын ала айтуу болуп саналат. Аполлон Кассандраны жазалаган сыяктуу коом да, эл да Борк менен Филофейди жазалайт, Филофейдин теориясын четке кагат. Демек, Кассандранын образын түздөн-түз да, кыйыр да сүрөттөө аркылуу автор өз максатына жетише алган. Романда грек мифологиясы менен адамзаттын бүгүнкүсү, эртеңкиси, алдыдагы келечеги «улуу сабак» алуу үчүн байланышат.

Илгери-илгери мифтерди колдонуп келгендер мифтердин өзгөчөлүктөрүн жазып келишип, аны баштапкы дин, философия, адабият менен салыштырып келишкен. «Между тем мифы – это вовсе не сказки, и лишь с оговоркой можно их назвать и рассказами.

[1] Ошондо, 86-б.
[2] Лифшиц М. Мифология древняя и современная. – М., 1980. – С. 48.
[3] Грек тилинен которгондо, литос-чындык, логос-талкалануу дегенди билдирет.
[4] Асаналиев К. Асманда пайда болсо экинчи күн // Кыргыз туусу. – 1995. – 3-май.

«Мифотворчество – это важнейшее явление в культурной истории человечества, явление, господствовавшее над его духовной жизнью в течение десятков и сотен тысяч лет и, как мы увидим, непосредственно касающееся и нашей жизни. Над проблемой мифа ломают себе голову вот уже почти сто поколений ученых»[1] деп баса көрсөтүп кетишкен.

Дагы бир ой толгоону алсак, анда адабиятчы К. Асаналиев: «Көркөм шарттуулук жазуучуну турмуштук реалдуу проблемалардан алыстатпайт, тескерисинче, социалдык-философиялык маселелерди курч жана кескин сүрөттөөгө мүмкүнчүлүк түзөт», – деп белгилеши жазуучунун көркөм казынасында шарттуулук ыкмасы улам бир башка формага өтүп, жашоо-турмуштун маанилүү, көйгөйлүү маселелерин чечмелөөдө орчундуу мааниге ээ экендигинен кабар берет.

[1] Мифология древнего мира. Перевод с англ. И. М.Дьяконова. – М., 1977. – С. 9.

## 2. 2. Жазуучунун көркөм образ түзүү чеберчилиги

Адам демекчи, жашоодогу эң баалуу жана жападан жалгыз акыл берилген жандык биз болдук. Бирок, канткенде адам баласы өзүн «личность» катары көрсөтө алат? Ал мындай кырдаалда эмне кылуусу керек? Кандай нравадагы адам жакшы? Ички дүйнөсү таза, бай, сырт келбети менен ички дүйнөсү шайкеш келген, чыгармачыл, айкөл, жасаган ишине жооп бере алган, айткан сөзүнүн өтөөсүнөн чыга алган адам кантип калыптанат?

Түгөнбөгөн суроолордун түрмөгүнөн азыркы учурда жооп таба албай башың адашат. Анда «нрава» дегенибиз, орустун тилинен которгондо «мораль» экенин баарыбыз билебиз. «Жалгыз дарак токой болбойт» демекчи «мораль» дагы адамсыз супсак эле сөздүн бири болуп калмак. Албетте, адамды изилдеп түшүнмөйүнчө ааламды түшүнүү кыйын. Көркөм адабияттын негизги предмети да адам. Ошондуктан биз адамды образ кылуу менен ар тараптан чыгарманы өнүктүрөбүз, кенен-кесири изилдейбиз. Ошого эле туташ айбанаттар менен жаратылышты да бирге изилдейбиз, себеби, булар бири-бири менен тыгыз байланышта, ансыз чыгарма көркүнө чыкпас[1]. Анткени, образдар чыгармада символдук кызмат аткарып, көркөм мүнөздөрдү толуктайт, чыгарманын көркүн ачат, чыгарманын жүгүн көтөрөт, идеялык мазмунун түзөт. Мына ошондуктан бул жобого таянуу менен Айтматовдун романындагы образдарды жалпылап талдап чыгууну максат кылдык.

Кантип «жакшы» адамдарды «жаман» адамдардан айырмалоо керек, аны кантип айырмаласа болот? Деги, ким эле өзү жөнүндө: «Мен жаманмын жана жамандыкты жактырам», – десин? Ооба, адамдарды жеке бирден алып караганда да, ал айырмачылыкты билүү кыйын, ошентсе да айлана-чөйрөгө, жалпы эле дүйнөгө карата болгон мамиленин жалпы  жамааттык критерийи бар эмеспи? Ошентип, романдын жүгүн көтөрүүгө, катышкан каармандардын, ар бирине талдоо жүргүзөлү.

---

[1] Сыздыкбаев Н.А. О нравственной основе романа «Тавро кассандры» Ч.Айтматова // Междунар. акад. журнал. 2000. – №2. – С. 35–38.

Ч. Айтматов романда козгогон глобалдуу масштабдагы проблемаларга кайрылууда мурдагыларынан айырмаланып, бийик, актуалдуу илим адамдарынын, илимпоздордун тагдырына, алардын ой жүгүртүүсүнө, жасаган эмгегине басым коёт. Жазуучунун практикасында башкы каарманды, башка улуттун өкүлү кылып алуу жаңылык эмес. «Кыямат» романында дини жана улуту башка, орус адамы Авдий Калистратовду башкы каарман катары алса, «Кассандра тамгасында» башкы каармандардын бири кылып, океандын ары жагындагы материктин өкүлү – окумуштуу Роберт Боркту алат. Жазуучу аны жөн жеринен тандап алган жок. Проблемалардын глобалдуулугу ушундай кадам жасоого алып барды. Экинчиден Америка демекчи, бул өлкөдөгүлөр өздөрүн «бардык мезгилдин жана элдердин эң күчтүүсү» (самые сильные всех времен и народов) катары сезишет. Кийинки учурларда бул версия кээ бир башка өлкөлөр тарабынан да кубаттоого алынууда. Демек, Америка континенти чыгармада дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүүдөгү жеткен чеги катары автор тарабынан символикалык түрдө атайын тандалып алынган. Ушул өңүттөн алып караганда жазуучунун позициясынын тууралыгы ачыкка чыгат. Ал эми өзүн космостун кечили атаган, каттын ээси Филофей (Андрей Андреевич Крыльцов) болсо орус адамы. Ушундан улам азыркы дүйнөдөгү окуялар жер жүзүндө жашап жаткан бардык улуттарга жана элдерге тиешелүү деген тыянак чыгарууга болот.

Кылымдын социалдык катаклизмдери менен азыркы өнүккөн цивилизация бир топ глобалдуу проблемаларды пайда кылып жатканын билебиз. Романдын бүтүндөй жүгүн көтөрүүдө «Кылым карытаар бир күндөгү» Эдигей, «Кыяматтагы» Бостон менен Авдий да чабалдык кылмак. Ошондой эле кандай гана автордук чеберчиликке салып жазылбасын, ал чыгарма жасалмадай туюлуп калмак. Себеби, адамдын ички дүйнөсүнүн татаалдыгы баштатан белгилүү чындык[1].

---

[1] Үкүбаева Л. Ч.Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. – Ф., 1984. –160 б.

Роберт Борк – илим адамы, интеллектуалдуулугу бийик инсан. Анын образы аркылуу илимпоздордун турмушу конкретүү сүрөттөлөт. Ал өмүрүнүн аягына чейин жан дүйнөсүн байытып, дайыма изденүү багытында жүргөн, өзүнүн идеясын өтө берилүү менен аздектеген илимпоз. Ал өз илиминде турмуш чындыгы, абийир, адилеттик үчүн бүт өмүрүн сарптап келген. Гарвард университетинин окумуштуусу футуролог Роберт Борк ошол мезгилдин чыгаан илимпоздорунун бири эле. Калк арасында аздыр көптүр таанымал, студенттер арасында кадыр – барктуу киши. Үй-бүлөдө сүйүктүү ата, жар жана келечек үчүн кам көргөн, элдин мүдөсүн ойлогон айкөл адам. Көп эмгектердин ээси, эли үчүн ак эмгектенген мыкты адис, акылдуу илимпоздун бир купуя сыры боло турган. Ал- киттердин жашоосу жана өлүмү эле. Киттердин үйүр – үйүр болуп биригип, капысынан эч себепсиз, чогулуп сүйлөшүп алышкансып, түн жамына жээке келишип, суусу кызыл ашыкка жетпеген жерге бой таштап, чаңкап өлүүсү таң калтырчу. Ошол жээкте, артындагы океанга кайра кирип кетүүгө кенедей да аракет жасашпай киттер өлүшөт[1]. Алар эмне үчүн минтишет эмнеликтен, себеби эмне? Жаныбарлар дүйнөсүндө мындай болбойт, киттердин өз жанын өздөрү кыйышы биологиялык түрдүн өзүн өзү сактоо законуна карама-каршы келет. Башкача айтканда, табиятка туура келбейт. Атаганат, ушул сырды ачып, сүйүктүү жарыма мактансам дегенде денеси балкып кетээр эле. Ошол күнү футуролог Роберт Борк Европадан кезектеги конференциядан кайтып келаткан. Сөз дагы эле баягы дүйнөлүк цивилизациянын келечеги жөнүндө, монополярдуу өнүгүүнүн коркунучу жана башка ушуга окшогондор жөнүндө жүрдү. Булар Борк үчүн дайыма актуалдуу эле. Жыл өткөн сайын, бул эмгектерин, илимин канчалык терең өздөштүргөн сайын ошол көшөрүп изилдеген изилдөөсүнүн аягы жоктой сезиле баштаган.

Роберт Борктун ою боюнча, азыркы кездеги адам баласынын алдында таптакыр башкача проблемалар турган. Бул капысынан күн

---

[1] Айтматов Ч. «Кассандра тамгасы». – Б., 1996, –43-44-б.

табын жоготуп, сууй баштаганда, же тескерисинче, өтө ысып кеткенде адамзат сезгенге салыштыраарлык нерсе болмок[1]. Бул жаңы проблемаларды ойлоо менен адамзат ал проблемадан кантип чыгуунун жолдорун, формаларын ойлоп тапмак. «Мына ушул жөнүндө жазсам, келечектин өнүгүүсү тууралуу жоромолдоп жазып берсем, убактым жетээр бекен?»- деп кыялданчу. Бирок, илимпоз жашоосунда күтүлбөгөн бир окуя болоорун купуя сезчү. Ошентип, ал «бир күн» да келди. Боркту баарынан таң калтырганы – анын буга чейинки жашоосу, кыскасы, эмнеге жетишсе, ошонун баары Филофейдин ачылышын күтүп жүргөндөй сезилди. Эми гана чыныгы максатына жеткендей көрүндү. Жан-дүйнөсүнө бүлүк түшүп, болуп көрбөгөндөй канааттанууну пайда кылды. «Асмандан издегени жерден табылгандай», өмүр бою эңсеп жүргөн буюмуна жеткендей таасир калтырды. Ушундан улам космос монахы жазган ачылышты жан дили менен коргоого бел байлады. Себеби, футуролог Боркту акыркы күндөрдө дүйнөдөгү баш аламандык, эки жүздүүлүк, адамдарды оңой менен изилдеп чыгуу кыйын экени кыйнай баштаган эле. Гуманист илимпоз буга эч качан көнө алмак эмес. Ошондуктан тынчы кетип кассандро-эмбрионун ачып чыккан илимдин авторунун пикирлеши, жактоочусу болуп чыга келди. Адамдын жашоосу жөнүндө Роберт Борк ар дайым ойлончу. «Жаратылышынан адам алпейим болуп туулбайт, жок, ал үчүн талыкпастан жан дүйнөнүн күч-кубатын үрөө жана кол жетпес идеалга жетиш үчүн ар бир жолу, ар бир жаңыдан туулган сайын ага кайрадан киришүү талап кылынат. Адамдын бардык адамдык кудурети ушуга жумшалууга тийиш. Мына ошондо гана – ал адам»[1]. Кыскасы, жазуучуну адамзат жөнүндө кыйнаган ойлор Р. Борктун образы аркылуу ачылып берилген. Борктун дагы бир баса белгилеп кетчү касиети, бул – ал тарыхты жакшы билгендиктен ааламдагы ар бир улуттун бакыбат жашоосун, ошол улуттар арасында конфликттер аз болушун каалайт. Дин маселесине этият

[1] Ошондо, 67-б.

мамиле жасап, диний космополитизмди жактайт. «Кудайга болгон ишенимимде мен эч кимге жат эмесмин жана бизди Жаратканга адамдын бардык тилдерде жана наречиелерде кайрылган дубаларынын мага жаты жок»[1]. Ошондуктан Филофейдин илиминин келечегин сезип, Рим папасына жазган катын терең анализдеп, Филофейди космос пайгамбары деп атады. «Пайгамбар» деп аташынын себеби пенде үчүн калтырган илимидир[2]. Автордун берейин деген чыгармачылык ою, көздөгөн максаты чыгармада Борктун образынын өзөк болушу менен шартталат. Автор турмуш фактысын көркөм фактыга айландырып, натыйжада чыгарма ишенимдүү маанай жарата турган касиетке ээ болот.

Биз анын образы аркылуу жаркын келечек жөнүндө кам көргөн, алдыңкы көз караштагы гуманист окумуштуунун образына сарасеп салабыз . Ал ачуу чындык үчүн чымындай жанын кыюудан кайра тартпайт, экинчи жагынан өзүнөн кийин артында толгон тунук идеяларды, актыкты, изгиликти калтырып кеткен мурасчы. Борк айланада, коомдо болуп жаткан терс көрүнүштөрдү көз жаздымда калтырып, турмуштун учурдагы агымы менен агып кете берчү адамдардан эмес. Ал жаңычылдыкты, прогрессивдүү көз карашты тез кабыл алган жана ал тууралуу өз оюн жашырбай, тартынбай ортого сала алган, тайманбас образ. Жыйынтыктап айтканда, Роберт – бул акылдуу, илимий-техникалык революциянын адамы, эң башкысы, жаңы түзүлүштү жактаган жана андан үмүтүн үзбөгөн инсан – личность.

Чыгарманы окуп олтурсаң көз алдыңа адам жашоосунун татаал бир көрүнүшү, адамдын ар кыл тагдыры, илимдин жаңы түрүн ачып, кайра ошонун азабынан өзү курман болгон окумуштуунун тагдыры тартылат. Жазуучу ар бир чыгармасында коюп келе жаткан адам тагдырын ар тараптуу сүрөттөө ыкмасын бул жолу да кеңири колдонуп, адам баласы үчүн ачылыш жасадым деген ойдо, өзү билбестен маңкурттун жаңы түрүн жаратуучу илим ачкан окумуштуу Филофейдин татаал тагдырын жаратат. Ошондой эле алынган окуя, сүрөттөө, ыкма жаңыча бир караганда автор кээ

---

[1] Ошондо, 68-б.
[2] Изакеев С. Кассандра тамгасы жаңы кылымдын чыгармасы // Республика. 15–21декабрь.1996

бирөөлөр айткандай кыргыз кыртышынан четтеп, чет эл адабиятын ээрчип кеткендей туюлушу мүмкүн, бирок, таптакыр андай эмес, тескерисинче, жазуучу көңүлүндөгү көп оюн так ушул Филофейдин тагдыры, караңгы массанын трагедиясы менен дүйнө жүзүндө кездешип жаткан проблемаларды айтууга жетишкен[1]. Азыркы учурдагы жана өткөндөгү тарыхый кырдаалдарды, инсандарды жакшы билгендер, жазуучунун чыгармасындагы көп пландуулуктун зарылдыгын түшүнөөр эле. Эгер чындап азыркы цивилизациянын, илимий-техникалык революциянын залакалары пайдасынан көбүрөөк болуп кетсе, анда жер үстүндөгү жашоо бир тыйынга турбай калаарын (адамдардын жашоосун айтпай эле коёлу) бул кылмышка дал ушул кассандро-эмбриондор, болбосо дагы ушул сыяктуу бирөөлөр бараарын кантип көз жаздымда калтырып коё алабыз. Бир кезде Атлантида да шумдуктуудай өлкө болгондугун тарыхтын карт барактарынан гана окуп келебиз[2], а биздин жер шары да адамдардын туура эмес мамилесинен ошондой абалга туш келбейт деп ким кепил боло алат? (З. Ш. ).

Филофей – мүнөзү боюнча татаал каарман болгондуктан, аны деле башкы каарман катары карасак болмок. Бирок, андай болбоду. Кантсе да ага образдык аныктама берүүдө аны оң каарманга же терс каарманга кошуу кыйынчылыкка турат. Ошондуктан бул каармандын образын экиге бөлүп кароого туура келет.

Биринчиси- ал Филофей болгонго чейин ким эле?

Кадимки турмушта, реалдуу жашоодо ал Андрей Крыльцов деген катардагы адам болчу. Ошол мезгилдин көзү менен алып караганда чыгаан, алдыңкы илимпоздордун бири.

Андрей Крыльцов – татаал тагдырдагы адам. Ал таштанды бала, ата-эне, үй-бүлө деген түшүнүктөн оолак балдар үйүндө чоңойгон, өзүнчө социалдык катаклизмдин алкагында калган тип, өз чөйрөсүндөгү илимдин белгилүү бир системасынын туткунунда гана жашаган адам.

---

[1] Тагаев Б. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы трагедиялуулук. – Б., 2005. – 152-б.
[2] Рерих Н.К. Семь великих тайн космоса. – МРИП. «Феникс», 1982. – С. 223.

Ошол эле учурда ал кекчил, мансапкор, диктат. Буга өзү жашаган система жана гениндеги фашисттик белгилер себеп болот. Анын эксперименталдык жол менен ойлоп тапкан иксроддору келечекте ядролук жардырууну ишке ашыра турганын билсе да, солк деп койбогон кайдыгерлиги, ташбоордугу, дүйнөдөгү адам аттуунун ичинен эң коркунучтуусу экенинен кабар берет. Мансапкор дегенибиз, жаш экспериментатор, биологияда жаңы илимдин ачылышын баштоочусу, уюштуруучу, жетекчи катары кадыр баркка ээ болуп, көзүн туман каптап, эч нерсе көрүнбөй, мен кыйын илимпозмун деген менменсинүү күчтүү эле. Бардык адамдардан илимий жактан артыкча болсом дегенде эки көзү төрт эле. «Жан сырында» А. Крыльцов өзү жөнүндө төмөнкүдөй айтат: «Жашырганда эмне, мен адам баласынын каргыш тийген пендечилигинен алыс эмес болчумун, мен мансапкорлуктан, менменсинүүдөн алыс эмес болчумун. Мен дайыма өзүмдүн да, өзгөнүн да көзүнө көрүнүүгө, өзүмдүн кадыр-баркымды бекемдөөгө аракеттенчүмүн. Менин аркамдан: «Биздин гендик!» – деп шыбырашып калганда, ал дегеле «биздин генеральный директор» дегенди билдирчү эмес, ал «биздин гениальный диктатор» дегенди түшүндүрчү. Мен ага кенедей да терикчү эмесмин. Муну түшүндүрүү кыйын, бийликти ак эткенден так этип самоо, чаңкап көздөө – чынында эле адамзат пендесинин акыл жеткис табышмактарынын бири жана мен дагы өкүм жүргүзүүнү эңсечүмүн, тартипти талап кылчумун, өзүмдүн «жабык» лабораториямдын кызматынан кийин, директор болгон соң институттун кызматкерлеринен да кыңк этпей баш ийүүнү талап кылчумун: талант жана тартип – кадрларды тандоодо менин карманган принцибим ушул болчу[1]. Көрүнүп тургандай бул образ аркылуу автор «бийлик» дегенде эт-бетинен кеткен мансапкорлордун бетин ачат. Өзүмө жакшы болсо болду деп, өзгөнү унуткан маңкурттардын абийирин төгөт. Үй-бүлөдө да Андрей диктат эле. Аялынын төрөшүн каалабай нечен жолу аборт жасатып берди, кээде өзү жасады. Бул жерден Андрей аялын сүйбөгөндүгүн баамдайбыз,

[1] Айтматов Ч. «Кассандра тамгасы». – Б., Кыргызстан, 1996. –192-б.

өзүмчүлдүгүн байкайбыз. Мурдагы советтик балдар үйүнүн тарбиялануучусу кийинчерээк көрүнүктүү илимий ишмер Андрей Андреевич Крыльцов – Филофей өмүрүнүн көпчүлүгүн илимдин али ачыла элек сырларына багыштап, Москвадагы жашыруун мекемелердин биринде «келечекте коммунизм куруучу» деп эсептелген жасалма жол менен жарыкка келүүчү жаңы адамдардын түрүн анонимдүү түрдө жаратуу проблемасынын үстүндө иштейт[1]. Жашыруун жол менен жарыкка келген балдарды иксроддор деп атайт. Иксроддордун бүткүл дүйнөлүк жашыруун сыры бар экен: туулган балдар ата-эне дегенди билбеши керек, алар илим-билимдин бардык жетишкендиктеринен пайдалануусу зарыл. Бул институтка өкмөт тарабынан эбегейсиз финансылык жактан жардам көрсөтүлүп турган. Иксроддорду түрмөгө кесилген кыз-келиндерге генетикалык-биологиялык жол менен эксперимент жасашып, адамдарды инкубатордон чыгаргандай жаратып турушкан. Мындай зек аялдар «инкуба» деп аталган. Албетте, зек аялдар үчүн бул иш пайдалуу эле. Алар экспериментке макул болушса, башкача айтканда, жасалма жол менен наристелерди жарык дүйнөгө алып келип турушса, анда алардын түрмөдөгү мөөнөтү кыскармак. Бул жерден илимий ачылышка камкордук көргөн өкмөт да утуп, мөөнөтү кыскаруу менен зек аялдар да утушка ээ эле. Иксрод – бул «манкурттуктун» жаңы тиби, алар 21-кылымдын идеологиясынын рыцарлары болушмак[2]. Ошентип Крыльцовдун лабораториясынан күн сайын көптөгөн аялдардын жана келечекке жасалма жол менен келген наристелердин тагдыры чечилип турган. Бир кездеги таштанды бала экендиги жан дүйнөсүн бекем байлеп, айлана-чөйрөлөргө өзүн мыкты экендигин далилдөө жүрөгүнө кыттай орногон, канында фашисттик эгоизимдин, таш боордуктуктун зили бар Крыльцов түрмөдөгү зек аялдарга имплонтация жүргүзүп жүргөн күндөрдүн биринде капысынан Рунага туш болот. Руна Лопатина жашыруун жайга адам тагдыры менен ойногон азезилдин

---

[1] Аннинский Л. Из жизни подкидышей // Дружба народов. – 1995. – №7. – С. 189-191.
[2] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан, 1996. – 237-б.

(Крыльцовдун) адамдык сезимин ойготуу үчүн келгендигин айтып, бүткүл адамзаттын алдында жооп берүүгө тийиш экендигин эскертип, аны кылмышкер деп айыптайт. Өмүрү эч качан тескери пикир, эскертүү угуп көрбөгөн Крыльцовко бул окуя аябай катуу таасир этет. Айрыкча Рунанын трагедиялуу өлүмү да анын биротоло бир чечимге келишине түрткү берип, рухий жактан ойгонууга, ойлонууга алып келет. Инкуба болуу үчүн алынып келинген Руна менен болгон диалог анын ашынган түз сызыктуу турмушун таптакыр өзгөртөт. Анын гумандык сезими, абийиринин ойгонушу менен катар ага дагы кандайдыр бир керемет күч, сүйүү сезими пайда болот. Ал бул жаркын сезим анын ишиндеги ийгилигинен да, максатынан да, байлыгынан да, авторитетинен да, илимий идеяларынан да артык тураарын түшүнөт. «Менин жаңы турмушум эртеңки күндөн, Рунаны мага алып келген сааттан башталмак» – деп, бекеринен айтпайт, Филофей. Чыгармада реалдык шарттуулук диалог формасында ишке ашкан. Ушул жерден көз алдыңан сүйүү сезимдеринин керемет күчү чубап өтөт. Ооба, сүйүү сезими гана адамдарды өзгөртө алат, адамдарды жакындатат, жакшыртат, тазартат. Чын сүйүүгө кабылгандар гана бири-бирине өтө аяр, чын ниети менен мамиле кылышат, жардам көрсөтүшөт, колдошот, жөлөшөт, жакшылыктарды жарата алышат, турмушта майышпай чын дили менен эмгек кылышат. Таштай каткан Филофейдин жүрөгүн эриткен сүйүүнүн керемет күчүн көрбөйсүзбү! Андрей ошол түнү уйку – соонун ортосунда диванда уктап жатып добул башталганын сезет. «И на рассвете слышу грозу, разразившуюся в небе. Громыхала над крышей, за окнами лил мощный дождь. Не открывая глаз, я видел что происходит в природе, что я сам творил ту грозу»[1]. Илимпоздун жан дүйнөсүндөгү дүрбөлөң ушул чагылгандай каттуу эле. Бул жерде да, чеберчилик менен көркөм шарттуулуктун кошумча формаларынын бири-символду пайдаланган. Ал эртең жумушка барары менен Рунаны

[1] Айтматов Ч. Тавро Кассандры. – М., 1995. – С. 226.

алдырып, сүйүп калганын билдирип колун сурамак болот. Бирок, анын тагдырында бул сапар да жараткандын таш боордугу өкүмдүк кылат. Руна Лопатинага жолугуу ага экинчи жолу буюрбайт. Рунаны Андрейге алып келе жатканда, ал качам деп окко учат. Бул окуя анын акыркы үмүтүнүн кыйрашы эле. Аңгыча кайра куруу башталды, ал жасаган иш актуалдуулугун жоготкондуктан, көп узабай космоско аттанды. Космосто калып калуусунун башкы себеби да ушул болчу. Сүйүү сезиминен кийин ал өмүр жолун жана өзүн тазаланууга мажбур кылды. Бирок, ошондой таш боор көрүнгөнү менен анын жүрөгүнүн тереңинде кайсы бир мезгилде токтоп, уюп калган адамдык боорукердик сезим да бар окшойт. Болбосо кантип эле өтө ашынган ташбоор адам, тез аранын ичинде өзгөрүп кетсин? Бул сезимдин пайда болушуна балдар үйүнүн тарбиячысы Ваванын таасири көп тийген болуш керек. Себеби, Ваванын энелик мээрими ташты да эритмек. Иши кылып, сүйүү менен мээримдүү мамиле адамды сөзсүз эрите алат турбайбы? Менин ошондогу жүрүм-турумум, албетте, мени жакшы атты кылбайт. Анткени, келечекте баарынан ажырамакмын, темамдан четтетилмекмин, илимдеги абалды жоготуудан жаман катастрофа жок. Ооба, мен жеткен конформист бийликтин кулу экеним билинди, ошол кездеги интеллигенция азыр өзү жөнүндө кандай айтпасын басымдуу көпчүлүгү менден айырмаланчу эмес[1]. Автор илим жаатындагы ак менен караны Андрейдин образы аркылуу ачууга жетишкен. Андрей Крыльцов учурунда саясий түзүлүштүн кызыкчылыгын аткаруучу курал катары пайдаланылып, же болбосо атайын калыпта жашап келгенин түшүндү, мына ошондон кийин адамдык сезими ойгонуп, жашоодогу жаңы нукка түштү. Рунанын тайманбай бетине айткан сөздөрү кадам сайын кулагында жаңыра берди жана өзүнчө жыйынтык чыгарууга түрткү берди. Ал өзү жараткан иксроддор, (тексиз адамдар) чоңойгондо адамдарды жек көргөн, адамдарга жамандык жасаганга даяр турган иксроддор чыгып калса кантет?- деп чочулай баштады. Өз күнөөсүн моюнга алып, адамзат үчүн бир жакшылык

---

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан, 1996. – 215-б.

кылып кетүү үчүн Псковдук атактуу Филофей деген монахтын атын өзүнө ыйгарып алды.

Тарыхка кайрылсак – Филофей деген Псковдук Елеазаров монастырынын карыясы XVI кылымдын биринчи жарымында жашаган жазуучу болгон, Ал «Москва – үчүнчү Рим» саясий теориясынын түзүүчүсү. Чындыгында эле ошол Филофей карыя Рим папасына кат жазган экен. Филофейдин Псков элине, Москвалык князь Василий III, Иван IV падышасына жана Рим папасына жазган каты архивде азыркы күндө да бар[1]. Ал өз каттарында Псков элин Москвага кошууну жана Псков элинин өсүп-өнүгүүсү жөнүндө кайрылган. Ал эми Рим папасына кайрылган катында, ал адамзат баласынын тагдырына таандык болгон жалпы философиялык маселелер тууралуу ой жүгүртүп, адамзат тагдыры жылдыздар менен планетанын өнүгүүсүнө көз каранды деген астрологдордун ой пикирин четке каккан. Ошондуктан Крыльцовдун өзүн «Филофей» деп атап алышы төгүн жерден эмес. Мейли, азан чакырып мени эч ким монах кылбаса да, деп өзүн- өзү жубатты. Бул ат өзүнүн купулуна толду. Анын Филофей монах аталып алышы Андрей Крыльцовдун жашоосуна койгон чекит эле. Аны менен кошо бүтүндөй мурдагы идеялары талкаланып, таптакыр жаңы инсандын пайда болушуна алып келди. Жашоодо өз катаңды эртерээк сезип, калган өмүрдү туура жана пайдалуу жашоого эмне жетсин. Кеч болсо да өз күнөөсүн сезип, туура жолго түшкөн адам баласы коомубузда, жашообузда жакшы эле кабыл алынат эмеспи? Анан калса өз күнөөсүн билгенден кийин, адам калган өмүрүн пайдалуу жана туура жашоого жумшайт тура. Филофей космосто илгерки изилдөөлөрүнүн негизинде бир чоң «ачылыш» жасаган. Ал ачылыш адам баласын басып өткөн жолуна кылчайып карап ойлонто турган иш болчу.

Бирок, бул ачылышты эл жакшы кабыл албайт. Бир чети бул ачылыш мезгилинен бир аз эрте айтылып калгандай. Элдин жаалданган каарынан, чоң-чоң мамлекеттерде каршы чыгуу акцияларынан улам ушундай ойго кетесиң:

---

[1] Коваленко Ю. Чингиз Айтматов запускает на орбиту монаха Филофея // Известия. – 1994. – 30 янв. – С. 7.

«Мезгилинен эртерээк болгон» окшойт деп. Бирок, айтылчу кеп айтылып кетти.

Инсан деп мына ушуну айт! Ал ааламдын ачкычын бир бурап койду![1] Бул ачылышка футуролог Борктун берген аныктамасы. Жазуучу да бизге айтайын деген оюн ушул жерден билдирип кеткен.

Эмбриондорду эсхатологиялык жол менен жоюу аркылуу адамдарды жан дүйнөсүн тазартууга чакырыуусу, келечек үчүн камкордугу калың элге башкача туюлат.

Филофейдин оюн, максатын футуролог Роберт Борк гана илгиртпей түшүнөт, анткени, жогоруда айтылгандай, Борктун да бүткүл ой-максаты адамзаттын келечегин сактап калууга арналган эле. Бирок, тилекке каршы Борк да алысты көрө билбеген түркөйлүктүн курмандыгы болот. Борктун курман болгонун тээ космосто туруп атайын аппараттардын жардамы менен көрүп отурган Филофей адамдардын жан дүйнөсүн кара туман каптап алганына өкүнөт, рухий жеңилүүгө дуушар болгонун билип, ачык мейкиндикке чыгып, өз жанын өзү кыят.

Ошентип, элдин караңгылыгынан Роберт Борк менен космостун кечили Филофей өмүр менен кош айтышат. Ырас, булардын тагдыр сызыгы ар башкача жазылганы менен ойлогон ой-мүдөөсү, үмүт-тилеги, бирөө гана – ал жалпы адамзаттын келечек тагдырын сактап калуу! Дагы бир илимпоз каарман Энтони Юнгер да жаш илимпоздор чөйрөсүнөн.

Ал жаштыгына карабай алысты көрө билген, интелеги жогору, прогрессивдүү көз караштагы, максаты бийик ишмер. Өзүнүн позициясы боюнча эч кимге көз каранды эмес. Ошондуктан Ордоктун командасынан чечкиндүү түрдө чыгып кетет. Анткени, ал идеялык жактан Ордоктун таптакыр карама-каршысы. Ал келечектин ээси, Филофей менен Борктун ишин улантуучу, жаңы муундун өкүлү. Роберт Борк ишке ашыра албаган идеяны (түз эфирди) ал ишке ашырат. Борк чыга албаган курч кырдаалдан Юнгер кыраакылык менен чыгып кетет, акыл калчап чечкиндүү аракеттерди жасай алат. Юнгердин образы аркылуу кыргыз элинин эпосу «Кожожаш менен

---

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан, 1996. – 80-б.

Молдожашты» элестетсе болот. Кожожаш – Филофейдей көп зыяндуу иштерди жасап, зоодон түшө албай калса, Кожожаштын баласы Молдожаш ошол эле атасы аттап секирип жүргөн тоо-таштардан оңой эле өтүп, зоодон тез жана оңой эле түшүп кетүүсү жаш чечкиндүү Юнгерди элестетет. «Акыл – баштан, асыл –таштан» демекчи, келечекти сактап калуучулар дал ушул Юнгер сыяктуулар.

Оливер Ордоктун образы – романда терс каармандын образы катары чагылдырылат. Анын жаман адам экендигин анын фамилиясы эле айтып турат. Ал венгр болгон. Венгр тилинде «ордок» деген сөз бизче «шайтан» деп которулат. Ордок бийлик, мансап үчүн бардыгын, ал эмес адамдык абийирин сатып жиберүүгө да даяр. Ал жашоонун маңызы бийликте деп түшүнөт. Бийлик үчүн ал Роберт Борктун өлүмүнө себепкер болот. Ордоктун образы аркылуу жазуучу коомдогу бийликтин төбөлдөрүн, кызмат адамдарын сынга алат. Чындыгында да өзүнүн керт башынын кызыкчылыгы үчүн бүтүн адамзатты курмандыкка чалуудан баш тартпаган адамдардын жүзү Ордоктун образы аркылуу ачылып берилген.

Ордоктун образына карата А. Акматалиев: «Жазуучунун сүрөттөөсүндө каармандын трагедиясы – рухий дүйнөсүнүн жардылыгында, саясий сокурдугунда»[1] дейт. Алгач ал Боркко чалып, Филофейдин ачылышы тууралуу шайлоочуларыма эмне деп айтам?- деп сурап Борктун түшүндүрмөсүн туура кабыл алгансыйт. Бирок, шайлоочулар менен жолугуп, өз платформасын түшүндүрүп жаткан кезде шайлоочулардын берген суроолоруна: «Жерде эмбриондордун үнүнө кулак төшөлүшү керек» – деп жооп берет. Элге бул сөз жага бербегенин сезип, ошол эле заматта өзгөрүп: Мен эл мененмин, адамдын укугун бузуучуларга жол бербеймин, – деп шартка, ыңгайга жараша, өзгөрүлүп кетет, өзүнүн кызыкчылыгы үчүн Борктун идеяларын жокко чыгарат. Ошентип, эл аны колдоп, ал президенттик такка олтурат.

[1] Ошондо, 235-б.

Анын эки жүздүү, кубулма жүзү шайлоочулар менен болгон жолугушууда даана көрүнөт.

Автор Ордоктун бетиндеги сепкил тактардын күнгө чагылышып, бир башкача көрүнүшүн да, чебер сүрөттөгөн.

Романдагы бүркөлүп жааган булуттун артынан жарк этип чыгып келген күндүн нуру сыяктуу жаркын образ Руна Лопатинанын образы. Автор аялзатынын акылмандыгын, бийиктигин, тазалыгын Рунанын образы аркылуу ачып берет. Рунанын образы – бул адамзатты, келечекти алааматтан сактап калуучу, дүйнөнүн тынчтыгын тилеген, тынчтыктын тиреги болгон энелердин, аздек таза аялзатынын образы. Филофей ушул аруу аялга карай ойгонгон аруу сүйүүсүнүн башатын, тагдырынын кескин бурулушунун себепкери болгон аялды эскерип мындай дейт: «Мен кабинетимде олтуруп алып буркурап ыйладым. Өмүрүмдө бир гана жолу көргөн аялга буркурап ыйладым. Ал аялсыз менин калган өмүрүм бактысыз өтөрүн түшүнүп турдум».

Анын өмүрү зарылдыктан да эмес, атайын максатты да көздөбөйт. Түзүлгөн  кырдаал-шарт ушуга алып барат, анткени,  анын максаты ыйык эне катары бул турпатында жасалма икcроддордун жаралышы менен келише алмак эмес. Ал өзү өлүү менен маңкурттукка протест жасагандыгын билдирет. Эмнеси болсо да Рунанын өлүмү текке кеткен жок. Өлүмү гана эмес, бир гана жолку жолугушуусу Крыльцовдун жан дүйнөсүн аңтарып кетти, илимге болгон көз карашында «революция» болуп өттү. Кыскасы бир личностту, экинчи бир башка личностко өзгөртө койду, кадимки эле орус окумуштуусу А. А. Крыльцов космос кечили Филофейге айланды.

Чыгармада дагы бир аялдардын образы катары Жессинин образын алууга болот. Ал сүйүктүү жар катары Борктун «оорун колдон, жеңилин жерден алган» тагдырлашы. Борк менен Жесси кайрымдуулук концертинде таанышышкан. Ар күнү жолугушуп олтурушуп, акыры үй-бүлө курушкан. Күйөөсүнүн досу да Жессини чын дилден сүйгөн, бирок, батынып айткан эмес.

Борк эки-үч күндүк командировкага кетсе да, аялына тынбай телефон чалып турган. Алар бири-бирин жарым сөздөн, бир көз караштан түшүнүшкөн. Жесси менен Борктун ортосундагы тунук мамилеге, бири-бирин терең урматтоосуна, адамгерчиликтерине аларды тааныган адамдар абдан суктанышкан. Кудай Жессиден эч нерсени аяган эмес; сулуулукту да, акыл-эсти да, жада калса анын бир эле көз карашы да адамды өзүнө тартып турчу. Ал интеллектуалдуу жана руханий деңгээли бийик, искусство адамы. Бул образ аркылуу турмушта үй-бүлөлүк мамиленин идеалдуу элестүүлүгүн арттыруу үчүн берейин деген образын кооздоп, шөкөттөп отурбастан, автор элде кеңири колдонулуп жүргөн сөз айкаштары аркылуу романдын идеялык-көркөмдүгүн бир кыйла арттырган.

Анын искусствого болгон сүйүүсү жөн гана музыкага карата болгон кызыгуу эмес, Жессинин ички дүйнөсү да ошончолук таза, ошончолук аруу, анын жашоого умтулуусу да музыкадай ыргактуу жана тунук. Бул жерден Жессинин тагдырына карап туруп аялзатынын эң сонун адаттарды адат кылуусу жөнүндө кошсок туура болчудай.

Адаттан мүнөз, мүнөздөн тагдыр жаралат . Эгерде мүнөзүң жакшы болсо, жакшы адаттарың мол болсо, коомдо жакшы үй-бүлө күтө алам деп ишене бер. Мүнөзүң жакшы болсо, сөзсүз бактылуу жашайсың.

Жессинин жакшы мүнөзүнөн, күйөөсү илимдеги бийик-бийик ийгиликтерге жетишип олтурат. Анткени ал ар дайым чыгармачылык дем, чыгармачылык шык берип турат. Бул образ аркылуу, акыркы жылдардагы үй-бүлө маселесинин кырдуу шарттарына байланыштуу жакшы тарбиялык маанидеги табылганы көрөбүз. Адам деген атты таза сактоо, таза мамиле кылуу баарынан ыйык, баарынан улук нерсе экендиги да үй-бүлөдө ийгиликтин башаты болоору дурус ачылган. Адабият чөйрөсүндө байыртадан бери козголуп келе жаткан ыймандуулук маселеси Рунанын, Жессинин образдары аркылуу өзгөчө бир жаңы бийиктикке көтөрүлдү да, окурмандарга башкача таасир этүүчү чоң тарбиялык күчкө айланды. Кыскасы, романда сабырлуу, токтоо мүнөзүнө,сүйүүгө олуттуу мамиле кылгандыгына жараша Жессинин сырткы

гана эмес, ички дүйнөсү да ашкан сулуу экендигин автор реалисттик планда ишенимдүү сүрөттөй алган.

Жазуучу Филофейдин жан сырында аялдардын дагы бир жаркын образы аркылуу Валерия Валентиновнанын образын чагылдырат. Аны балдар үйүндөгүлөр Вава деп коюшчу. Айрыкча Андрейдин калыптанышына көп таасир берген. Жол көрсөткөн, акылын аяган эмес, музыкага үйрөткөн Вава катаал мезгилдин өкүлү болсо дагы, оор шарттарда да энелик мээриминен, боорукерлигинен тайбаган, гумандуу аял катары сүрөттөлөт. Анын акыл сөздөрү, сүйкүмдүү, мээрман элеси Андрей Крыльцовдун эсинде адамдык парзды бардыгынан бийик койгон эне катары сакталып калат.

Кыскасы, кыргыз прозасында каармандарга психологиялык анализ жасаган жана адамдардын турмуш жолунда өсүү жолун көркөм шарттуулук менен баяндаган- бул роман биринчиден, Улуу Ата мекендик согуштун сүрөтүн ачык, сүрөттөгөн чыгармалардан болсо, экинчиден, каармандардын мүнөзүнүн татаалдыгын согушка салыштырып, символикалык түрдө чечмелеген.

Уламыштар жазуучунун реализмине канат бүткөрүп, анын көркөмдүк ажарын ого бетер жаркырата ачат. Демек, миф, легенда сыяктуу фольклордук көркөм дүйнө эч убакта реалисттик чыгарманы жолдон тайгылтчу азгырмалардын катарына кирбейт. Кеп аларды реалисттик боёкко жуурулуштура ачууда турат. Ч. Айтматов минтип жазган: «Чыныгы реализм автордон да, окурмандардан да барып турган жалтанбаган поэтикалык кыялданууну талап кылат, анткени фантазиялоонун учкул нурлары натуралист жазуучулардын күңүрт баяндоосуна караганда чындыкты курчураак жана күчтүүрөөк жарык кылат»[1]. Айтматовдун көпчүлүк чыгармаларында фольклордун эң мыкты традициялары, элдик уламыштар кашкайган реалисттик сүрөттөөлөр менен жуурулушуп кеткендерине күбө этебиз.

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын көркөмдүк касиети тууралуу кеп козгогондо, албетте, анын элдик оозэки чыгармаларга кайдигер мамиледе эмес

[1] Айтматов Ч. Кирпичное мироздание или энергия мифа? Беседа с В.Коркиным// Лит.газета-1978.-29-март.

экени байкалат . Ар бир чыгарма, мейли легенда болсун, мейли уламыш болсун жазуучунун көркөм өнөрканасында ар бир улуттун тарыхы, эпосу, мифтери, уламыштары, санжыралары, жомоктору жаңы касиет, күчкө ээ болуп, өзгөчө бир көркөмдүктү жаратып келет.

Аларда өткөн турмуш жайбаракат сүрөттөлүп, ар түрдүү каармандарды, кызыктуу окуяларды камтыйт. Индиялыктар, япондор, америкалыктар, гректер, казактар, орустар бизге эмнеси менен тааныш? Албетте, өз тарыхтары менен. Алар бизге маданияты, сулуулугу, тарыхый шарттары менен гана белгилүү болбостон, миф-легендалары менен да көңүлүбүздү буруп турат[1]. Мисалы Фемида – чындык, Афродита – сүйүү, Посейдон – деңиз, Арес – согуш, Гея – жер, Артемида – ай кудайы жана башка болуп аталышат, жада калса ичкилик, тактап айтканда винонун кудайы Бахус да бар. Ошол жүздөгөн кудайлардын ичинен жазуучу көңүл бөлгөн «Кассандра кудайы» жөнүндө кыскача сөз. Кассандра деген сулуу кыз, Приама менен Гекубдун кызы. Ал кыздын көзү ачык болгон, боло турган жамандыктарды, жакшылыктарды көрөгөчтүк менен айткан. Тилекке каршы анын айткандарына адамдар ишенбей коюшкан. Адамдардын ишенбей коюусу Аполлондун (күн кудайы) Кассандрага берген жазасы. Анткени күн кудайы Кассандраны сүйгөн, кыз анын сүйүүсүн четке кагат. Ошондо жинденген күн кудайы Кассандраны сыйкырлап, элди ага ишенгис кылып салат. Ал эми романда болсо, Кассандра миф дагы эмес, кыз дагы эмес, жөн гана көзү ачыктыктын символу катары алынган. Кассандра – эмбриондорго символ катары колдонулуп, бул жерде чындык жатат, ишенсенер, ишенбесеңер өзүңөр билгиле деген чакырык жаткансыйт. Бирок романдын атын коёрдо, эпиграфын жазаарда, Филофейдин теориясынын маңызына көңүл бөлөөрдө, автордун оюнда мифологиялык Кассандранын образы жашагандыгы айтпаса да белгилүү. Айтматовдун Кассандрасы – бул жеке адамдын, ошону менен адамзаттын тагдыры – дейт А. Акматалиев – ал адамдын өзүндө, анын ички жана сырткы көрүнүшүндө. Бул

[1] Мифы народов мира. Энциклопедия. Гл. Ред. С. А. Токарев.

каармандардын кайгылуу коллизиясына негизделген миф менен реалдуу турмуш чырмалышкан чыгарма.

Кассандранын образын эпиграф кылуу менен жазуучу адам баласынын өткөндөгүсү менен келечегинин бириктирүүчү символдуу көпүрөнү түзөт. Жана ошондой эле жазуучу эпиграф катары кабыл алган «Кассандранын» образы туташ трагедияны каарына алып, анын көзү ачыктык менен айткандарын эч ким ишенгис кылып салганы «Кассандра тамгасында» Роберт Борк менен Филофейдин энчисине тийди. Ал эми романга ишенбөө биз окурмандардын энчисине тийген сыяктуу. «Кассандра» ошентип романдын бүтүндөй идеясынын жүгүн көтөрөт. Бардык окуялардын, кыймыл-аракеттердин ошол эмбриондордун тегерегинде түйүлүп, чечилип отурушу жазуучунун «Фудзиямадагы кадыр түн» аңгемесиндеги Сабырдын образына окшоп кетет.

Айтматовдун Кассандрасын оң жана терс образдар деп экиге бөлүп карасак жарашат. Оң – дегенибиз келечекти алдын ала айтып, эскертип, турганы болсо, терс жагы – көзү ачыктык кылганы.

Романдагы символ катары берилген тамга, эн, кыргыз элинде илгертен жашап келген термин. Элдер малдардын кулактарына, жылкынын сандарына эн салып, мал кимге таандык экенин туюнтушкан. Эн тамга малдарда гана болбостон ар бир элдин үрп адатында да кеңири колдонулат. Мисалы: биздин Кыргызстандын желегинде деле боз үйдүн түндүгү, ай менен балканын сүрөтү символ катары тартылган, бул да эн болуп эсептелет. Романда мындай деп жазылат: «Тавро Кассандры – это знак беды, крохотный сигнал о великой нашей беде, неожиданной прежде, неведанной людям»[1]. Бул эн тамга, жамандыктын сигналы. Ал аялдардын мандайындагы темгил тактан көрүнөт. Жыйынтыктасак, Кассандра эн тамгасы да ушул элдик салтка, шартуу философияга таянып аны чыгармага ыктуу киргизген

[1] Айтматов Ч. Тавро Кассандры. – М., 1995. – С. 137

жазуучунун дагы бир өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Башкача айтканда жазуучунун концепциялык символ катарында пайдаланган элдик мифтери чыгарманын өзөгүнө куп жарашып, сиңип, жуурулушуп кетет.

Жазуучу каармандарга ысымды тандап алууда өтө олуттуу маселелерди чечүүгө жетише алган. «Атына жараша заты» дейт кыргыз эл макалында. Жазуучунун руналык акактай тунук доорго байланыштуу тандап алган Рунанын ысымы, XVII кылымдагы монах Филофейдин урматына коюлган Филофейи, ошондой эле эки жүздүү, куйту, аба ырайындай өзгөрүлмө жасалмалуулук бүт боюн каптап алган, сасык саясатчылардын (шайтандын) Ордоктун ысымы чындыгында эле чыгарманын мазмунуна шайкеш келип, адамдардын мүнөзүн ачып берүүдө маанилүү ролду ойнойт.

Романда окуялардын түйүлүшүнө жана кульминациясына байланыштуу каралган тарыхый инсандардын (Ленин, Сталин) образдарын алышы учкай түрдө болсо да, чыгарманын жүгүн көтөрүүдө белгилүү бир өлчөмдө кызмат кылат. Буларды киргизүү менен автор реалдуу чындыктын, тарыхтын дөңгөлөгүнүн тегеренип, азыркы учурга келип такалуусуна ошол инсандар, алардын идеялары, жүргүзгөн иштери, алып келип олтурат деген ойду айтат. Ч. Айтматовдун бийик жазуучулук искусствосун далилдеп турган дагы бир өзгөчөлүк – бул анын чыгармаларындагы жаныбарлар дүйнөсү. Гүлсарат, Каранар, Акбара менен Ташчайнар. Алар аркылуу биз өзүбүзгө тааныш каармандар Танабай, Эдигей, Авдий, Бостондордун дүйнөсүнө аралашабыз. Бул жашоодо адамдан башка жандыктардын да жашоого акысы бар экенин эскертет. Айтматовдун айбанаттар дүйнөсүнө көз жибере турган болсок, анда укмуштуудай бир кооз жана көркөм сүрөт галлареясына кирген сымалдуу таасирде калабыз деп бекеринен айтпайт Садыков[1]. Себеби жазуучу мифтер боюнча гана чебер болбостон, айбанаттар дүйнөсүн да терең түшүнгөн уста. Айбанаттар дүйнөсү өтө

[1] Садыков А., Тыныстанова Н. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы символдор. – Б., 2002. – 50-б.

татаал болгондугуна карабастан, чоң ыңгайын келтирип, чыгармасына туура жана билгичтик менен кошо билет.

Киттердин образы жер менен ааламды байланыштырып туруучу радарлар катары берилип, сюжеттин өнүгүшүнө да, курчушуна да, чечилишине да, деңиз ортосундагы маяк сыяктуу жол ачат[1]. Кит жаныбарлары сезгич, түшүнүктүү, ак көңүл, боорукер болуп саналат. Киттер – вулкандардын атылар учуру келгендигин алгачкылардан болуп билишет жана жердин түпкүрүндөгү кубаттын кысымынан улам үн-сөзсүз боздошот. Аларды үйрөтүп алуу кыйын эмес. Эмне үчүн Ч. Айтматов киттерди чыгармасына кошуп, аларды адамдардай акылдуу, сезгич экендигин айткан да, кит менен адамзат ортосунда кандайдыр бир байланыш бар экенин көрсөтөт? Себеби адамдардай эле киттер дагы сүт эмүүчүлөргө кирет. Окумуштуулардын айтуусу боюнча, адам менен киттин мээсинин түзүлүшү өтө жакын. Ал эми офтальмологдор (көз оорусу боюнча адистер) болсо киттин көзүнө ар түрдүү тажрыйба жасап изилдөөдө. Алардын көздөрүнүн түзүлүшү да кишиникине окшош болгондуктан айыкпас көз ооруларына даба табылып жатат. Ошондой эле сүт эмүүчүлөрдүн ичинен адам менен кит гана музыканы жактырып, өздөрү да ырдашат экен, бирок бардыгы эмес. Биз адамдар деле, массалык түрдө баарыбыз ырдабайбыз го, негизинен шаңшыган үндөрү барлар гана ырдашат. Бир кемчилиги – сүйлөөгө тили жок, мына ушул жагдай, адам менен киттердин ортосундагы эч нерсе өтө алгыс тоскоолдук болуп саналат.

Романдын аягында көп киттер деңиз жээгине сүрүлүп келип, кырылып калгандыгы маалымданат. Анын себебин Борк мындайча түшүндүрөт. «Киттер – булар ачык океандагы тирүү радарлар, булар космостун жашыруун белгилерин кармап алуучулар: анткени дүйнөлүк акыл-эс тыйпыл болгону, өзүн өзү жок кылганы, а демек жылан сыйпагандай житип кеткени калды. Бул көрүнүш тилсиз макулуктун

[1] Айтматов Ч. «Кассандра тамгасы». – Б., Кыргызстан, 1996.

баарын кыямат-кайымдын келиши катары коркутат. Чөгүп бара жаткан кемеден келемиштер эмне үчүн качышат деп ойлойсуң? Дал ошол үчүн. Сүйлөөгө тили жок киттер биз үчүн канчалык азап чегип жаткандыктарын айтып бере алышпайт, анан ушунун өзү аларды ичтен жеп бүлдүрүп, сыртка чыгарууну, жеңилденүүнү талап кылат. Түшүнсөң, мындан өткөн азап барбы? Эсиңдеби, кимдир бирөө качандыр бир жолу дудук кыз жөнүндө айтканы. Кыздын энесин, жексур атасы өлтүрүп салат, ал болсо, бечара, өйдө-төмөн чуркап, эмне алаамат болгонун элге түшүндүрө албайт. Анан боюн трамвайдын алдына таштамакчы болот. Ушунун эле өзү киттердин башынан өтүп жаткан сыяктуу. Токойдогу өрт кырсыктарына, тоодогу жер көчкүдөн мөңгүлөр селге айланып, баарын шыпырып кетсе да, солк этип кетсе кетээр, а адамдардын жүрүм турумундагы бузукулуктарды, карасанатайлыкты, ыпластыкты, жан кечтиликти көтөрүүгө алар дармансыз демек, киттердин топ-тобу менен жээкке сүрүлүп келип, кырылып жатышы, адамзат пендеси үчүн сабак болууга тийиш.

Ошондуктан футуролог Роберт Борк киттерди эмнегедир түшүндө көп көрүү менен аларга бөтөнчө карачу. Киттер деңизден сүзүп чыгып, өз жандарын өздөрү кыя баштаганы Борокту аябай таң калтырды, мындай дал келүүчүлүк турмушта дайыма эле кезиге бербейт. Роберт рухий дүйнөсүнө сүңгүп кирген бул окуяны, бүт өмүрүндө, бүт жасаган ишинде таппай жүргөн нерсеге эми жеткендей сезди, орду толбогон идеялары толукталгандай психикалык абалга дуушар болду. Бул кокустук эмес эле. Киттер Роберттин жан дүйнөсү менен тыгыз байланышта болуп, тагдырлары бирге эле. Анткени Борктун өзү дагы Филофей менен адамдардын ортосун бириктирип, байланыштырып «радар» катары кызмат өтөп, жер жүзүндөгү трагедиялар океандардын күчүнөн ашып толкуган кезде чайпалган океанга батпай өздөрүн курмандыкка чалган киттер сыяктуу толкуп, өлүмгө моюн сунуп олтурбайбы. Чыгармада символикалык түрдө Москвадагы «кремлде

арбактардын талаш тартыштарына күбө болгон үкү алынат»[1]. Ал дайыма кремль куранттары түнкү саат үчтү урганда саякатка чыгат. Үкү түнкүсүн такыр уктабаган канаттуу экенин эске алсак жетиштүү болуп, көп окуялардын түйүнү чечилет. Үкү мавзолей үйдө жатышкан эки арбактын талаш-тартыштарына күбө болчу. «Сен эмне үчүн мени минтип жер алдындагы тамда барымтага коюп койдурдуң, өлгөн адамды жөн жай эле мүрзөгө алпарып жаткырбайсыңарбы. Мени өлбөс өчпөс деп, тирүү арбакка айландырдың» десе, анда экинчиси трубкадагы оту өчүп бараткан папиросун соруп жай баракат сүйлөөчү: «Сенин сөөгүңдү мавзолейге коюп, кебете-кешпиринди миллиондогон калкка көрсөтүп, элдин ишенимин алыш керек болчу. Муну мен жалгыз чечкен эмесмин, ал партиялык жыйындын токтому болчу». Бир күнү эле үкү адатынча күндө келчү жерине келсе, эч ким жок, Кремлдин айланасы тыптынч болуп калыптыр. Жалгызсыраган үкү ары көздөй учуп кетет. Түнкү сөздөрдүн күбөсү катары символдуу түрдө алынган үкүнүн чыгарманын аягында өлүмгө учурашын деле киттердин кыйрашы менен катар коюп кароо кажет.

Үкү – саясий арбактардын талашына күбө[2]. Арбактар бир кездеги совет бийлигин негиздөөчүлөр. Алар сырткы дүйнөдөгү баш аламандыкка наараазы. Айбанаттар дүйнөсүндө үкү түнкүсүн дүрбү менен көргөндөй көрүү сезимине курч куш. Үкүнүн угуусу да күчтүү, он эсе төмөн үндү да уга билгени үчүн адамдардан да жакшы угушат, анткени алардын бир кулагынын тешиги өйдөрөөк жайгашкан[3].

«Сова на взголье Кремлевском чуяла – что-то должно произойти на земле. Всегда так бывало – киты впадали в отчаянии перед тем, как случиться в мире великой беде. И тягостно уехала сова. В Кремлевском парке уже близился рассвет»[4]. Бул үкүнүн Сталиндин, Лениндин сөөгүн мовзалейден чыгарып, Ленинди кайтарбай калган кез болчу.

---

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., 1996. – 46-б.
[2] Евсеев Б. Мертвая сова на мавзолее // Знамя. – 1994. – №12.
[3] Австрийский журнал // Острэшап джиогрэфик. – 1993. – Окт.
[4] Айтматов Ч. Тавро Кассандры. – М., 1995. – С. 67.

Бул образ шарттуу алынса да каармандарга психологиялык анализ жүргүзүүдө зор маниига ээ. Чыгарманын аягында үч адамдын (Филофей, Борк, Руна), киттердин жана жапалак үкүнүн өлүмдөрү жаманчылыктын белгиси катары берилет. Бардыгы бардыгы трагедия менен бүтөт. Жаратылыш да, адам баласынын башына түшкөн оор мүшкүлдү көтөрө албай калгансыйт. Бул роман көп катмарлуу трагедияны өз кучагына камтыйт. Буларга адамдар ортосундагы ички кагылышуулар трагедиясы, жаратылыштагы экологиялык трагедиялар ар түрдүү коомдордун, мамлекеттердин өз ара чыр-чатак, тирешүүлөрүндөгү трагедиялар кирет.

Бул жөнүндө Ч. Айтматовдун айткандарын мисалга келтирип кетүү жүйөлүүдөй көрүнөт.

«Трагедия – чындыктын объективдүү категориясы, аны этибарга албоо же тоотпой коюу жарабайт».

«Трагедия – бул бакыт, аң-сезим, чыгармачылык сыяктуу эле адам менен түбөлүк болуучу нерсе. Бул анын тиричилигинин бир бөлүгү»[1] дейт экинчи бир сөзүндө.

«Трагедия жанры бизге жат эмес. Тескерисинче мен трагедия жанры менен турмуштун көп кырдуулугун, азыркы заманыбыздын татаал жана бийик жактарын ачып берүүгө аракеттенем»[2].

Адамдар акыркы убакта «аң-сезимдүү жырткычка» айланып бара жаткандыгы жазуучуну абдан түйшөлткөнү Авдийдин тагдырынан, Акбара менен Ташчайнардын окуясынан, Гришан менен Обер-Кандаловдун командасындагы адам кейпиндегилердин жорук-жосундарынан, бир үй-бүлөнү трагедиялуу финалга алып келип такаган Базарбайдын кыяматынан, бийлик дегенде эт-бетинен кеткен сасык саясатчы Ордоктун образынан көрүүгө болот.

Грек тилинен которгондо символ, «шарттуу белги» дегенди түшүндүрөт. Ал эми кең маанисинде чыгармада көркөм системага айланып, негизги идеяны ачып берүүгө көмөктөшөт. Символ-троптун бир

[1] Айтматов Ч. // Кыргызстан маданияты. – 1971. 14-июль.
[2] Айтматов Ч. // Ленинчил жаш. – 1986. – 25-февр.

түрү, көркөм категория. Алгач символду эки мааниде алып кароого болот. Тар маанисинде символ белги берүү мүнөзүнө ээ. Көркөм адабиятта символдорду белгилик мүнөздөн образдык касиетке ээ кылып, көркөм функция аткаруусун камсыз кылуу жазуучудан укмуштуудай чеберчиликти талап кылат. Жазуучу символду композициясына сиңирип, анын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн арттырган чыгармаларына «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» жана башка чыгармаларын кошсок болот.

Демек, образдар боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

а) Геометриялык үч бурчтукта – Роберт – Филофей – Юнгер;

б) Жесси – Вава-Руна – бул образдар, салттуу «үч» деген цифра сыяктуу түшүнүктөр менен гармониялуу берилген;

в) мифтик мотивдин негизинде, ошондой эле подтекстик образдар, символдук образдардын баары эң туура тандалган жана ал каармандарды жазуучу экинчи планга коюп сүрөттөгөнү менен, келечекте чыгарманын көп пландуу болушуна мүмкүнчүлүк түзүп, дагы көп илимий иштер жазыларына шарт түзөт. Бекеринен түрк профессору Билге Эржиласун Ч. Айтматовдун көркөм образ, мүнөз түзүү чеберчилиги жөнүндө мындай ойлорду айткан эмес. «Ал оң каармандарды өтө аша чаап көтөрүп, терс каармандарды жер менен жексен кылбайт. Ар кимди чыныгы жашоодогу орду, же чыныгы жашоодон алынган көз караштан карайт. Бул чыгарманы бир жагынан жеңил ойлуу болуудан сактаса, экинчи жагынан адамдарда жандуу кызыгууну жаратат. Ак адамдар да ар дайым кемчилик кетирип турган жандык экендигин жана ошону менен эле бирге ал дайым сүйүүгө, түшүнүүгө, мамилелерге муктаж экендигин көрсөтө алат. Жазуучу бардык каармандарын жакшы көрөт. Каармандарына дайыма түшүнүүчүлүк, мээримдүүлүк менен караганга аракет кылат.

Билге Эржиласун айткандай «мүдүрүлбөс туяк болбойт». Ар бир адам адашат. Анткени жер жүзүндөгү эң оор кесип бул «адам» болуу[1]. Адилет белгиленгендей каармандар гана чыгарманын түйшүгүн көтөрүүдө чоң роль ойнойт эмеспи. Алар аркылуу биз эмне жөнүндө ойлоп, эмне жөнүндө түшүнүү керектигин кабылдайбыз. Ошондуктан бул чыгармада ар бир каарман, аты аталганы да, аталбаганы да, өз жүгүн туура көтөрүп, жазуучу алдына койгон мүдөөсүнө жете алган.

[1] Эржиласун Б. Ч.Айтматов жөнүндө изилдөөлөр // Түрк маданияты журналы. – 1990. – №325. – 31–38-бб.

## III БӨЛҮМ

# АДАМЗАТ ЖАНА ААЛАМ, БИОСФЕРА ЧӨЙРӨСҮ ЖАНА КОСМОПОЛИТИЗМ ЖӨНҮНДӨ

Табият көркүн, айлана чөйрөнүн сулуулугун ар бир адам ар башкача туюп сезет. Айрым адамдарга алар тикеден-тике таасир этип, жашоо кумарын сездирет да, эгер ал адамда чыгармачыл дарамет, талант болсо, аны сөзгө кошуп, элге тартуулоого мажбурлайт. Кээде табият келбети адамга анча таасир эте бербейт. Ал эми жаратылыштын сулуулугун көркөмдөп, аны ар түрдүү түскө боёп жазганда, таланттуулук окурманга таасир этип, ошол улуу күчкө багынып, чыгармадан ажырай албайт. Айтылып жаткан ойдун төркүнү ЧАйтматовдун адресине барып такалат. »Кассандра тамгасы» романы жөнүндө сүйлөөдөн мурда «Кылым карытар бир күн» романындагы кириш сөздү айтпай кетүү мүмкүн эмес. Адамзат – жеке мүнөзүндөгү асыл касиеттерине эмгектенүүнү адат кылуу менен бирге, бир гана жаралып, бир гана кетчү бул жашоодо, тынч, согуш дегенди билбей жашоого тийиш-антпесе адамзат күм-жам болот деген чакырыгы кулагыңа кайрадан угулгансыйт. Эмне үчүн космос темасы кассандрада кайталанып жатат?Анткени кулагыңа күмүш сырга деп жатат. Жакшылыкка да, жамандыкка да даяр бол деп турат, башкача айтканда биздин башыбызга противогаз кийгизип жатат. Бул жерде жазуучу табият көрүнүштөрүн жөн гана көздөн чубуртуп өтпөйт, тескерисинче, ошол пейзажды өзгөртүп жаткан адамды алдыңкы планга коюп талдаганы жатат. Анткени адамзатты ааламсыз, ааламды адамзатсыз элестетүү мүмкүн эмес.

Учу-кыйырына көз жетпеген чексиз мейкиндик Аалам же Космос деп аталат. Анын бардык бөлүгү ар кандай заттарга, жылдыздарга, газ менен чаңга, энергияларга жана башкаларга толгон. Бир дагы бош орун жок. Аалам биздин бутубуз баскан жерден баштап Кудай дүйнөсүнө чейинки мейкиндикти түзөт. Ааламдын бешиги – Космос. Аалам бүтүндөй бир энергиядан турат.

Аалам мейкиндигинде ай, күн, планеталар: Меркурий, Чолпон, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон жана жылдыздар бар. Касиеттүү «Жер» – Күндү айланып туруучу тогуз планетанын бири. «Күн» –

адамзаттын үйү болуп келген жана боло бермекчи. Жердин эбегейсиз кучагы толуп жаткан минералдарга бай. Адам баласы аны оңой менен түбүнө жетип, каза албайт. Энергия (нефть, жаратылыш газы, көмүр ж. б. ) көпкө чейин жетет деген гипотезалар бар. Ал эми минералдык сырьёлор (аллюминий, титан, цинк ж. б. ) энергияга караганда биздин планетада ашыкча запастары жокко эсе[1]. Жерди рационалдуу колдонуу, жер ресурстарын сактоо акыркы жылдарда көптөгөн эл аралык уюмдардын иши болуп калды. Азыр жер ресурстарын, калктын өсүүсү менен параллель алып жүрүү үчүн биз милдеттүүбүз.

Жер бетиндеги турмуш-тиричилик тараган аймак биосфера деп аталат. Биосфера жердин өсүп-өнүгүү тарыхында негизги орунду ээлейт. Планетадагы тирүү организмдерге өсүмдүктөр, жаныбарлар, микроорганизмдер, адам баласы мисал болот. Азыркы кезде адам баласы барбаган, буту баспаган бир да жер калган жок. Жер бетинин бардык бөлүктөрү изилденип бүттү. Океан-деңиздердин түптөрү, космос мейкиндиги да, геологиялык ички жана сырткы процесстер да бизге белгилүү болду.

Байыркы доорлордо жашаган түпкү тегибиз жаратылыштын коркунучтуу кубулуштарынан коркуп жүрүп күн өткөрүшкөн. Бара-бара көнүмүш болуп калган. Акырында аң-сезимдери ойгонгон. Ак-караны тааныган. Кубулуштарга байкоо жүргүзгөн. Сырларын ачкан. Ал эмес суу сактагычтарды куруп, сугат системасын ишке киргизген. Саздарды кургаткан. Жапайы жаныбарларды колго үйрөтүп, колдо баккан. Жерди өздөштүрүп, коом түзүшкөн. Өнөр жайлар өнүккөн. Мамлекет келип чыккан. Ар бир мамлекет өз кызыкчылыгын көздөгөн. Дүйнө жүзүндө жашаган калктын саны жылдан жылга өсүүдө. Калктын саны көбөйгөн сайын жерлерди өздөштүрүү, кайрак жерлерге суу чыгаруу, дың жерлерди

---

[1] Аалам, биосфера жөнүндөгү ойлор жана иликтөөлөр төмөнкү булактардан алынды: Бекбоев А. Табият өмүр башаты // Замандаш. – 2005. – №3. – Б., 18–19-бб.; Алдаяров З. Жаратылышты жабыркатпайлы // Кут билим. – 2008. – №24/25. – 18-июль; Дүйшөнбаев П. Ч.Айтматовдун экологиялык этикасы. – Б., 2005, 335-б.

пайдалануу, саздарды кургатуу, суу сактагычтарды куруу кеңири кулач жаюуда. Ошого карабастан азык-түлүк, аба, суу, энергия, мөмө-жемиш, кийим-кече жетишпей бара жатат. Токойлор кыйылууда, өрттөнүүдө. Климат өзгөрүүдө. Тең салмактуулук бузулууда Жаны шаарларды салып, плотиналар менен жолдорду куруудан, пайдалуу кендерди казып алуудан жер бетинин рельефи ыдырап сөгүлүүдө. Кандайдыр бир микроклимат келип чыгууда. Кургакчылык, эрозия, шамал, суу ташкындоо ж. б. кубулуштар топурак кыртышынын түшүм берүү жөндөмдүүлүгүн кемитүүдө. Какыраган чөлдөрдүн аянты кеңейүүдө. Ар кандай химиялык элементтер, адамдын организмине тескери таасир тийгизүүчү зыяндуу заттар буу менен атмосферага которулуп, кайрадан жамгыр болуп жаап, топуракка сиңүүдө. Ушуга байланыштуу мөмө-жемиштерден, жүгөрү-буудайдан, жашылчалардан, жаныбарлардан алынуучу азыктардын сапаты кемип, организмге зор зыян келтирүүдө. Натыйжада акылы кем, ден соолугу начар балдар төрөлүүдө.

Адам жана жер, же адам жана жаратылыш деп ар дайым айтылып жүрөт, бирок минтип айтуу орто кылымдардан мураска калган жөнөкөй, мажес антропоцентризм экендиги орто мектепте окуп жатканда эле түшүндүрүлөт. Ооба, адам түрдүү техниканы ойлоп чыгарды, аны мезозой заманында жашаган динозавр да, кайназой заманында жашаган махайродус да ойлоп чыгара алмак эмес. Айталы, адам менен тышкы дүйнөнүн шайкештиги, кынтыксыз гармониясы абалтан эле анын руханий түзүүчүлүк ишмердиги менен шартталган. Аалам Космоско же Космостон ааламга чөккөн Кудай Ааламынын башкы аныктоочу ордунда кудрети күчтүү улуу Кудай турат. Ыйык Кудайдын көзгө көрүнбөгөн бирок дилде безеленген Керемети материянын жана Ааламдын мистикалык өзөгүн түзөт. Адам космостун бир бөлүкчөсү. Кудай Ааламынын түзүлүшү төмөнкүдөй: Кудай-Космос-Аалам. А бирок XX кылымдын баардык жетишкендиктерин пайдаланып жашап жаткан адам, жашоонун маңызын түзгөн жаратылышты өзүнө камтып турат. Адамдардын ар бири кандай шарттарда болбосун абадан дем алып,

тамактануудан; өлүмдөн сактануудан жана өз тукумун сактап калуудан эч качан баш тартпайт. Адам түрдүн чегинде жашап кала берет. Адамзаты өзүнө тиешелүү жашоо мыйзамын техниканын жана маданияттын спецификалык көрүнүштөрү менен айкалыштыра пайдаланууда адамды алар байытты, бирок адамды анын өзүн жараткан табияттан ажыратып жибере алган жок.

Биологиялык түзүлүш катары адамзат – бул бүтүндөй жер шарынын бетине муз доорунан кийин тараган, көптөгөн өзгөчөлүктөрү бар, биологиялык бирдиктүү бир түр. Түндүк, түштүк уюлдардагы муздарды албаганда адамзат ар кандай жыштыкта бүтүндөй жер бетин өзүнүн жашоо мейкинине айлантты. Кайсы гана аймак болбосун, адам баласы баспаган жер жоктур. Адамзаттын социалдык өнүгүшү жакшы эле изилденип, анын мыйзам ченемдүү жашоосу тарыхый материализм аркылуу аныкталган. Социалдык формалардын коомдук-экономикалык формация аркылуу ичтен өнүгүүсү жамаатташып жашаган адамга гана тиешелүү жана ал анын биологиялык түзүлүшү менен байланыштуу эмес. Тагыраак айтканда, ар бир адам бир эле убакта коомдун мүчөсү да, белгилүү бир элдин өкүлү да болуп саналат[1].

Табигат менен адам баласы экөө бирин-бири толуктап турган эки чоң система. Адам жаратылышты бүтүндөй багындырып алууну көздөсө да, аны багындыра албайт. Себеби өзү жаратылыштын бир бөлүгү, алар дайыма карым-катышта өнүгүп, адамдын талабын канааттандырууда жаратылыш биринчи орунда турат.

Бекеринен улуу инсандар эргүү менен: «Нам выпало счастье жить в грозном и прекрасном веке, когда наука раскрыла многие тайны вещества и энергии, пространства и времени, сознания и жизни. В последнее время появились и четкие, полученные экспериментально данные, которые уже позволяют нам предоставить себе величественную картину эволюции Вселенной» деген эместир. Анан эмне болду? Биз ушул

[1] Оморкулов Б.К. К вопросу «Вселенная» в романе Ч.Айтматова «Тавро Кассандры» // Научные труды Ошского госуниверситета, 1999. – Вып. 2.; Общественные и гуманитарные науки. – С. 67–70.

жашоону, бизге гана берилген куттуу планетаны туура пайдалана алдыкпы? «Колдо бар алтындын баркы жок» дейт элибизде. Бизге керемет Жер планетабыздын кооздугу деле сезилбегенсийт. Мындай кооздукту космостон караган адамдар гана айта алышат экен. Ошондуктан жазуучунун жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген сюжеттен сюжетти, китептен китепти жаратып жүргөн «Канткенде адам уулу адам болот» деген жүйөөлүү суроо тууралуу айтсак туура болоор. Жазуучу бул романы тууралуу «Желание рассказать» деген интервьюсунда минтип айтканы бар: «Это роман. Роман космополитический тематикой. Это роман о человеке, сегодняшнего дня который сам себе задает вопрос: «почему же он человек?»[1] деп жооп берген эле.

Адамды тарбиялоо – абдан маанилүү ошол эле учурда түйшүктүү иш. Адегенде инсанды торолтуу зарыл! Анын үстүнө муну, каадада боло жүргөндөй, «калктын орточо статистикалык санына» ылайык өстүрүүнүн кажети жок. Түпкүлүгүндө ар бир адамда тигил же бул түшүнүк калыптанаары бышык, бирок бул бир заматта боло койчу иш эмес. Ай арытып, жыл карытып дегендей, өзүнүн практикалык тажрыйбасы аркылуу, айлана-чөйрөнүн социалдык психологиясы аркылуу калыптанат. Ал эми мындай өз алдынча, ичкертен жүргүзүлгөн иштин майнабы дайыма эле биздин көз карашыбыздын пайдасына сүйлөй бербейт. Моралдык нормадан чектөөлөр, ереже катары, жорук-жосундардан жана чекиликтерден көрүнөт. Мунун өзү болсо аракет деген кеп. Тереңирээк үңүлүп көрсөк, идеялык жуйикурлук, эки жүздүүлүк, моралдык жактан ыңгайлашуу аркылуу социалдык жыргалчылыктарга жана коомдук кадыр-баркка жетишүү, кыязы, эң опурталдуусу. Бирдей эле шарттарда жүрүп эмне үчүн бирөө инаятчыл, экинчиси кыянатчыл болуп чыга келет. Психология жагын териштирбей эле коёюн, бирок идеялык-ыймандык жактан тарбия берүүдө плакаттык жалпы чакырыктардан, бир түрдүүлүктөн, курулай мударистенүүдөн, практикадан жана учурдун усулунан коомайлануудан арылууга эбак эле мезгил жеткени бышык.

---

[1] «Желание рассказать». Люксембург гезитинин кабарчысы Виктор Леклер менен Айтматовдун болгон маеги. Ал «Люксембург Ворг» гезитине 1993-ж. 1-июлда жарык көргөн. Аны которуп, жарыялагандар: Строилова,  Н.Мандригель.

Бизде жакшы башталган иштер бат эле формалдуу мүнөз алып, сууп кетет. Мындай болуп жаткан соң, жандуу идеяны сенек догмага айланткан функционерлер пайда болот. Ырас, догматизм ар кандай системанын жана ар кандай идеянын артынан этектеп ээрчип жүрөрүн эскерте кетүү жөн. Догматташууга туш келбейт деп кепил боло алчу идея жок. Ал эми догматизмдин артында эмне бар. Анын артында кулактын кужурун алган кургак акыл, курулай үгүт, аларды жараткан формализм жатат. Адамдардын аң-сезими болсо, анын үстүнө бүгүнкү күндөгү аң-сезим пропаганданын бул сыяктуу стили менен методун кабыл албайт. Азыр биз адамдын жан-дүйнөсүнө жетүүнүн жаңы жолдорун улам көбүрөөк издеп жатабыз, андыктан эң башкысы, бул жерде адамдардын чындыкты билиши, коомдук маалымдуулукта дайыма эле оңой-олтоң боло бербесе да, ачыктык жана туурачылдык үстөм болуп турганы абзел[1].

Адам баласы ар дайым өмүр-турмушу максаттуу болуусун каалайт, ошого аракет кылат, алдына койгон үмүт-максаттары үчүн, аны ишке ашыруу үчүн, күрөшөт. Анын бул табигый, закон ченемдүү иш аракеттери, жалпысынан алганда адамзаттын тарыхын түзөт. Жазуучу жөнүндө А. Акматалиев төмөнкүдөй ой бөлүшөт: «Айтматов дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган жүздөгөн элдердин психологиясынын экстремалдык кырдаалга байланыштуу өзгөрүшүнө космостук бийиктиктен байкоо салат. Космос –автор үчүн Аалам гана эмес, Адам рухунун байлыгы ал эми рух – адамзаттын түбөлүк категориясы. Ч. Айтматовдун Ааламы – Мейкиндик менен мезгил жагынан чектелбеген чексиз бүткүл дүйнө. Айтматовдун космосу – Адам интеллектисинин бийиктиги»[1]. Бул жерден биз жазуучунун адамзат темасына ар дайым кызыгып келгендигине күбө болобуз. Анткени адамды изилдеп түшүнмөйүнчө, ааламды түшүнүү кыйын[2].

Ошентип, акыл эстин аша чабуусунан табийгат да, биочөйрө да, адамзат өзү да жабыркаганы турат. Бул мамиле өз планетасындагы куттуу жашоонун келечегин ойлогон ар бир пендени түйшөлтпөй койбойт. Жок! Адам Мите курт эмес. Адам кылык-жоругу үчүн жоопкерчилик тартуусу керек. Болгон кен

---

[1]Ч.Айтматовдун «Правданын» кабарчылары менен болгон «Адамдын ариетине ишенем» деген маеги. 1987-ж. Москва.

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. Б., Кыргызстан, 1996. – 231-б.

[2] Белов М. Люди и динозавры // Книжное обозрение. 1995. – №23. – 23 май. – С. 10.

байлыктарыбызды, ой келди талкалап жок кылууга, алсыз адамдарды басмырлап кордоого түртө турган мыйзам жок экенин билебиз. Бири-бири менен дайыма каршылашкан бул жорукту биз «жакшылык» менен «жамандыктын» күрөшү деп келебиз жана буларды бири-бири менен чаташтырбайбыз. Анткени булар бири-биринин күзгүдөн чагылышы гана болбостон, жаратылыштагы эки бөлөк көрүнүш. Ошентип табиятты бүлдүрүүнү, маданий шедеврлерди жок кылууну, жашоо үчүн күрөштүн натыйжасы деп эсептөөнүн кереги жок, муну кунары кеткен планетада азап чеге турган келечек тукумдарыбызга каршы жасалган кылмыш катары кароо зарыл. Себеби, табиятты сактоодо жүз жылдык аралыктарды гана ойлобостон, небере-чөбөрөлөрдүн дагы муктаждыктарын эске алуубуз абзел.

Адамзат менен биочөйрөнү системалуу бир бүтүндүк катары изилдөө чоң кыйынчылыктарды туудурат, анын үстүнө бул иш диалектикалык материализмдин милдети. А биз болсо адамзаттын табият чөйрөсү менен өз ара мамилеси толук жетишээрлик болбосо да, табият менен маданияттын кайра кайткыс болуп кыйрашынын себептерин карап көрөлү.

Этнос – бул жаратылыш феномени. Аны изилдөөнүн негизин табият таануу философиясы, тактап айтканда диалектикалык материализм түзөт. Тарыхый материализмдин максаты коомдун өнүгүшүнүн мыйзамдарын ачып көрсөтүү, К. Маркс айткандай, тарыхый материализм адамдардын дене түзүлүшүндө камтылып турган табияттын тарыхын эмес, элдин тарыхын ачып көрсөтөт. Бирок бул эки «тарых» бири-бири менен байланышып турса да, илимий талдоо жүргүзүү, аларды кайсы көз караш менен талдоо керектигин талап кылат. Биз талдаганы отурган тарыхый материал, бар болгону өз архивибиз. Бул жөнүндө К. Маркс өтө так айтыптыр: «Тарыхтын өзү табияттын тарыхынын адамдын жаратылышынын, калыптанышынын чыныгы бир бөлүгү. Бара-бара «Адам» жөнүндөгү илим, табият таануу илимин кандай камтыса, табият таануу да өзүнө адам жөнүндөгү илимди ошондой эле даражада камтып, бир бүтүн илимге айланат»[1].

[1] Маркс К. Т. 2. 232-б.

Ошентип адам өзү да талдоого муктаж болуп калды. Анткени адам баласы төрөлгөн, жаралган бойдон эле калбастан, айлана чөйрөгө, шартка жараша жана башка толуп жаткан факторлордун негизинде өзгөрөт. Кээ бирөөсү байлыкка манчыркаса, кээ бирөө бийликке келип көбөт. Азыркы адам-кичине эле туура эмес бир нерсе болсо болду, өзүн эмес системаны күнөөлөп жатып калган пенде болбодубу[1].

«Адам табиятын» изилдөө кээ бир илимпоздорду илгери эле кызыктырып келгендигин тана албайбыз.

Вернер Зомбарт өзүнүн «Азыркы экономикалык адамдын руханий өнүгүшүнүн тарыхы боюнча этюддар», деген эмгегинде, «Капитализмге чейинки адам», тактап айтканда, «табигый таза адам» азыркы жашообуздагы түшүнүгү тар, ээрчиме, ыймансыз адамга кантип айланып кетти деген суроо салат. Зомбарт боюнча XI–XII кылымдарга чейин, капитализм пайда боло электе «чарбачылык ишмердүүлүктүн башкы максаты, өз керектөөсүн камсыз кылуу болгон; адам канча чыгымдаса, ошончолук киреше киргизүүгө тийиш». Андан артык байлык топтоо акмактардын иши деп эсептелчү. Бирок орто кылымдарда жашаган европалыктар жибек көйнөк кийгендер менен алтындан жасалган буюмдарды тагынгандарды айыпташкан эмес. Алтын буюмдарды алар баалай билишкен жана ал үчүн өз жандарын да, башкалардын өмүрүн да аяшкан эмес. Алар алтынды баалашканы менен, акчага кош көңүл мамиле жасашкан. Акчага кызыгуу XII кылымдарда гана күчөй баштаган. Ошондон кийин «киреше табууга жан талашуу» пайда болгон, буга чейин мындай адат еврейлерде гана байкалган. Ач көздүк эң биринчи католик кызматкерлерин, анан шаардыктарды, акыры бүтүндөй өлкөлөрдү каптаган, бирок ал ар кайсы жерде, ар кайсы даражада, ар кандай түрдө болгон. Кээде ал өлкөлөрдү талап-тоноо менен, кээде соода-сатык жүргүзүү менен ишке ашырылган. Бирок бардык учурда алды-артына карабай байлыкка жутунуу сыяктуу, жорук-жосундар дээрлик байкалган эмес. Ошентип, «Капиталисттик духту капитализм өзү жарататат», деген тезисти Зомбарт жокко чыгарат. Зомбарт «капиталисттик духтун өнүгүшүнүн себебин «ата-бабалардан

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан, 1996. – 58-б.

мураска калган кулк мүнөздөн» көрөт. Буга Адам ата бир чети күнөөлүү, ал өз тукумуна «алгачкы күнөөнү» генетикалык түрдө өткөрүп берген дейт. Бул ойду V кылымдын таланттуу ойчулу, адамдардын тиги дүйнөдө «бейишке» же «тозокко» туш келишинин себептери жөнүндөгү окуунун автору Такыба Августин да ырастайт. Анын сөздөрүнөн төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз. Бейиш бийиктикти, Тозок пастыкты аныктайт. Өлүм эки дүйнөнүн ортосундагы каалга. Көкүрөгүн тыңшагандар үчүн Төрөлүү менен Өлүм, Тозок менен Бейиш материалдык Ааламда эле физикалык Денеде өз таразасын иштете баштайт. Тозок пенденин кыял-жоругунун, кулк-мүнөзүнүн коркунучтуу психологиялык абалы. Андыктан, ар бирибиздин Бейишибиз да, Тозогубуз да өз колубузда. Демек, Бейиштин ачкычы да, Тозоктун ачкычы да ар бир адамдын өз колунда. Жан –Адамдын биологиялык телосунда,( денесинде) киндиктен өйдөрөөк жерден орун алган. Формасыз, жытсыз, өңсүз, аба сыяктуу зат. Ошентип Зомбарт адамдарды эки топко бөлөт. Анын оюу боюнча өзгөчө «буржуазиялык кулк-мүнөздөгү» адамдар болот. Алар «ишкерлер жана мещандар». Биринчилери – капитализмди негиздеген кайраттуу шылуун адамдар, экинчилери-эринчээк, ортозаар жана ишине тың эмес кызматкерлер, алар өздөрүнөн мурда жашап өткөндөрдөн кийин, калган боштуктарды гана толуктап турушат. Зомбарттын байкоолору туура, бирок аларды чечмелеп түшүндүрүүсү канаттандырарлык эмес деп айтсам болот.

Адамзаттын аң сезими энергиянын формуласы болуп саналбайт, ошол энергияга жооп катарында аракет кылат. Муну эмпирикалык факт катары белгилөө менен, мен илимий маалыматтардын мындан аркы өнүгүшү, энергиянын сакталуу мыйзамы менен карама-каршы келгенсиген абалдан чыгуубузга мүмкүндүк берет деп ойлоймун. Ойду чиеленишкен образ түрүндө көз алдыбызга келтирип, ага саякат жасап көрөлү.

Эгерде философиялык концепцияларды, романдарды, жомокторду, уламыштарды жараткан адамдын акыл-эси ноочөйрөгө жол ачпастан, күзгү өз бетине чагылган күндүн нурун жаркылдаткан сымал, биохимиялык импульстарды кайра ыргытуучу экранга жол ачса, анда энергиянын сакталуу

мыйзамы менен карама-каршылык жоюлат, ал эми адамдын аң-сезими аркылуу катталган биохимиялык импульстардын кайра кайтуу жолу жаратылышты сезүү болуп саналат. Муну аң-сезимдин көрүнүшү болгон дүйнөнү туюп-сезүү менен чаташтырбоо зарыл.

Эгерде ырас эле ушундай болсо, анда биз руханий маданияттын, анын ичинде Кызыл кулактык (акылга сыярлык) философиясынын, бизге тиешелүү болгон биочөйрө менен байланышынын механизмин да баамдадык. Ырас, күтүлбөгөн жыйынтыкка ээ болдук. Вакуум жандуу нерселердин энергетикалык импульстарын чектеп туруучу катарында көрүндү; ал өнүгүүгө, өркүндөөгө тоскоолдук кылат, дал ошол вакуум Жердин биочөйрөсүн бузуп, жерден келген импульстардын багытын өзгөрттү деп айтсак болот: табияттын эң алгачкы кубулушун чектеп туруучу экран-вакуумдан кайра артка ыргып, адамдын өз эрки менен жасоочу кылык-жоругуна айланат. Жорук-жосундун натыйжасын алдын ала айтуу кыйын. Анткени жоруктар жакшы же жаман болушу мүмкүн, ал эми кубулуштардын натыйжасы болсо дайыма бейтараптуу болот. Ал жакшылык менен жамандыктын, прогресс менен регресстен жана алардын өзүн пайда кылуучу биочөйрөгө келтирүүчү пайда менен зыяндан сырткары жакта калат. Акыл эстен пайда болгон бүт башка процесстер, ал үчүн мааниге ээ болбой калат.

Этногенездин фазасын же этникалык системадагы майда системалардын санын жалгыз адам өзгөртүп жибере албайт, бирок субэтникалык жана айрыкча дене түзүлүш жагынан алып карасак эң төмөнкү таксономикалык деңгээлде жеке кишинин аракети түрдүү окуяны жаратууга жөндөмдүү. Ал окуя кийинчерээк гана статистикалык жалпы мыйзам ченемдүүлүктөр аркылуу өз ордун табат.

Башкача айтканда, пассионардуулугу зор адам кээ бир учурларда өнүгүүнүн ири сызыгын ого бетер ийрендетип, анын ал жолдо калгыр жоругу тарыхта катталып калышы да ыктымал. Албетте, бардык кыйынчылыктар менен каргашаларды Алла-Тааланын амирине, же Лапластын табигый математикалык мыйзамдарына, же Эйнштейндин мейкиндик-мезгил континуумуна шилтей салуу оңой. Бирок эрк менен ишке ашкан нерсе да табигый көрүнүш болуп саналат, анткени ал да адамдын философиясына жана нерви менен гормоналдык

мүмкүнчүлүктөрүнө түздөн-түз байланыштуу болот. Кантсе да жалгыз Адам этникалык системанын чыңалуусун күчөтүүгө, ошондой эле жокко чыгарууга жөндөмдүү болгондуктан ал этностон сырткары жашай албайт, андыктан дал адамдар этногенездин механизмине иш жүзүндө көңүлкош мамиледе боло алышпайт.

Пассионардык түрткүлөрдү пайда кыла турган булактар жөнүндө айтууда биз бир гана гипотезаны, космостон келүүчү нурлар жөнүндөгү гипотезаны сыртка кага албадык. Ырас, жакынкы космосту азыркы илим билимдин деңгээлинен алып караганда бул гипотезаны так далилдөө кыйын, бирок бул гипотеза мындан ары да өзүнө каршы чыкчу фактыларды учуратпаса, анда этнология илими жакынкы космостун абалы жана анын Жер үстү менен абсолюттук хронология аркылуу катталган доорлордогу байланыштары жөнүндө маалыматтарды айтып бере алат.

Инкубациялык мезгилдин жакын-узактыгын эсептөөдө элүү жылдан аз же көп убакытка жаңылуу болушу мүмкүн, бирок андан ашык чоң жаңылуу болбойт, ал эми иш жүзүндө жакынкы космосто 4–5 миң жыл ичинде мүмкүнчүлүктү жакынкы космостун жер бетиндеги кубулуштарга таасир этүүсү, акылга сыйбас көрүнүш эмес, айтылып келе жаткан чындык (трюизм). Ай океандардын суусун ташытат, күндүн активдүүлүгүнүн күчөтүп, тропиктин ары жагындагы барикалык максимумга таасирин тийгизип, циклондордун багыттарын өзгөртөт, ошол эле активдүүлүк, вирустардын мутацияланышын жана ага байланышкан кара тумоолорду пайда кылат. Мунун баары сырдуу көрүнүш эмес, география болуп саналат. Мына ушуларды көрүп, билип туруп, планетаны курчап турган, чөйрөнүн таасирин кантип тана алабыз.

А эгер кайсы бир нурлардын антропочөйрөлөргө таасир этээри жөнүндөгү гипотеза далилденбей калсачы? Эгер биологдор адамдардын анатомиясын эмес, алардын организмдеринин физиологиясын өзгөртүүчү мутациянын, айрыкча микромутациянын башка себебин тапсачы? Эгер ошондой болсо анда этногенездин дүрт этип жаралышына космостун таасири тийбейт деп айта алабызбы? Жок, айта албайбыз, анткени бир курактагы этностор жаралган

пассионардык түрткүлөрдүн тилкелеринин болору эмпирикалык түрдө катталган факт. Ошондуктан кассандро-эмбриондор да бир көргөн жаман түш сыяктуу эмес, чындык болуп каларын эске тутсак. Жана ошондой эле талантуу психолог чыга келип, пассионардуулуктун физиологиялык механизмин ачып, аны организмдин вегатативдик нерв системасы менен эмес, адамдын ичинде жана айланасында симбиоз жашап жаткан микроорганизмдердин же гармондордун таасири менен байланыштырсачы. Же ал пассионардык жогорку активдүүлүктү тирүү нерсенин биохимиялык, артык баш энергиясын бөлүп чыгаруучу күч катары эмес, бул энергияны багыттуу бир максаттарга жумшоо жөндөмдүүлүгү катары түшүндүрсөчү? Же кайсы бир генетика пассионардуулуктун укумдан-тукумга өтүшүн белги берүү ыкмасы катары аныктасачы? Мына ушулардан улам этногенез феноменин баяндап жазууга өзгөртүү киргизе алабызбы? Жок! Анткени этногенез-молекулярдык деңгээлде, а түгүл организм деңгээлинде да байкалуучу кубулуш эмес, ал популяциялык деңгээлдеги көрүнүш болуп саналат, анын дал ушул деңгээлге мүнөздүү болгон өзүнчө белгилери бар. Космостук жана планеталык өзгөрүүлөр этногенезге караганда бир канча тепкичке жогору турат жана ал тирүү организмдерди эле эмес, кыртыштарды, тактап айтканда өсүмдүктөрдүн калдыктарын жана абадагы эркин кислородду кошо камтып турган жалпы биочөйрөгө таасир тийгизет[1].

Бул гипотеза менин жанымды жай алдырбай жатат. Адамга акылдын, ааламдык миссиянын ээси болууга кандайдыр бир абсолюттук артыкчылык берилген, ал эми өркүндөө колубуздан келбесе, универсумду активдүү өздөштүрүү колубуздан келбесе, анда бизден эмне талап кылынат жана бул жарык дүйнөдө эмнеге жашап жүрөбүз? Демек, биз өз милдетин актай албаган мите, санда жок макулукпуз. Биз адамдарга канча жашоо берилсе, ошончолук милдет да тагылган. Муну унутпашыбыз керек. Баарынан мурда жашоону гармониялаштыруу, өркүндөтүү милдети тагылган, а буларга болсо бизден чыккандын баары кирет. Жашоо гармониясы! Анткен менен бул жагынан канча улуу жана канча жармач ойлор туулат, канча көрө албастык менен пастык бизден

[1] Гумилев Л.Н. Этногенезис и биосфера земли. – М., 2001.

бултайып чыгып турат ар бир кадамыбыз сайын, ал эми гармония – бул өзүн өзү кармоо, жан-дүйнөнүн жакырданышы менен күрөшүү эмеспи[1].

Табигый процесс болгон этногенездин механизми ушундай. Андыктан Августиндин Кудайдын шаары жөнүндөгү идеясы да, Гегелдин абсолютка умтулуусу да, Ясперстин философиялык экзистенциясы да, бул көрүнүштү түшүндүрүүгө жарай албастыгы айдан ачык.

Адам баласы бүт дүйнө өзүнө арналганын түшүнүүгө аракет кылышы керек. Бөлүнүп, тар көз караш менен бир четте бекинип жаткан оңой. Баягы партиялык, пролетардык тар, өжөр көз караш космополиттерди жойгон. Чынында ар бир диндин башталышында бул дүйнөнү жараткан Кудайбы, Аала-Таалабы, же башка күчтөрбү, кимиси болсо да, жалпы адам баласына тиешеси бар деп түшүнгөн. Кийин ар ким бийлик эңсеп олтуруп, бөлүнө берген. Бирок эң алгачкы аң-сезим космополиттик толкун. Ошол толкун акыры жүрүп отуруп баарыбызды баш коштурууга тийиш. Мен бир топ өмүрдү басып өттүм, андыктан менин түшүнүгүмдө «Кассандра тамгасында» айтып да кеттим, адам баласынын дүйнөнү кабылдашы, түшүнүгү чексиз, кеңири болуш керек. Космополитизмдин эч кимге зыяны жок деп жазуучу да бир нече мисалдарын келтирип кеткен. Тескерисинче, космополитизм жалпы адам баласына бирдей көз караш, бирдей мамиле жасоо. Космополит болуу – динди чанып, четке кагып кетмей эмес, тескерисинче, диндердин баарын кадырлап-барктап, чогуу алып жүрүү. Албетте, муну түшүнгөндөр бар, түшүнбөгөндөр бар. Кабылдагандар бар, кабылдабагандар бар. Дүйнө деген баары бир өңчөй боло бербейт да, бирөө андай, бирөө мындай.

Негизи, космополитизм[2] – грек тилинен которгондо – мекенсиз деген маанини түшүндүрөт. Өзүн жер жүзүнүн атуулумун же Ата журтсуз адаммын деп эсептеп, патриоттуулукка каршы туруп, аны тангандык. Ушундай идеяны туткан адамды космополит деп коёбуз. Андай адам өз улутун, Ата журтун танат, элинин сыймыгын түзгөн маданиятын четке кагат. Ошентип, космополитизм дүйнөлүк

[1] Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. Б., Кыргызстан, 1996. – 45-б.
[2] Нравстенная философия. М., 1996. – С. 89

масштабда кездешкен өзүнчө бир идеялык агым, аны импералисттик өлкөлөрдүн бийлөөчүлөрү башка элдерди көз каранды кылып, баш ийдирип турууда пайдаланышат.

Космополитизм дегенди кыскача жогорудагыдай түшүндүрүп келишкен. Муну окуган адам патриоттуулукту четке кагат деген эмнеси деши мүмкүн. Жашоодо патриоттуулук деген өзү эмне? Ал өз улутун, өз элин, өз маданиятын чексиз сүйүү. Анан эмне болду. Өз элинде башка бирөөлөрдүн жашоосун каалабаган Чеченстандын патриоттору эмне кылып жатышат? Албетте жер талашып согушуп жатышат. Өзүнүн жерин сүйгөндүктөн, патриоттук кылам деп, өз элине кайгы -муң, өлүм, кан алып келип жатпайбы? Анын эмнеси жакшы. Андан көрө адам өзүн Жер жүзүнүн, ааламдын атуулумун дегени артык эмеспи? Анткени адам кандай гана расадан болбосун бетинин, көзүнүн, мурдунун түзүлүшү кандай болбосун, жараткандын алдында ар бир пенде бирдей экенин кантип танабыз. Ар бир планетадагы кыймылдап турган жандык, жашоого, доор сүрүүгө, акылуу экенин кантип танабыз. Патриоттуулукту колдонобуз деп биздин Кыргызстанда жашаган сексенден ашуун улуттун өкүлдөрүн таарынтабызбы? Ушул чыгармада символ катары атайын тандалып алынган Америка Кошмо Штаттарын мисалга тартсак жөндүү болоор. Анткени ал жакка барып жашайм деген инсанга үч ай гана талап кылынат. Койну кенен Америка үч айдан кийин сени өз атуулу кылып кабыл алат. Таң калыштуусу сен кайсы уруудан болосуң, сен кайдан келгенсиң деп териштирбей өсүп-өнүгүп, адамдардын тынч эле жашап жатканы. Чын эле жазуучу кан-какшап айткандай аң-сезим, акыл-эс чектен чыгып өскөндө гана адам баласы тынч жашайт деген сөз чын экенине ынанасың. Жок, жашоо ар бир адамга берилген ыйык энчи. Кимибиз кандай тилде сүйлөсөк да, кандай түстө болсок да ар бир күндүн бейпил, ар бир күндүн тынч, ар бир күндүн бактылуу, кызыктуу өтүшүн тилешибиз керек! Т. Насирдинов менен болгон дил маегинде жазуучу өзүн космополитмин

деп атайт. Көрсө Айтматов өзүн жер жүзүнүн атуулумун дейт тура. Ошондуктан жер жүзүндөгү, ааламдагы болуп жаткан түрдүү кырсыктар, жамандыктар аны кайгыртып, өкүндүрүп, ар бир жакшы саамалыктар аны сүйүндүрүп турат тура? Мунун эмнеси жаман? Жалпы адамзаттын кайгысын бөлүшүп, жакшы саамалыгын утурлагандын эмнеси жаман? Айтматовдун чыгармаларын окуп олтуруп, патриотизмге караганда социалисттик коомдун негизин түзгөн коллективизмди жактаганыбыз оң болчудай сезилет. Ч. Айтматов,өзү да коллективдүүлүктү жактап, аны сактап калсак жакшы болмок деген пикирин билдирүү менен, социализмдин негизин түзгөн, жалпы элдик менчикти жактыргандыгын баса көрсөткөн. Албетте, жалпыга бирдей менчик болуп, теңчилик болгон жерде чыныгы жолдошчулук да болору талашсыз чындык. Чындыгында эле жеке менчик өкүм сүргөн жерде сөздүн толук маанисиндеги коллективдүүлүктүн болушу мүмкүн эмес. Анткени ар ким өзүнүн жеке менчигинин камын көрөт. Өзүмчүлдүктүн тамырын жайылткан бул процесс, чындыгында эле, жаман жактарыбызды көбөйтүүгө ыңгайлуу шарт түзүүдө. Жеке менчиктин ээси болгон байларга, бийлик төбөлдөрүнө сын-пикирди тике айтып көр, алар сени куугунтуктап, иштен айдап, жана ушул сыяктуу окуялар болору белгилүү. Ошентип, жеке менчиктин айынан көптөгөн илимдүү, билимдүү адамдар ишсиз калуусу мүмкүн. Андрей Крыльцовго айткан сөзүндө Конюханов мындай дейт: «Биздин алдын ала аңдоолорубуз боюнча так ошол ата-теги жок төрөлгөн адамдын алдына эски дүйнөнү аңтарып, андан эмгекчил таптарды кутултуу милдети коюлат. Маселенин бардык маңызы мына ушунда. Так ошол, иксрод (тексиз адам), мезгили келгенде тарыхый процесстеги аракетке келүүчү эң башкы фигура болуп калат»[1]. КПСС БКнын ою боюнча жасалма адамдарды маасалык түрдө жаратуу керек, мына ошолор гана коллективдүүлүккө өтө ынтызар болушуп, эгоизмди четтетишип, ынтымактуу туруп, бошоңдой баштаган коммунисттик таасирди кайра

[1] Айтматов Ч Тавро Кассандры. – М., ЭксМо, 1995.- 196-б.

күчөтүп, керек болсо жапырт күрөшүп, жапырт курман болууга даяр адамдар болуп тарбияланышмакчы.

Жазуучунун диний идеологияга көбүрөөк токтолгонун көз жаздымда калтыра албайбыз. «Дин бул адам баласынын рухий турмушун гүлдөтө турган күч. Диндин касиети – бириктирүү. Дин адам баласын боорукерликке, илим-билим алууга үндөп, кайрымдуулукка, мээримдүүлүккө жетелесе, анда ал эч кимге жолтоо кылбайт», – деген ал.

«Кыямат» романын кунт коюп окуган адам Иисустун өзүнүн да белгилүү өлчөмдө атеисттик көз карашы бар экендигин байкайт. Анткени автор библиядагы Иисустун окуясын мурдагы диндик алкакка эмес, бүгүнкү күндүн көз карашына дал келтирип жазган. Ошон үчүн автор өзүнүн интервьюларынын биринде Иисусту кудайга барыш үчүн эмес, ал аркылуу адамга барыш үчүн колдондум деп ачык айтканы бар. Албетте, автор кудай деген сөздү акыркы чыгармаларында көп айтуудан чочулабайт. Анткени, кудай деп койсо эле чыгарма дин жыттанып калбасына ал толук ишенген.

Ошол себептүү анын Авдийи да, Иисусу да, өздөрүнүн сөздөрүндө «кудайды» көп айтышканы менен, ой-пикирлеринин негизги жыйынтыктарында, кортундуларында диндик кудайды эмес, Адам кудайды бийик көтөрүшөт. Анткени азыр «адам» өзүн өнүктүрбөсө, өзүнүн арам ойлорун ооздуктабаса, өзүн тарбиялабаса, кийин өтө кеч болуп калат. «Канткенде адам уулу адам болот»[1] деп Л. Үкүбаеванын тынчсызданганынын жөнү бар. Азыр эки аяктуунун баары эле «адам» деген атка татыктуу эмес. Дүйнөдөгү болуп жаткан окуялар, күнүгө гезит бетине жарыяланып жаткан ар түрдүү жаман окуялар, бүгүнкү цивилизациянын болуп көрбөгөндөй өнүккөн кризисин аныктап турбайбы. Чын эле ушул шарттарда жарык дүйнөгө ымыркайдын келиши, мина койгон талаага келе жаткандай сезилет. Бирок кайда ал, ошол мина коюлган талаа, жашоонун кайсы чектеринде жашырынган; адамдардын

[1] Үкүбаева. Л. Канткенде адам уулу-адам болот? // Кыргыз туусу. – 1991. – 12-декабрь.

ой-санаасындабы, иш аракеттериндеби, дүйнөлүк илимдердеби, же күнүмдүк иштердеби, сөөмөй менен көрсөтүү мүмкүн эмес. Чыгармада Москва шаарында демонстранттардын кагылышуусу болуп, бир кыз өз жанын өзү кыйды, көпчүлүктүн алдында өрттөнүп өлдү. Анын жанындагы студент жигиттин колунда «Адам жарык дүйнөгө курал жасап чыгаруу үчүн туулган эмес!» деп жазылган плакат бар эле. Кантип согуш менен курал-жарактын салтанаты акыл-парасатка үстөмдүк кылып келаткан сандаган кылымдардан бери адам жаны жарыя айтууга умтулуп жүргөн нерсени плакатка өз колу менен кантип ал жигит жазбай коё алат? Курал жарак жер жүзүндө көбөйгөндөн көбөйүүдө, буту менен басып, мурду менен тынгандын баары куралдансам дегенде ак эткенден так этет. Балким, ошондуктан водороддук бомбаны жасаган Сахаров Россияда дал мына ушуну түшүнүп, тык токтоп, тагдырына каршы кадам жасабагандыр? Кош бойлуу аялдардын чекесиндеги Кассандранын тамгасы ошону кабарлап жаткан жокпу, курсактагы кассандра-эмбриондор ошону үнсүз кыйкырып жаткан жокпу? Анан калса, жарыкчылыкка келген дүйнөдөгү ар бир адамга бери болгондо жүздөн коргошун ок беленделип коюлса жана ал адам күн мурунтан эле бирөөнү өлтүрүүгө, же өлтүрүлүүгө буюрулса анан кантет? Алиги студент ушулар жөнүндө анан кантип айтпай коё алмак? Анан жанагы Кызыл аянтта өзүн өзү өрттөп жиберген бактысыз кызды айтпайсызбы, анын жан дүйнөсүндө кассандра комплекси менен белгиленген, түйүлдүк кезинде угулбай калган жана басылып ташталган нерсе ойгонбоду бекен? Анын эсхатологиялык кыйналышы менен кимдин иши болду дейсиң. Адамзат курал-жарак ойлоп чыгарбай эле, согуш дегенди билбей эле жашаса, өсүп-өнүксө эмне болмок деген, идеалисттик жактан сандырак болсо да, ой туулат. Ошондо адамдар Бишкектеги (жетинчи апрель), Оштогу ( июнь айы ) сыяктуу окуяларга туш болот беле, ошондо цивилизация азыркыдай болот беле, же жер жүзүндө таптакыр башкача өнүгүү өкүм сүрөр беле жана адам сапат жактан башкача болор беле? Эмне, өнүгүүнүн башкача жолу башында

мүмкүн эмес беле? А эгер мүмкүн эмес болсо, эгер адамга акыл-эс жогортон берилген болсо, эгер акыл-эс-биологиялык маңыздан тышкары нерсе болсо анда анын себеби эмнеде? Себеби каргышта. Филофей, космоско кетип калып, дүйнөлүк көшөгөнү кылтайтып ачты эле, адамдар купуя каргыш жөнүндө билүүнү каалабай тургандыгы дароо билинди. Роберт Борк, Филофейдин ачылышы каршылыктан башка натыйжа бербеген күндө да, мен баары бир ага ишенем. Мен андан кайда болбосун жан-дүйнөнүн адеп-ахлах жактан кыйрашы менен тереңдеп бараткан рухтун кыямат-кайым болоруна кыйналгандыгынын жообун табам. Бул жерден жазуучунун өз ойлорун, илгиртпей эле түшүнсөк болот.

Карабакта, армяндар менен азербайжандардын ортосунда көп жылдардан бери уланып келаткан кылмыштуу согушта, талаа командирлери деп аталган немелер курман болгондордун өлүгүн сатышканын укканыңда эрксизден Кудай бизди эмне үчүн жаратты дейт экенсиң. Майданда шейит кеткендердин сөөгүн жерге жайгаштыруу үчүн бир туугандары жана жакын адамдары сатып алууга тийиш экен. Аны бизнеске айлантып алышыптыр! Өлүгүн сатып, пайда табуу үчүн өзүнүн эле жоокерин артынан атып өлтүргөн учурлар бар дейт. Бул жөнүндө газетадан окуганымда төбө чачым тик турду. Ушундай арам иштер адамдардын жан-дүйнөсү менен кан-денесине кесепетин тийгизбей коёбу, акырындап тукум куучулук структураны өзгөртпөй, кийинки муундарга өтпөй коёбу?

Мына адамдын акылына келбей турган мыкаачылыктын дагы бир мисалы. Салман Рушдини коргогон адабиятчылардын конференциясы өтүп жаткан Түркиянын бир шаарындагы мейманканага өрт коюлган. Анда конференциянын катышуучулары эле эмес, өз жашоосу менен жашап жаткан жөнөкөй адамдар да тирүүлөй өрттөнүп кетишти. Анын баарын телерепортерлор тартып алышты; имарат алоолоп күйүп жатат, тирүүлөй өрттөнүп жаткан кишилер, өрттү өчүрүүгө аракет кылышкан өрт өчүрүүчүлөр, алардын катарында фундаменталистчил жаштардын чоң

тобу аянтта кыйкырып, шаттанышууда. Алар өрт койгондорду даңкташууда; ыргып- секиришип, бийлешип, ызы-чуу түшүп, бул алаамат көрүнүштөн тим эле эротикалык ыракат алып жатышат. Жаштардын делебеси козголгон, өлүм көксөгөн жалмаңдаган жүздөрүн өрттүн жалыны жарык кылат. Телеге тартылып алынууда. Тим эле кинонун өзү.

Биз кайда жүрөбүз, биз адамдар эмне болуп баратабыз? Германияда тирүүлөй өрттөлгөн түрк үй-бүлөлөрү жөнүндө да биз өзүбүзгө өзүбүз ушундай суроо беришибиз керек болуп жүрбөсүн...

Мындай карасанатайлыктарды айта берсе түгөнбөйт жана айткан сайын биринен экинчиси ашып түшөт, анан калса ар кайсы өлкөлөрдөгү жасалган карасанатай арам иштер улам барган сайын үрөй учурарлык болуп, өөрчүп баратканы байкалат. Мына ушунун баары жыйыла берип, генге таасирин тийгизип жаткандыгын Филофей далилдеди. Мурда мен Ааламдын эң жогорку милдети катары акыл-эске ишенчүмүн, көрсө акыл-эс арамдыктын түбөлүктүү туткуну экен. Ал качандыр бир кезде андан бошоноор бекен? Кассандранын тамгасы ошол жөнүндө зар какшап жаткан жокпу бизге?!

Көрсө, бекеринен К. Маркс адамдарды изилдөө чоң проблемага, башкача айтканда актуалдуу темага кабылат деген эмес экен. Эми кандай аракетке келишибиз керек?- деген ойлор жан дүйнөнү тытып келет. Адам деле жаныбар, табият сыяктуу тирүү организм. Адам Кудай Ааламынын эволюциясынын продуктусу, жемиши. Адам биологиялык тирүү жандык. Адам төмөнкү, ортоңку, жогорку сыпаттагы энергиядан (деңгээлден) турат. Төмөнкү сыпаттагы Адам тирүү механизм, организм, гана болуп эсептелет. Көр оокаттын гана кулу болуп өмүр кечирет.

1. Төмөнкү Акыл-Эстеги Адам биологиялык Дененин шартуу рефлексин гана аткарып өмүр кечирет.

2. Ортоңку Акыл-Эстеги Адам биринчи типтеги Адамдан бир тепкич жогору турат. Ал Адамда Ой-Сезим деген Касиеттер иштейт.

3. Жогорку Акыл-Эстеги Адам Руху ойгонуп өскөн, өзүнүн жолун, багытын туура аңдаган Кудайдын, Ааламдын ыкыбалы менен журулушуп жашаган Улуу Рухтагы инсан.

Адамзат табияты али изилденип бүтпөгөн миң сырдуу табышмак. Египет пирамидалары баштаган ааламдын жети Кереметинен кийинки Керемет Адамзат пендесинин Жан Дүйнө Керемети. Аалам менен Адамзаттын сыры миң сырдуу да, миң кырдуу.

Балким, космополитизм – бул дүйнө жүзүндөгү ар бир инсандын, өзүн ааламга арнашы, ааламдын проблемасын өзүмдүкү деп эсептеши, космополитизм – бул дүйнө жүзүндөгү ар бир пенденин ойлогон, көздөгөн максаттарынын дал келүүсү, ойлогон ойлорунун бир жерден чыгышы, деген ой толгоолорду кабыл алышыбыз керек болуп жүрбөсүн?

Англиялык философ, математик, ойчул Б. Расселдин биографиясында мындай деген жери бар: «Три страсти, простые но сильные, я пронес через всю жизнь: жажду любви, научный поиск и непереносимую жалость к старданиям человека»[1]. Бардык адамдар ошондой жан дүйнөнүн азаптануусунан («страданиядан») өткөндө, балким жашоодо көп кыйынчылыктар кездешпес беле? Реалисттик көркөм шарттуулук адамзат коому үчүн кызмат кылып, глобалдуу маселелерди чечүүнүн жол-жобосун издеп жаткандыгынын мисалын келтирип,чыгармадагы көркөм ой жүгүртүү биринчи планга чыкпастан, алардын формасына ашыкча көңүл бөлүү орчундуу болду.

Сынчы адабиятчылардын пикирлери боюнча Ч. Айтматовдун бөтөнчөлүгүн аныктай турган бир касиети – ал өз чыгармачылыгында өзүн-өзү кайталабоо, жетишкен ийгиликтерине алымсынбоо, улам алга карай умтулуу, кыйындыктан, татаалдыктан майышпай, жашоодо чиеленишип жаткан адамзаттын маселелерин көркөм сөздөр аркылуу чече билгендигинде!

[1] Печчеи А. Человеческие качества. М., Прогресс, 1908. – 54.

# КОРУТУНДУ

Жазуучунун бул чыгармасы башка чыгармаларынан айырмаланып, реалдуу турмуштагы дүйнө жүзүнүн төрт бурчуна тиешелүү глобалдык проблемаларды көтөрүп чыккандыгы менен баалуу. Бул чыгарма адамзат рухунун эволюциясындагы жаңы кадам катары баалуу. Бул чыгарма түбөлүктүүлүктү түптөө боюнча жол көрсөткүч. Ч. Айтматовдун биз иликтөөгө алган романы Адам тагдыры, адамдын маңдайына жазган жазмышы жөнүндө. Адам каалайбы, каалабайбы, ошол тагдыр, ошол жазмыш сөзсүз боло тургандыгы жөнүндө ой толгоо менен башталат. Адам тагдыры жөнүндөгү ой толгоолору Сейде менен Жамийладан баштап, азыркы сөз болуп жаткан романына чейинки «Узак жол», бул дүйнөлүк масштабдагы өзүнчө эле бир концептуалдуу философия экенине ынанабыз. Бирок, кандай болсо да, ар бир чыгарманы конкреттүү кабылдоо, түшүнүү оңой-олтоң иш эмес. Ушул жагдайдан алганда, чынын айтыш керек, маселен, «Кассандранын тамгасы» романын биз, кыргыздар, али жеткиликтүү түшүнө элекпиз, деп айткан кыргыз эл жазуучусу К. Асаналиев. Башкача айтканда, Ч. Айтматов ар бир жаңы чыгармасында жаңы, оригиналдуу табылгаларды таап чыгат. Роман өтө психологиялуу жана публицистикалуу. Жазуучунун акыркы жылдарда жаратып жүргөн чыгармаларында негизинен трагедия басымдуулук кылып жүрөт. Трагедия жөнүндө, жазуучунун мен жашоону жалпысынан трагедия катары кабылдайм. Бирок, жашоону даңазалаган финалы бар трагедия болушу керек деген кеби бар. Бул чыгармада да, психологизм менен драматизм чегине жеткирилип, ийине жеткире ийленип иштелип чыккан. Өз кезегинде Айтматов «Сырдаштарыма сөз», «Мугалим – жаңылыктын энеси», «Силер күнөөлүсүңөр, жердештерим», «Алтын дарбаза» жана башка макалаларында ошол мезгилдер үчүн проблемалуу болгон өтө актуалдуу маселелерди көтөрүп чыккандыгы менен белгилүү болсо, азыркы мезгилдин талабына ылайык келгени «Кассандра тамгасы» романы

болду. Бирок бул романды жабалактап, колдон колго өткөрүп окуган эч ким болбоду, окурмандар тарабынан аябай суз кабыл алынды. Негизинен бул роман жарык көргөн учурда ( кайра куруу мезгили ) бул эле чыгарма эмес, бүт адабияттагы көркөм табылгалар, эң сонун жаралган чыгармалар деле, ушундай кыйын кезеңге туш келген. Бул көрүнүш жөнүндө «азыркы мезгилде окурмандар көркөм адабиятка кызыкпай калышты, ойдон чыгарылган бирдемелерди окуп, эптеп убакыт коротуунун үстүндө», деп немец профессору Дорин Фаулер да кейүү менен белгилеп кеткени бар. Анткени батыш адабият изилдөөчүлөрү акыркы он жыл аралыгында китеп окурмандарынын саны дүйнө жүзүндө 27 пайызга азайып кеткендигин, муну адабияттагы сюжеттик линиялардын «дефицитинен» көрүшкөндүгүн жазышкан. Ошондой эле дүйнөлүк өсүштүн космикалык ылдамдыгы, маалымат коммуникациясынын адам жашоосуна батыл кириши, интернеттин адам табиятына сүңгүп киргенин айыпташат. Ошого карабай Библия менен Куран эң көп окула турган китепке айланган, анын бир себеби катары азыркы адамдын рухий жактан жардылануусу чектен чыгып, жаткан ушул мезгилде эң эле керектүү иш болмок. Дүйнөлүк адабияттын тарыхында да улуу жазуучулар Гете, Достоевский, Толстой, Томас Манн, Булгаков өздөрүнүн чыгармачыл бийиктигине жеткенде динге, «Кудай издөөгө» кайрылышкан...

Ч. Айтматов да акыркы чыгармаларында динге, Кудай издөөгө көбүрөөк кайрылгандыгына күбөбүз. «Дин деген өзү улуу. Анын улуулугун жалпы адамзат өнүгүшүнүн бүткүл призмасы көрсөттү. Дүйнөдө эчен мамлекеттер талкаланып күлгө айланды, эчен цивилизациялар жер менен жексен болду, замандар, доорлор алмашты, а дин адам көкүрөгүнөн өчүрүлгөн жок, деген жазуучу. Бул диндин улуу касиети. Ааламдын, адамдын сырын, өзүбүздүн жан-дүйнөбүздү аруулантуунун ыйык күчүн да динден издейбиз. Андыктан мен өзүм чамам келгиче ойлономун, дин деген эмне. . . Динге канчалык берилиш керек... Динге канчалык ишениш керек деп, «Кассандрандранын эн тамгасы» романымда ушул соболдорго жазуучу, адам катары жооп издегенмин... Азыр адабият, белгилүү гана жобо менен өнүкпөстөн, сюжет менен жүрбөстөн,

адамдын акылына, сезимине, туюмуна, рухуна асылдык себүүнүн башка бир жолун тандап алды. Азыр ойчул, ойлоого түрткөн адабият пайда болду... Жазуучу баягы тааныш сюжеттерден татаал ойлоого өттү. Ошону менен бирге ал окурман дүйнөсүн агартууга, асылдандырууга, жаңы-жаңы дүйнөнүн түгөнбөгөн мүмкүнчүлүгүн ачууга ык салууда. Бул роман ошондой аракетимдин бир мисалы. Куран да, Библия да адам жан дүйнөсүн аруулантууну, туура жолду көрсөтүүнү көздөйт, бул жагынан чыныгы адабият Ыйык сөздүн үндөшү катары милдет аркалап келет...»

Ошентип, бул чыгарма Кыргызстанда футурология илимин негиздөөчү чыгармалардын алгачкысы болуп эсептелет. Илимпоздор изилдеп жаткан космостогу нурлар азырынча гана белгисиз. Ал эми аны «зондаж нурлар» деп атоо, эненин ичиндеги түйүлдүктүн коом үчүн «пайдалуу» же «пайдасыз» экенин айтып берүү да азырынча гипотеза, метафора.

Аталган романдын ичинде жалпы адамга тиешелүү, биздин заманга, коомго тиешелүү, ар бирибиздин керт башыбызга тиешелүү канча ой, канча санаа, канча тилек, канча көз караш жана ошол көз караштардын кагылыштары сүрөттөлгөн. Мисалы, ушул эле жашоо менен өлүмдүн философиясын алалы. Абдан курч, тайманбастан берилген. Чын эле жашоонун түпкү мааниси эмнеде? Шум өлүм бир күнү бир секунддун арасында өмүр сүрүүнүн аракеттерин жок кылып салабы? Адамдын өлбөс духу эмнеде? Бул ойлорду, менимче, ар бир адам баласы ойлор дейм. Демек, бул сыяктуу маселе адабиятта орун алууга акылуу, жазуучу ага жооп берүүгө милдеттүү.

Ошентип, мурдагы чыгармаларындай эле, «Кассандра тамгасы» романы да катуу талаш-тартышты туудуруп, адабий чөйрөдө түрдүү резонансты жаратты. Ошондой эле сюжеттик линиясы өзгөчө татаалдыкты жаратып, окурмандардын оюн онго бөлдү. Мына ушундай абалды жараткан жагдай-шарттын чыгыш себебин иликтөө максатында романдагы көтөрүлгөн проблема, маселелерди чечмелөөгө аракеттер көрүлдү.

Ч. Айтматов бул романда эң татаал проблеманы-адамзаттын көр сокурдукка берилгендигин, сокурдуктун азабынан өзүн-өзү жок кылуу коркунучу алдында тургандыгын, жалпы адамзат өзүнө-өзү катастрофа чакырып жаткандыгын көрсөтүүнү максат кылган жана Филофей, Руна Лопатина, Р. Борктун образдары аркылуу чебер ачып бере алган. Катастрофа болгондо да адамзаттын ичиндеги өзүн-өзү жеп жаткандыгын көрсөткөн.

Р. Рахманалиев айткандай: роман эскертүү, роман эксперимент, роман болжолдоочу, болуу менен бирге адамдардын жан дүйнөсүнүн талкаланып, кыйрап баратканын эскерткен философиялык чыгарма.

Мына ушундай апокалипсистик мотивди чагылдырган «Кассандра тамгасы» романы адамзатты ойлонууга түртөт. Автор өзүн кыйнаган, өзүн түйшөлткөн ойлорду футуролог Роберт Борктун келечек тууралуу ойлонуусу, Филофейдин Рим папасына жөнөткөн каты аркылуу гуманист жазуучу катары тынчсыздануу менен билдирген.

Жазуучунун дал ушундай татаал сюжеттик курулуштагы романына бул диссертациялык иште колдон келишинче конкреттүү анализ жасаганга аракеттер көрүлдү. Чындыгында романдын жолу карама-каршылыктуу процессте болду. Тилекке каршы роман жөнүндө ой-толгоолор али алдыда, дагы эле болсо көп пикирлерди жаратаары бышык.

Автор үстүртөн караганда окурмандардын унутуп, Европалашып кетип, ар кимдин чыгармаларынан «уурдагандай» болуп көрүнгөнү менен нукура түбү улуттук кыртыштан, улуттук тамырдан өсүп чыккан. Кыргыз адамын, кыргыз турмушун, кыргыз чындыгын жалпы адамзаттык өлчөм, жалпы адамзаттык философиянын деңгээли менен сүрөттөө максатын койгон. Романдын өзөгүнө жуурулушкан миф, эсхатологиялык тамыр, драматизм баары улуттук кыртыштан жаралган нерселер. Улуттук кыртыштан чыккан проблемаларды жалпы адамзаттык проблема менен байланыштырып жазат.

Мына ушундай бир четинен сюжеттик түзүлүшү татаал, тематикасы мурдагы чыгармаларынан түп тамырынан айырмаланган, публицистикалык стилде жазылып, философиялык ойлорго толгон, «улуттук кыртышына шек кеткен» чыгарма тууралуу жазуу бир чети сүрдөтсө, бир чети мүшкүлгө салат экен. Ушундай тоскоолдуктарга карабастан, роман тууралуу өзүбүздүн ой пикирди айтууга, изилдөө жүргүзүүгө аракеттенип, адам, аалам, космополитизм, нравалуулук, глобалдуу нравалык, социалдык проблемалар, сюжеттик өзөккө алынган миф тууралуу ой жүгүртүү максатында «Кассандра тамгасы» романынын нравалык маселелери жана улутубуздун глобалдуу проблемаларын изилдөөгө көңүл бурулду.

Жазуучу «Кассандра тамгасында» көтөрүп чыккан проблемаларды, нравалык маселелерди кыргыз элинин философиясы, рухий дүйнөсү, трагедиясы менен өлчөп ченейт. Маселен, каармандардын тагдырлары бир эле улутка тиешелүү эмес. Жалпы адамзаттык тагдырлар. Мурдатан келе жаткан «ак» менен «каранын» күрөшү. Мисалы, Филофей башында адам баласы үчүн кандай, эмне иш жасап жатканын түшүнгөн эмес, качан гана Руна Лопатинанын өлүмүнө себепкер болуп калгандан кийин түшүндү да, өзүнүн ак ниетин, өз чындыгын, кара санатайлыкка ишендире албай өзү курман болду.

Автор койгон азыркы заманыбыздын түрлүү проблемалары, изилдөөнүн жүрүшүндө түрдүү маалыматтар, фактылар менен ачылып берилди. Маселен, мифтин колдонушу, эмне үчүн жазуучу дайыма бүт чыгармаларында мифти колдонот, ал эми бул романында эсхатологиялык мифти колдонушу, анын мааниси, Кассандра мифи, Филофейдин тагдырын ачкан илиминин натыйжасын көрсөтүп берүү үчүн керектигин, тагыраак айтканда, жазуучунун максатын ишке ашырууга жардамдашкандыгы, аталган миф романдын проблемасын чечүүдө чоң роль ойногондугу анализдин натыйжасында чечмеленди. Кыскасы, фантазия менен реалдуулуктун айкалышуусунан куралган бул чыгармада автор планетардык масштабда ой-жүгүртүүгө аракеттенип, учурдагы жана келечектеги адамдар үчүн өтө керектүү

маселелерди күн тартибине курч койгон. Романдын жанрдык өзгөчөлүгү жөнүндө адабиятчы К. Асаналиев мындай дейт: «Бул роман – ой, философия, азыркы заман жөнүндө ой-жүгүртүү. Ошондуктан ал образдын эволюциясын изилдебейт»[1].

Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын ийне-жибине чейин изилдеп келген адабиятчынын, бул корутунду пикиринде чындыктын үлүшү бар экендигин эске алуу менен, эми «роман-ой, философиянын айрым урунтуу ой жүгүртүүлөрү жөнүндө пикир айтуунун зарыл болуп тургандыгын да эскерте кетүүгө туура келет.

Романда өз чындыгын ишендире албай каза болгон адам тагдыры сүрөттөлөт да, космополиттик окуяга чейин өсүп жетет. Изилдөөдө булардын баары чечмеленип, сюжетиндеги реалдуулук менен фантастиканын аралашып жашашы, бул автордун негизги максаты болгондугу, дагы ушулар аркылуу көңүлүндөгү көп нерсени айтып бергендиги ачыкка чыгат да, романдын өзөгүн түзгөн адамзат жана аалам, космополитизм, нравалуулук, гуманисттик ойлор дагы тереңдетилип ачылып берилди.

Роман жарык көргөн учурда кеңири резонанс чакырган адабий окуя катарында мифтин айланасындагы талаш-тартыш, чындык катары берилип жаткан фантастикалык реалдуулуктун орун алышы, романдын жанрдык жактан аныктоонун татаалдыгы жана романдын кабыл алынышы, сындалышы диссертациянын ыңгайына жараша иликтенди.

«Кассандра тамгасы» романынын сюжеттик курулушу, жанрдык өзгөчөлүгү, мүнөз түзүү чеберчилиги жана көркөм сүрөттөөсү, көз карашы, тили, стили жагынан буга чейинки чыгармаларынан айырмаланып, абдан эле татаал. Поэтикасы боюнча мурдагы чыгармаларынан айырмаланган бул романда мурда, маселен, каармандардын образы «адам жанынын диалектикасын «такай изилдөө негизинде көрсөтүлсө, бул романдын каармандары өмүр менен өлүмдүн мизинде сүрөттөлөт. Романдын сюжети

[1] Асаналиев К. Асманда пайда болсо экинчи күн // Кыргыз туусу. – 1995, . – 23-май.

Россиядан башталып, Батыш Европа, Америка Кошмо Штаттарын кошо камтып, Космоско чейин уланат. Романдын баш каарманы окумуштуу А. А. Крыльцов (кийин монах Филофей) өзүн-өзү космосто курмандыкка чалат. Бүт өмүрүн сарптап тапкан,адамдарды таң калтырган ачылышын элге жеткире түшүндүрө албай курман болду. Айтайын деген ою көп маанилүү, романды атайын даярдыгы жок окурмандардын түшүнүүсү кыйын. Мына ошондуктанбы, адабий чөйрөдө эки башка көз карашты жараткан. Роман жарык көрөрү менен сындар катуу айтылып, талкуу кызуу жүрдү. Кээ бири романдын окуясы ишенимдүү сүрөттөлгөн эмес, образдар жакшы иштелген эмес, батышты туурап кеткен, курулай тууроо, улуттук кыртыштан четтеген, бирок батыштын жазуучусу болгонго жетише алган жок дешип, Б. Евсеев, Н. Бондаренколор айтышса, башка адабиятчы-сынчылар В. Коркин, В. Сердюченко, Ч. Жолдошова, Р. Рахманалиев, К. Асаналиев, Л. Үкүбаева, А. Акматалиевдер, тескерисинче «Кассандра тамгасы» адамзаттын алдында глобалдуу проблема коюп, ой-жүгүртүүгө түрткөн, роман-эксперимент, роман-эскертүү деп аташып, Айтматов эсхатологиялык миф аркылуу азыркы жалпы адамзаттык проблеманы чече алгандыгын аргументүү мисалдар менен далилдешкен.

Сындын мынча көп айтылышы, албетте, романдын проблемасынын татаалдыгын кабарлайт жана түшүнүүгө жардамдашат. Иликтөөнүн жүрүшүндө сындарга объективдүү каралып, көтөрүлгөн проблема, нравалык маселелердин коюлушу талданып, ачылганга аракет жасалды. Айтматов романында философиялык-нравалык маселелер, гуманисттик, глобалдуу проблемалар, биосфера чөйрөсү, космополитизм жагынан арбын сөз козгоп, өзүнүн негизги суроосун чечкен. Ал эми романдагы дал ушул проблемалар каралган бул иште бардыгы өз тартиби менен конкреттүү анализге алынды да:

- романдын жанрдык аныктамасы;
- жазуучунун сюжет куруучеберчилиги;
- реалдуулук жана мифологема;

- көркөм сүрөттөө каражаттары;
- стили жана жекече өзгөчөлүгү;
- мүнөз түзүү чеберчилиги;
- нравалуулук;
- философиялык маселелер;
- глобалдуу проблемалар;
- адам табияты жана адам укугу;
- адамзат жана аалам;
- космополитизм маселелери илимий теориялык жактан изилденип жыйынтыгы чыгарылды.

Ошондой эле, романдагы глобалдуу проблемалар жөнүндө сөз козголуп жатканда, космополитизм маселесине атайын кайрылып, теориялык негизде токтолуу да орун алды. Ушул роман тууралуу орус окумуштуусу, медициналык жана экологиялык эң жаңы технология фондусунун президенти В. Папоновдун «Пайгамбарды угуу керек»... («Услышать пророка» 2005 г. 16 декабрь) деген макаласын эске түшүргүм келет. Бул макалада жазуучунун романында алдын ала айтылган пайгамбарлыкты жана медицина илими далилдеген чындыкты адамдар азыр укпаса, анда романда сүрөттөлгөндөй, өздөрүн жээкке ыргыткан океан киттери гана угабы, деген жыйынтыкка келет. Диссертациялык иликтөөнүн натыйжасында Ч. Айтматовдун романды жазуу максаты жана «Кассандра тамгасы» романы аркылуу төмөндөгүдөй проблемаларды окурмандын алдына койгондугун адабиятчы-окумуштуулардын, айтматов таануучулардын илимий негиздерине таянып да, өзүбүздүн оюбузду, көз-карашыбызды айтууда төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик:

1. Ч. Айтматов «Кассандра тамгасы» аркылуу жалпы адамзаттын алдына келечек тууралуу ойлонуусу керектигин эскертүүгө жетишкен.

2. Адамдын тагдыры өнүккөн коомдо эң чоң коркунучка кабылганын, бул ар бир адамдын ичинде болуп жаткандыгын ачыкка чыгарган.

3. Космополит жазуучу катары космополиттик, глобалдуу проблемаларды көтөрүп чыккан.

4. Миф, реалдуулук, фантастиканын аралашмасынан жаралган мыкты сюжеттик курулушту жарата алган.

5. Романында апокалипсистик мотивди чебер колдоно алган.

6. Эсхатологиялык миф аркылуу азыркы замандын проблемасын чечип берүүгө жетишкен.

7. Кыргыз жазуучуларынан биринчи болуп, космополиттик проблемадан козгогон. Койгон маселе, проблемаларын чечмелөөдө футурология илимине, футурологдун образына кайрылган.

8. Жалпы адамзаттын келечегине түйшөлүп, азыртадан келечекке кам көрүү керектигин эске салган роман-эскертүүнү жараткан.

9. Адам тагдырына көз жүгүртүүдө философиялык романды жазууга жетишкен.

10. Адам баласы аң-сезимин өстүрүү керектигин, антпесе массалык түрдө маңкуртка айланып калаарын, Филофейдин тагдыры аркылуу анын илимий иштери тууралуу фантастикалык сюжет менен айтууга жетишкен.

11. Келечек тууралуу космополиттик проблемадан сөз козгогон роман-эксперимент, роман-байкоо жараткан.

12. Жазуучу көркөм-эстетикалык жактан мыкты ачылгадагы романды жаратууга жетишкен.

13. Учкай болсо да, ушул романда «юморго» кайрылганы көңүлдү бурбай койбойт. Себеби автордун чыгармаларында «юмор» өтө аз кездешет.

14. Чыгармада диний идеологиянын кеңири берилиши тууралуу көз караш. Жазуучунун чыгармаларынын образдык системасына карата айтылган пикирлер.

15. «Кассандра тамгасы» романы аркылуу дүйнөнү өзгөртүүчү күчү бар жазуучу катары таанылышы.

Чыгармада «адам», «жаратылыш», «коом» үчилтиги, «үч» цифра символу сыяктуу, комуздун үч кылындай болуп, бир татынакай гармонияда тургандай түшүнүп, кабыл алабыз. Бул үч кылдын бири үзүлсө эле, комуз

күүгө келбейт, үн чыкпайт. Анын сыңарындай «адам», «жаратылыш», «коом» да бири-бирисиз, сынып калган комуздай. Бул «үчөө» бири-бирин толуктап турбаса жашоо ойдогудай болбойт. Аалам сересинде бир мамлекет болуп биз да жашап келебиз. Кыргыз коомун жалаң гана Ала-Тоонун белинен карабай, Ысык-Көлдүн жээгинен эле баалабай, аны таанып-билүүдө бийигирээк «тепкичке» чыгып, дүйнөлүк коомдун алкагында иргесек. Жаратылышыбыздан термелип келе жаткан бешигибизден бөлүнүп чыгып, сырткы жана ички табиятыбызды тээ бийиктиктен карап, Филофей космостон назар таштагандай, жогору жактан көз чаптырсак. Касиеттүү Ала-Тоодон нечен адамдар өсүп чыккан. Алардын рухтары космос менен байланышып, таза, теңдешсиз эмгектерин калтырган. С. Изакеев айтмакчы, эң негиздүүсү Кыргыз элинин тарыхы болгон Манас. Манас – дүйнөлүк рухий океан. Ч. Айтматов ал океанды, булактын мөлтүр кашка, таза бир тамчысындай болуп толуктап турат. Роберт Борк Филофейди «космос пайгамбары» дегендей эле окурмандар да өз кезегинде Чынгыз Айтматовду сөз кереметинин пайгамбары деп атап алышар.

Учурдагы коом жана жеке адам, жаратылыш жана адам, өмүр жана өлүм, жашоо жана сүйүү, эски жана жаңы, жамандык жана жакшылык, адамгерчилик жана нааданчылык сыяктуу маселелерди «Кызыл жоолук жалжалым», «Бото көз булак», «Ак кеме», «Көздөн учкан көк жээк» повестеринде», «Кылым карытаар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы» романдарында чоң философиялык күч менен чечип берген. Мына ушундай шурудай тизилген улуу философиялык чыгармалары аркылуу автор ар башка турмуштук кырдаал менен окурмандарынын аң-сезимин өстүрүү,тарбия берүү, эрктүүлүк, тазалык, сабырдуулук, кайрымдуулук деги койчу адам баласына зарыл болгон бардык асыл сапаттарга үндөгөн, ийгиликтерге түрткөн бийик көркөмдүктөгү айтматовдук искусствону жараткан. Негизинен диссертациялык иштин мазмуну ушундай.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Айтматов Ч. Кассандра тамгасы. – Б., Кыргызстан, 1996.
2. Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою. – Ф., Кыргызстан, 1978.
3. Айтматов Ч. Избранное. – Ф., Кыргызстан, 1983. – 592б.
4. Айтматов Ч. Ч. Айтматов и взаимосвязи литератур. Б., Адабият, 1991.
5. Айтматов Ч. Гүлсарат. – Ф., Кыргызстан, 1978. – 643 б.
6. Айтматов Ч. Статьи, выступления, диалоги и интервью. – М., 1987.
7. Айтматов Ч. Саманчынын жолу. – Ф., 1963. – 320 б.
8. Айтматов Ч. Беш томдук. – Б., Илим, 1999. 1 т. – 427 б., 2 т. – 490 б., 3 т. – 514 б., 4 т. – 450 б., 5 т. – 552 б.
9. Айтматов Ч. Айтматов и мировая литература. Ф., Кыргызстан, 1982. – 284 б.
10. Айтматов Ч. Очерки, статьи и рецензии о творчестве писателя. – Ф., 1975.
11. Айтматов Ч. Тавро Кассандры. – М., 1995. – 432. с
12. Айтматов Ч. Коркин В. Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт. – Ф., 1988.
13. Айтматов Ч. Все касается всех//Вопр. Л-ры. – 1980. – №12.
14. Айтматов Ч. Левченко В. Тутумдашуу түйүнү. Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт. – Ф., 1976.
15. Айтматов Ч. 2 томдук. – Ф., 1982.
16. Айтматов Ч. Необходимые уточнения//Лит. газета. – 1970. – 29 июль.
17. Айтматов Ч. Статьи, выступления, диологи и интервью. – М., 1988.
18. Айтматов Ч. Присоединение//Вопросы литературы. 1978. – №8.
19. Айтматов Чыгыш жана боордош элдер адабияты. Ф., Илим, 1988. – 158 -б.
20. Айтматов Ч. и Аксенов В. Засветились в Москве//Комс. правда. – 1995. – 2-июнь.
21. Айтматов. Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Б., Бийиктик, – 2008. – 599 б.

22. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф., Мектеп, 1987.

23. Акматалиев А. Ч. Айтматов и взаимосвязи литератур. Б., Адабият, 1991.

24. Акматалиев А. Айтматовдун космосу – Адам жана Аалам. – Б., Илим. - 1995. – 83 б.

25. Акматалиев А. Айтматовдук энциклопедия. 1-т. – Б., Илим, 1993.

26. Акматалиев. А. Ч. Айтматов жана кыргыз-казак адабий байланышы. Ф., Илим. - 1981. – 150 б.

27. Акматалиев. А. Угасание желания жить – есть угасание мировой цивилизации // Кут билим. – 1996. -3, 10-ноябя. – №22. – С. 5-10.

28. Акматалиев А. Айтматовдук энциклопедия // –Б., Илим, 1993. – Т. 1. - 1993. – 348 б.

29. Акматалиев. А. Айтматов бар Аалам толук көрүнчү. – Б., 2008. – 48 бет.

30. Акматалиев. А. Адамзаттын Улуу идеясы «Манаста» жана Айтматовдо. – Б., Турар. – 2010. – 252 б.

31. Акматалиев. А. Философия свободного духа(О романе Ч. Айтматова « Тавро Кассандры»)/ – М., – 1996. – С. 80.

32. Акматалиев. А. Ч. Айтматовдун чыгармаларынын көркөм күчү //Ата журт. – 1999. № 2. – 2–3-бб.

33. Артыкбаев. К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Б., 2004. – 599. б.

34. Алымбаева А. А. О новом романе Ч. Айтматова «Тавро Кассандры» // Озмительские чтения – 96: Материалы филолог. конф / КРСУ. – Б., 1997. – С. 59-67.

35. Аннинский Л. Из жизни подкидышей // Дружба народов. – 1995. – № 7. – С. 189–191.

36. Асаналиев К. Ч. Айтматов: кечээ жана бүгүн. – Б., 1995. – 155 б.

37. Асаналиев К. Асманда пайда болсо экинчи күн // Кыргыз Туусу.

38. Арбова К. Ересь живучая // Социальные и гуманитарные науки. – 2000. – № 1-2.

39. Актуальные проблемы социального реализма. – М., Сов. Писатель, 1969.
40. Арбитман. Р. Я крикнул: «Галактике стыдно за вас!» // Кн. обозрение. – 1995. – №16. – С. 25.
41. Arzimek's Animal Life Encyclopedia. 1983. ноябрь. – С. 97.
42. Алдаяров. З Жаратылышты жабыркатпайлы//Кут билим. – 2008. – №24/25. (18-июль). – 23 б.
43. Багишева У. Р. Своеобразие романа Ч. Айтматова «Тавро Кассандры»//Озмительские чтения. 1996: матер. филолог. конф.//КРСУ –Б., 1997. – С. 59-67.
44. Бабатай Дулат. Пробный камень истины // Республика.
45. Бакашова Ж. Ч. Айтматовдун повесттериндеги салыштыруу менен метафора. -Б., 1992. - 130б. ( дисс. ). – Б., 1997. – 92 б.
46. Белов М. Люди и динозавры//Кн. обозрение. – 1995. – №21-23.
47. Богомолов К. Нам предрекая судьбу…Уста отвер-зла Кассандра//Урал. – Екатеринбург, 1995. – №4. – С. 248-253.
48. Бондаренко В. Чингиз, не помнящий родства.//Наш современник. -1995. -№4. –С. 138-146.
49. Бекбоев А. Табият – өмүр башаты // Замандаш. – 2009. – №3. 18-19 б.
50. Винник Л. Тавро Кассандры никого не заклеймило//Аргументы и факты. – 1995. – № 28. – С. 7.
51. Вестник всемирной организации здравохранения. – 1978. – №12. – дек.
52. Гайнутдинова Г. Ф. Архетипические образы в творчество Ч. Айтматова//Актуальные проблемы современности: Междунар. Сб. науч. трудов. – Караганда 2005. – Вып. 2. – С. 198-199.
53. Гайнутдинова Г. Ф. Мифопоэтика романа Ч. Айтматова «Тавро Кассандры»: Архетипические образы природных спехи//Актуальные проблемы современности. – 2008. – № 4. – С. 35-38.
54. Греческая мифология. – М., 1989.
55. Гиленсон. Б. А. Э. Хемунгуэй. – М., 1991.

56. Гумилев. Л. Н. Этногенезис и биосфера земли. – М., 2001.
57. Глобальные проблемы мира. Энциклопедия. М., 1976. – Т. 6.
58. Гачев Г. Ч. Айтматов и мировая литература. Фрунзе. 1982. с 248
59. Гачев. Г. Задумавшийся скиф и космический монах//Свобод. мысль. – М., 1995. – №8. – С. 95-99.
60. Гуманизм и современная литература. – М., 1963.
61. «Гардиан»//Лондон газетасы. – 1977. – №6. – Дек.
62. Гири Дик.//Hitler and Nazism. 1961. с. 342
63. Достоевский Н. Записные книжки и тетради. 1860–1881.//Лит. Наследство. Т. 86, М., Худ. лит-ра). 1973.
64. Дуру Сезера, Дуру Орхан. Биздин дүйнө дайынсыз болуп кетеби. – Турция, 1975.
65. Дүйшөнбаев П.Ч. Айтматовдун экологиялык этикасы. –Б., 2005. –335 б.
66. Dayly news (Дейли ньюс). Нью-Йорк газетасы. – 1969. – Февр.
67. Дайсаку Икеда. Весть из страны восходящего солнца //Слово Кыргызстана. – 1995. – 21–22 декабрь. – С. 4.
68. Евсеев Б. Мертвая сова на Мавзолее: Замысел и вымысел в романе «Тавро кассандры»//Лит. газ. – 1995. – №1-2. – 11 янв. – С. 5.
69. Encyclopedia of Religion and Ethics.
70. «Жорнал да Тарди»//Бразилия газетасы. – 1972. – Янв.
71. Journal of Vascular Surgery. – 1979. – Февр.
72. Жоокаева А. «Кассандры тамгасы» чакырган каршы-терши ойлор// Аалам. – 1998. – 16–22- дек. -№48. – 5 б.
73. Золотов. А. Реализм вечности//Свобод. Мысль. – М., 1995. – №8. – С. 93-95.
74. Ибраимов К. Миф и миропоминание в гуманистической философии Ч. Айтматова. – Б., Кыргызстан, 1998. – 108 б.
75. Ибраимов Т. «Формула жизни»//Республика. – 1999. – 25 май.
76. Изакеев С. «Кассандра тамгасы» жаны кылымдын чыгармасы//Республика. – 1996. – 15-21 дек.

77. Иманова А. К. Сюжетное пространство романа Ч. Айтматова «Тавро Кассандры»//Валихановские чтения – 4: Мат-лы Респ. науч.-практ. конф. Т. 2. – Казахстан, 1998. – С. 182-189.
78. Иманкулов Ж. «Айтматовдун айланасындагы айың кептер жөнүндө»//Эркин Тоо. – 2002. – 15-май.
79. «Иомиури». Япон газетасы. – 1987. – С. 352.
80. Изакеев С. Космос Айтматов үчүн таза рухтун мекени//Адабий гезит. – 2003. – 5(79) янв.-февр.
81. Кацев А. С. Возвращение Ч. Айтматова: Беглые заметки о новом романе писателя//Слово Кыргызстана. – 1994. – 1 нояб.
82. Кун. Н. А. Легенды и мифы древней Греции. Ф., Мектеп, 1984.
83. Крупская. Н. К. О Ленине. – М., 1960.
84. Коваленко Ю. Чингиз Айтматов запускает на орбиту монаха Филофея // Известия. – 1994. – 30 нояб. – С. 7.
85. Коркин В. Догма и ересь//Лит. газета. – 1995. – 25-янв. – №. 4. –С. 5.
86. Кемелбаева А. Глас вопиющего в пустыне: Мифопоэтика в романе «Тавро кассандры» Ч. Айтматова//Абай (Казахстан). – 1998. – №4. – с. 10.
87. Кемзер А. «В соответствии с законом». 1995. 3 февр.
88. Крапивенский С. Э. Социальная философия. Волгоград. 1996.
89. КТР-ОБО №19. 9 май 1997. Асан Жакшылыков менен болгон дил маек.
90. Кедрина З. С. Главное – человек. Некоторые черты современного реализма. – М., Сов. Писатель, 1972.
91. «Комсомольская правда» 2001. 26 янв.
92. Кессиди. Ф. К. От мифа к логосу. – М., 1972.
93. Левченко В. Ч. Айтматов (проблемы поэтики, жанра, стиля). – М. -СПб. 1983. – 231 с.
94. Ленин. В. И. Полн. собр. соч. – М., 1979.
95. Ленин. В. И. О литературе и искусстве. – М., 1986.
96. Литературная газета. 1988, 18 март.
97. Литературная газета. 1986, 17 декабрь.

98. Литературный Кыргызстан. 10, 1993, сентябрь-октябрь.

99. Ленин как читатель. – М.,  1977.

100. Луначарский А. В. Социалистический реализм. О социалистическом реализме. Собр. соч. Т. 8.

101. «Ланцет». Британиялык медицина журналы. – 1983. – №7.

102. Ламидзе Г. И. Чувство великой общности. – М.,  Сов. писатель, 1969.

103. Лосев А. Ф. Страсть к диалектике. – М.,  Сов. писатель, 1990.

104. Лосев А. Ф. Античный космос и современная наука. – М.,  1992.

105. Лифшиц М. Мифология древняя и современная. М., 1980,С 48.

106. Маркс К. Энгельс. Ф. Сочинения. Т. 12.

107. Малахов Г. Оздоровительные советы для женщин. – М.,  2002.

108. Мамытбекова Ч. З. Художственное своеобразие романа «Тавро Кассандры» Ч. Айтматова//Түрк элдеринин тили жана адабияты. –Б.,  2006. 3-чыг. – С. 259-263.

109. Мамытбекова Ч. З. О жанре романа «Тавро Кассандры» Ч. Айтматова //Чынгыз Айтматов жана рухий маданият – Ч. Айтматов и духовная культура – Б.,  1999. – Ч. II. – С. 98–108.

110. Мамытбекова Ч. З. Роль фантастики в романе «Тавро Кассандры» Ч. Айтматова//Озмительские чтения – 99: Мат-лы филолог. конф. – Б.,  КРСУ, 1999. – С. 173–178.

111. Марков Д. Ф. Проблемы теории социалистического реализма. – М., 1975.

112. Мукасова А. Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романындагы айрым философиялык ойлор//Гуманитарные проблемы современности. Научн. труды молодых ученых. НАН КР Институт филос. и права. – Б., 2003. – Вып. 4. 46-50 б.

113. Мукасова А. Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романындагы реалисттик идеялардын фантастика аркылуу чагылдырылышы // Ч. Айтматов жана кыргыз руху. – Б.,  2004. – 75 б.

114. Муратов А. Баңгилик үчүн бейишпи?//Замандаш. – 2009. – №2. – 10-11-б.

114. Мирошенко. Е. А. Миротворчество позднего Ч. Айтматова//Вестник Евразийского ун-та. – 1997. – №4. – 57 с.

115. Мелетинский Е. М. Поэтика мифа. – М., 1976.

116. Марченко А. Караванщик совести. Ч. Айтматову–75 лет.//газета РИФ 2003. – 2 май с. 5.

117. Мифология древнего мира. Перевод с англ-го И. М. Дьяконова. – М., 1977, – С. 9.

118. Нравственная философия. М., 1989.

119. Наша газета. «Герои Айтматова на алтаре европейской церкви». «Кассандра» XX века обретает вторую жизнь». – 1997. – 24 окт.

120. «New sciences» // Щвейцария журналы. – 1989. – №7.

121. Немзер. А. С Литературное сегодня. О русс. прозе. 90-е годы. – М.,

122. Новое лит. Обозрение, 1998, – 431с, – о Ч. Айтматове, –С. 15–17.

123. Печчеи А. Человеческие качества. – М., Прогресс, 1980. –54 б.

124. Паркер Э. Семь возрастов женщин. М., Эксо-Пресс, 1999.

125. Проблемы реализма в мировой литературе. Москва. 1959.

126. Папонов. В. Услышать пророка //Слово Кыргызстана. – 2005. – 16 дек. – С. 8.

127. Рахманалиев Р. Философия творчества: Избранные труды. – М., 1999. – 699 с.

128. Рерих Н. К. Семь великих тайн космоса. МРИП «Феникс». 1992.

129. Осмонов А. Жаңы ырлар. – Ф., 1949.

130. Оморкулов. Б. К. К вопросу «человек и вселенная в романе Ч. Айтматова «Тавро Кассандры» // Науч. труд. Ош гос. ун-та. – 1999. – Вып. 2. Обществ. и гум. науки. – 70 с.

131. Современный философский словарь. – М., 1996.

132. Садыков А. Кыргызстанда Айтматовтаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү. – Б., Кант полиграфиялык мекеме,1992.

133. Садыков А. Адабият теориясы. – Б., 2002.
134. Садыков А. Башаттар жана жаңычылдык. – Б., 1993. – 44 б.
135. Садыков А., Жантаев А. Ч. Айтматов реализм дүйнөсүндө. – Б., 2001. – 64 б.
136. Садыков А., Садыкова Н. Ч. Айтматовдун повесттеринин стилдик өзгөчөлүктөрү. – Б., 2002. – 65 б.
137. Сыдыгалиев К. Ой артынан келет ой. Ош, 1999.
138. Садыков А., Тыныстанова Н. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы символдор. – Б., 2002. – 105 б.
139. Садыков А. Бакашова Ж. Ч. Айтматовдун көркөм дүйнөсү. – Ф., 1997. – 175 б.
140. Садыков А., Койчуманова Н. Т. Абдымомунов. Чыгармачылык өнөркана сыры. – Б., 2002.
141. «Sidney morning gerald»//Австралиялык газета. – 1982. – №9.
142. Семенова. С. «Конец света заключен в нас самих»//Свобод. мысль. – М., 1995. – №8. – С. 86-93.
143. Савина. М. С. Особенности стилистики русской речи в романе Ч. Айтматова «Тавро Кассандры» // Культура русской речи в Кыргызстане: Материалы регинальн. науч. -практ. Конф. – 2003г. – 26-27 июня. – Б., 2003. – С. 242–246.
144. Сыздыкбаев Н. А. О нравственной основе романа «Тавро Кассандры» Ч. Айтматова // Междунар. акад. журнал. – Балашов, 2000. – №2. – С. 35–38.
145. Темиралы Кунош. Основы учения Адама, Ноя и Авраама. – Б., 2003. «Торонто Стар»//Канадская газета. 2001. №5.
146. The Sociology of Juvenile Delinguensy. November, 1987.
147. «Тан модерн»//Американский журнал. 1952. 18 март.
148. Турдубаев Ж. Кто он, родственник-современник? Или размышления по поводу // Кут билим. – 1995. – 32-авг. – С. 6-7.

149. Темиров Т. Башты айланткан бангиликтин башатын буусак болбойбу?//Эркин тоо. -2007-№46(29-июнь)-б. 4.
150. Тагаев Б. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы трагедиялуулук. -Б. 2005. – 152 б
151. Файзуллаев С. А. Научная фантазия в романе Чингиза Айтматова «Тавро Кассандры». Социальные и гуманитарные науки. 3-1, 3-4. 2002.
152. Философия свободного духа. – М., 1996.
153. Юрьева С. Н. Апокалиптические мотивы в поэтике романного творчества Ф. Достоевского и Ч. Айтматова // Озмительские чтения – 99: Мат-лы филолог. конф. / КРСУ. – Б., 1999. – С. 91-99.
154. «Futurist»// Америкалык журнал. – 1975. – Авг. - №8.
155. Эрз Уильям // «To Teach the Journey of a teacher» – 1979. – №18.
156. Энциклопедия «World book». 1977. Т. 8.
157. «5000 Days to save the Planet». 1971. Дек. – 674-689 с.
158. Чачко А. «Искусственный разум». М., Молодая гвардия, 1978. – 256 с.
159. Үкүбаева Л. Ч. Айтматов жана фольклор. – Б., 2000. – 144 б.
160. Үкүбаева Л. Канткенде адам уулу –адам болот? // Кыргыз Туусу. – 1991. – 12-дек.
161. Үкүбаева Л. «Кассандра тамгасы» дүйнөгө тароодо // Кыргыз туусу. – 1996. – №104. – 19-нояб. – 10 б.
162. Үкүбаева Л. Ч. Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. – Ф., 1984. – 160 б.
163. Үкүбаева Л. «Ч. Айтматовдун көркөм эстетикалык көз карашы» – Б., 2000. – 108 б.
164. Үкүбаева. Л. Чыңгыз Айтматов: Эстетика жана улуттук негиз. – Б., 2004. – 288 б
165. Эргешбаева Ж. Ааламды уулаган апийим // Эркин Тоо. – 2005. – №8. (7-окт). – 11 б.